Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨЗБЕКСТАН ТАРЫХЫ

**(XIX кылымдын экинчи жарымынан – XX кылымдын акырына чейин)**

10-класс окуучулары үчүн окуу китеби

**Жаңы басылым**

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги тарабынан басууга сунушталган

ТАШКЕНТ
2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**УЎК: 502.1(075.2)**
**КБК: 20.18уа71**
**S 96**

С. Тилабаев, Д. Кенжаев
**Өзбекстан тарыхы :** жалпы орто билим берүүчү мектептеринин 10-класс окуучулары үчүн окуу китеби / С. Тилабаев жана башкалар. — Жаңы басылым. — Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. - 192 б.

УЎК: 502.1(075.2)
КБК 20.18я72

ISBN 978-9943-8458-1-7

**АВТОРЛОР:**

**С. Тилабаев, Д. Кенжаев, Н. Мустофоева, А. Замонов, Д. Рахимжонов, Н. Исматова, С. Пулатова, Ж. Абдуллаев, Б. Ирзаев, К. Сагдуллаев, Н. Кудратова**

*Жооптуу редактору*
**Дилшод Муталибович Кенжаев**

**РЕЦЕНЗЕНТТЕР:**

**А. А. Ерметов** – тарых илимдеринин доктору, профессор;
**Н. А. Мухамедов** – тарых илимдеринин доктору, доцент;
**И. М. Шамсиева** – тарых илимдеринин кандидаты, доцент;
**Н. З. Хакимов** – Республикалык билим берүү борборунун методисти;
**С. Н. Кушбеков** – Низамий атындагы ТМПУ академиялык лицейинин мугалими.

**Республикалык максаттууу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

ISBN 978-9943-8458-1-7

© С. Тилабаев, Д. Кенжаев жана башк., 2022.
© Республикалык билим берүү борбору, 2022.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИРИШҮҮ

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Тарых предметинен мурда алган билимдериңди системалаштыр.

2. Кайсы тарыхый окуялар, жараяндар, адамдар эмнеси менен эсиңде калган? Пикириңди мисалдар менен негизде.

3. Кайсы окуяларды сыймык менен, ал эми кайсыларын тескерисинче эстейсиң?

## БҮГҮН САБАКТА

Колониалдык жана советтер доору тарыхынын татаалдыгы, аны үйрөнүүнүн өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү. Мекен – ата журт жана мээримдүү жер – эң ыйык баа жеткис байлык.

Колуңдагы «Өзбекстан тарыхы» окуу китеби XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын 90-жылдарына чейин болгон окуяларды өз ичине алат. Бул доор Мекенибиз тарыхынын өтө татаал жана карама-каршылыктуу жылдары саналат.

Бул окуу китеби Мекенибиздин тарыхында жоготууларга жана зыяндарга толгон, ошондой эле, ата-бабаларыбыздын элдин эркиндиги жана көз карандысыздыгы үчүн жүргүзгөн баатырларча күрөштөрү, өзбек элинин куруучулук иштерин жана жан аябаган эмгектерин өз ичине алган доорлор жөнүндө баяндайт.

Тарыхтын сабактары бүгүнкү күндө да бизди сак болууга үндөйт. Түркөйлүк, жаңылыкка умтулбастык, дүйнө коомчулугунан үзүлүп калуунун кесепеттери тарыхый мисалдар аркылуу баяндалган. Ушул мааниде бүгүнкү күндө өлкөбүздө мамлекеттин негизги багыттарынан бири билим берүү тармагын өнүктүрүүдөн турат.

Китепти окуунун жараянында сөзсүз дептер тут. Ага жаңы терминдерди жана тарыхый даталарды жазып бар.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Абдурауф Фитраттын тарых илими жөнүндө билдирген пикириндеги «өнүгүү жана артка кетүү» деген түшүнүктөрүнө мисал келтир.

2. Тарых илиминин тарбиялык мааниси дегенде эмнени түшүнөсүң?

«Тарых улуттар өтмүшүнүн, өнүгүшүнүн жана артка кетүүсүнүн себептерин үйрөнүүчү илим эсептелет».

Абдурауф Фитрат



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ




1712-жылы Томас Ньюкомен буу машинасын ойлоп тапты.




1860-жылы француз окумуштуусу Луи Пастер тарабынан пастеризация усулу ачылды.

1869-жылы орус химиги Дмитрий Менделеев химиялык элементтер мезгилдик жадыбалын түздү.





1879-жылы ойлоп табуучу Томас Эдисон (1847–1931) биз азыр да иштетип жаткан лампочканы ойлоп тапты. Анын ишине Свандын тажрыйбалары негиз болуп, Томас аны дагы да өркүндөттү.



Карл фон Линде 1900-жылы ойлоп тапкан Линде муздаткычы

1. XVIII–XIX кылымда Европада улуу ачылыштар жасалды. Бул ачылыштардын жасалышын адамзат канча убакыт күттү? Илим-билимдин кайсы тармактары өнүктү?
2. Дүйнөлүк илим-билимдин өнүгүшүнө таасир көрсөткөн ойлоп табуулардын авторлору ким? Алар кайсы мамлекеттерге таандык? Алардын ошол доордогу өнүгүшү кандай деңгээлде эле?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Сүрөттөрдү салыштыр.

1-сүрөттө XIX кылымдагы Париж көрсөтүлгөн. Ал X кылымда негизделген.

2-сүрөттө XIX кылымдагы Ташкент шаарынын Шайхантахур району көрсөтүлгөн. Ташкенттин түзүлгөнүнө 2000 жылдан ашкан.

Эки сүрөт тең XIX кылымда тартылган. Сүрөттөрдин негизинде эки шаардын тең өнүгүшү боюнча пикир билдир. Мында кандай билимдер негиз болгонун белгиле.

2. Төмөнкү берилген булакты кунт коюп оку жана жогорудагы суроолорго берген жоопторуң менен байланыштыр.

«...Жаштыктан илимди кунт менен үйрөнүү керектигин айтып, «Жаштыкта алынган билим ташка чегилген из», «Аң-сезим жок жерде эрдик болбойт», «Бул дүйнөдө эч нерсе ден соолукка жетпейт» өңдүү ураандарды көп угар элек. Улуттук тарых сабактарынан биринде ушундай деп айтышкан: «Адамдар өзүнүн жашоосун андуу түрдө түшүнүп турушу үчүн дүйнө илимдеринин ичинде башкаларына караганда тарых илиминин артыкчылыгы көп. Ошондуктан ар бир доордун акылман окумуштуулары тарабынан бул жөнүндө бек (көп) китептер жазылмыш экендир. Тарых деген, окуучулардын көз алдыларына коюлган бир күзгү сыяктуу болуп, ал эми ага караган адамдар бети-башына отурган жаман нерселерди көргөндөн кийин, сөзсүз, андан өзүлөрүн тазалашат.

Ушуга окшош, өтмүштөгү ата-бабалардын күзгүлөрүн кийинки урпактары колдоруна алып карашса, өздөрүнүн ким экендигин, эми ким болушканын ушул күзгүдө ачык көрүшөт. Боорукер Ата Мекендерин баскынчы буттардын астында тепселип, онтолоп жатканын көрүшсө, мунун себептерин үйрөнүүгө киришет. Аңсыз өлүм уйкусунда жаткан бир улутту ойготуу үчүн өтмүштөгү ата-бабаларынын даңктуу тарыхын билгенден башка нерсе жоктур. Бул илимден күтүлгөн негизги максаттар бир мамлекет куралгандан кийин, ал кайсы иштер менен өнүгүп өсүшүдүр, же артка кетип зыян көрүшү эмне себептен болушудур. Анткени, дүйнөдө өткөн, же өтүп жаткан жакшы-жаман иштер пайда болушунун, албетте, себептери бардыр. Өмүр ааламында эч нерсе себепсиз пайда болушу мүмкүн эместир...»

Алихантөрө Сагуний, «Түркстандын кайгысы»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН БАСКЫНЫ АЛДЫНДА БУХАРА АМИРЛИГИНДЕГИ, КОКОН ЖАНА ХИВА ХАНДЫКТАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАГДАЙ

## БҮГҮН САБАКТА

- XIX кылымдын ортолорунда Орто Азия хандыктарынын саясий, экономикалык абалы.
- Хандыктарда мамлекеттик башкаруу.
- Орто Азияда Россия-Англия эрегишүүсү

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. XIX кылымга келип Орто Азиянын аймактары Россия империясы үчүн кандай мааниге ээ болгон?
2. XIX кылымдын ортолорунда дүйнөдөгү жетекчи мамлекеттердин экономикалык-социалдык, аскердик-саясий абалы кандай деңгээлде болгон?
3. Орто Азиядагы Россия–Англия эрегишүүсүндө Россия империясы мүмкүнчүлүктөрүнүн жогорулугу эмнелерде көрүндү?
4. XIX кылымда Орто Азиядагы медреселерде кандай илимдер окутулган?
5. Мамлекеттин өнүгүшүндө илим-билимдин орду кандай мааниге ээ? Пикириңди негизде.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

**Бухара амирлигинин** чек аралары түштүктө Амударыянын сол жээгинен башталып, түндүктө Сырдарыяга чейин, чыгышта Памир тоолорунан батышта Хива хандыгынын жерлерине чейин созулган. Мамлекеттин аймагы XIX кылымдын ортолорунда Иран, Ооганстан, Кокон жана Хива хандыктарынын, казак жүздөрүнүн жерлери менен чектеш болгон.

Амирликтин борбордук бөлүгү Бухара жана Самарканд шаарлары жайлашкан Зарафшан өрөөнү эсептелген. Ошону менен бирге аймактык жактан бектик жана түмөндөргө бөлүнүп, аларды амир тарабынан дайындалган бектер башкарган. Амирликтин курамында 40 вилаят болгон.

Бухара амирлигинин калкынын саны 2 миллиондун айланасында болгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Бухара амирлигинин аймагын азыркы картадан аныкта.
2. Бухаранын аты менен байланышкан 5 тарыхый факт келтир.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

**Хива хандыгы** XIX кылымдын экинчи жарымында түштүктө Иран, чыгышта Бухара амирлиги, батышта Каспий деңизи, түндүктө казак жүздөрүнүн жерлери менен чектешкен.

Хандыктын административдик борбору болуп Хива шаары эсептелген. Хива хандыгында Хива, Кат, Жаңы Үргөнч, Хазарасп, Коңурат, Хожайли өңдүү бектиктердин борборлору болгон. Хива хандыгы 18 бектик, 2 наибдикке бөлүнгөн жана аларды хан тарабынан дайындалган бектер жана төрөлөр башкарган.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Берилген маалыматтан пайдаланып, Хива жана Кокон хандыктарынын болжолдуу картасын чий.
2. Хива жана Кокон хандыктарынын аймагын азыркы картадан аныкта.

XIX кылымдын экинчи жарымында Хива хандыгында калктын саны 800 миң адамдан көп болуп, негизинен, өзбектерден турган.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

**Кокон хандыгы.** XVIII кылымдын баштарында, негизинен, Фергана өрөөнү жана Сырдарыянын төмөнкү бөлүгүнө чейин болгон аймактар Бухара амирлигинен ажырап, өз алдынча мамлекет – Кокон хандыгы түзүлөт. Хандык чыгышта Чыгыш Түркстан, батышта Бухара амирлиги жана Хива хандыгы, түндүктө казак жүздөрүнүн жерлери менен чектеш болгон. Хандыктын түштүк чек аралары Кара тегин, Көлаб, Дарбаз, Шогнан сыяктуу тоолуу өлкөлөрдү өз ичине алып, бул аймактар үчүн Бухара амирлиги менен бат-бат кагылышуулар болуп турган. Хандыктын аймагы Бухара амирлиги менен Хива хандыктарынан айырмаланып, суулуу дарыялар, салкын өрөөндөр, түшүмдүү жерлерге бай болгон.

Кокон хандыгында калктын саны 3 миллионго жакын болгон.

Кокон хандыгы 15 бектикке бөлүнүп, аларды, негизинен, хан тарабынан дайындалган өзүнүн туугандары жана жакындары башкарган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

XIX кылымдын ортолоруна келип Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыктары калкынын этникалык курамы бири-бирине жакын болуп, аларда, негизинен, өзбектер жашаган. Ошону менен бирге үч хандыктын аймактарында тең тажиктер, казактар, каракалпактар, түркмөндөр, кыргыздар менен бирге уйгурлар, еврейлер, индилер жана башка элеттердин өкүлдөрү да жашаган.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Чекиттердин ордун толтур

1. Үч хандыктын аймагы бүгүнкү күндөгү Өзбекстандан тышкары, ..., ..., ... жана .... жерлеринин бир бөлүгүн да өз ичине алган.

*Бухара амирлиги:* ... бектик – ... млн калк.

*Хива хандыгы:* ... бектик, ... наибдик – ... миң калк.

*Кокон хандыгы:* ... бектик – ... млн калк.

Картадан XIX кылымдын ортолорунда Бухара амирлигинин, Хива жана Кокон хандыктарынын аймактарын чек аралап бер.

2. Туура жоопту тап.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Бухара амирлиги | а | чыгышта Чыгыш Түркстан, батышта Бухара амирлиги жана Хива хандыгы, түндүктө казак хандыктарынын жерлери менен, түштүк чек аралары Кара тегин, Көлаб, Дарбаз, Шогнан сыяктуу тоолуу өлкөлөрдү өз ичине алган. |
| 2 | Хива хандыгы | б | чек аралары түштүктө Амударыянын сол жээгинен башталып, түндүктө Сырдарыяга чейин, чыгышта Памир тоолорунан батышта Хива хандыгынын жерлерине чейин созулган. |
| 3 | Кокон хандыгы | в | Иран, чыгышта Бухара амирлиги, батышта Каспий деңизи, түндүктө казак жүздөрүнүн жерлери, Орто Азия мамлекеттеринин аймагы менен чектеш болгон. |





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Бухара амиринин тактысы

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

*Бухара амирлигинде* жогорку өкүмдар амир эсептелип, анын бийлиги укумдан тукумга мурас түрүндө өткөн. Амирликти маңгыттар династиясына таандык чектелбеген бийликке ээ болгон өкүмдарлар башкарган.

Бухара шаары амирликтин административдик борбору эле. Амирликте аткаруу бийлиги башкы вазир – ***кошбеги***нин колунда болгон. Вилаят менен түмөндөрдүн ***акимдери*** кошбегинин сунушу менен дайындалган. Каржы жана казна иштери, салык чогултуу өңдүү тармактарды ***деванбеги*** башкарган.

Деванбегиге тышкы мамилелерди жүргүзүү да жүктөтүлгөн. Ага амирликтин документтерин жүргүзүүгө жооптуу ***мырзабашы*** баш ийген. Амирликте салыктарды өз маалында чогултууга жоопкер киши ***мушриф*** эсептелген.

***Дадхах*** мансабын ээлеп турган адам элдин даттануулары менен алектенген. Жогорку өкүмдардын буйруктарын ***парваначы*** жарыялаган. Шариаттын эрежелерин жана мыйзамдардын аткарылышын, сот иштерин көзөмөлдөөнү ***шайхулислам*** аткарган. Амир сарайы эсептелген аркта тактын мураскорунун тарбиясы менен ***аталык*** алектенген. ***Топчубашы*** амир кошуундарынын башкы кол башчысы болгон. Амирликтин шаарларында тынчтыкты жана тартипти сактоого амир сакчыларынын башчысы – ***миршаббашы*** жооптуу эсептелген. ***Көкалдаш*** мамлекеттин коопсуздугу, амирдин жакындары, достору жана душмандары тууралуу маалымат чогултуу менен алектенген.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Бухара амирлигинде аткаруу бийлиги эмне менен алектенген? Амирликте аткаруу бийлиги кимдин колунда болгон?
2. Дадхах мансабын ээлеп турган адам кандай иштер менен алектенген?
3. Дин-укук маселелери менен алектенген адамдын мансабы кандай аталган?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Хива хандыгы коңураттар династиясы тарабынан башкарылып, анын жогорку өкүмдары хан эсептелген. Хандын сарайы Хива шаарында жайлашкан. Бул шаарда ички – Ичан калаа жана коргоо дубалы менен курчалган тышкы – Дишан калаа болгон.

Хандыкта жогорку мансаптуу ***деванбеги*** эсептелип, анын кол астында ***кошбеги, мехтар, аталык***тан турган кеңеш иш алып барган.

Калктын тынчтыгы жана бейпилдиги менен ***миршаббашы***, хандыктагы тартип-эреже иштерине хан кошуундарынын башкы кол башчысы – ***жасоолбашы***, диний иштер жана шариат эрежелерине баш ийилиши жана аткарылышы маселелерине ***шайхулислам***, сугаруу курулмалары жана суу менен камсыздоо, аны бөлүштүрүүгө ***мираббашы*** жооптуу эсептелген. Аскердик бөлүнмөлөргө ***аскербашчылар*** жетекчилик кылган. Аскердик кызматта болгондор салыктардан бошотулган.



Хива ханынын тактысы

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Хива хандыгы кайсы династия тарабынан башкарылган?
2. Хандыктын мамлекет башкаруусунда кандай кызматтар болгон?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Кокон ханынын тактысы

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Кокон хандыгы миңдер династиясы тарабынан башкарылган жана анын административдик борбору Кокон шаары болгон. Кокон ханынын бийлиги мурас эсептелген.

Эң жогорку аскердик мансап ***амирлашкар*** болуп, ал аскердик ***вазир*** эсептелген. Хандыктагы өз алдынча аскердик бөлүнмөлөргө ***миңбашылар*** жетекчилик кылган. Алар башкы вазирдин милдетин да аткарышкан.

Казна иштерин жана сарптарды ***мехтар*** көзөмөлдөп турган. ***Казыкалан***, казылар ислам дини эрежелеринин негизинде сот иштерин жүргүзүшкөн. ***Мухтасиб*** раистер диний иштердин, шариаттын эрежелерине баш ийилишин, соода-сатыктын туура жүргүзүлүшүн көзөмөлдөп турушкан. Хандыктагы ички тартип-эреже иштери менен ***миршабдар*** алектенген.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Бухара амирлигинде соттун башчысы казыкалан, раискалан эсептелген, бул мансап Кокон жана Хива хандыктарында кандай аталган?
2. Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыгындагы мамлекеттик мансаптарды айт.
3. Хандыктарда сот иштери кимдердин колунда болгон?
4. Төмөнкү жадыбалды толтур.


| № | Мамлекеттин аты | Аймагы | Калкы | Башкаруу | Мансаптар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыктарында жерге ээлик кылуунун формалары дээрлик бирдей эле. XIX кылымда калктын көпчүлүгү чоң жер ээлөөчүлөргө таандык эгин талааларында эмгектенишкен. Алар ижарага алган жерлери үчүн түшүмдүн бир бөлүгүн хираж иретинде төлөшкөн.

Салык жана төлөмдөрдү продукт же акча түрүндө төлөшкөн. Мындан тышкары сугаруу курулмалары, жолдор, көпүрө куруу жана аларды ремонттоо өндүү иштер да болгон

Бул доордо калктан хираж, закат, суу, тегирмен, туз, мүлк, тамарка, бак салыгы жана башка салыктар чогултулган. Хива хандыгында негизги салык ***салгут*** деп аталган. Аскердик милдетте ар бир эркек киши тамак-ашы, курал-жарагы менен бирге катышууга тийиш болгон. Ар бир аймакта калк менен башкаруу өкүлдөрү сугаруу жаатында жооптуу саналган. Сугаруу иштери менен ***мирабдар*** алектенген.

Кокон хандыгында калк, негизинен, сугарма дыйканчылык менен алектенген. Өрөөндүн аймагында ири сугаруу курулмалары – Шахрихансай, Андижансай, Маргылансай, Жаңыарык, Улугнар, Карадарыя өндүүлөр болгон. Суунун чыгышы кыйын болгон жерлерге атайын курулмалар – чигирлер жардамында суу чыгарылган.

Амударыя, Сырдарыянын суулары ар түрдүү жасалма сугаруу системалары – каналдар жана анын бойлорунда курулган дамбалар аркылуу эгин талааларына жеткирилген.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Калктын кандай эмгек милдеттенмелери болгон?
2. Салык жана төлөмдөр кандай көрүнүштө болгон?
3. Текстти оку. Орто Азиянын хандыктарын агрардык мамлекет деп айтууга болобу? Эмне үчүн?






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Агрардык** *(латинче – agrarius)* – жерге, талаага тиешелүү – айыл чарба менен алектенген аймакка, калктын айыл чарба продуктуларын жетиштирүү көлөмү жогору болгон жерге карата колдонулат.





## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Эмне үчүн ар бир аймакта сугаруу жаатына башкаруу өкүлдөрү жоопту иретинде дайындалган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БИЛЕСИҢБИ?

Орто Азия мамлекеттеринде көптөгөн кол өнөрчүлүк борборлору болуп, алар жергиликтүү өзгөчөлүктөрү боюнча түрдүү тармактар боюнча адистешкен. Мисалы, Маргыланда атлас токуу, топу тигүү, Риштанда карапачылык, Шахриханда бычакчылык, топу тигүү, жыгаччылык, Чустта да топу тигүү, бычакчылык, Кокондо темирчилик, жыгаччылык, зергердик, Бухарада жана Самаркандда зергердик, Хивада архитектура, ганчкердик өнүккөн.



Бухара амирлигинде бул доордо карапачылык, темирчилик, мискердик, зардөздүк, айнек куюу, чегүү иштери, көркөм саймачылык багыттары да кеңири таралган.

Хандыктарда темир продуктуларына талап күчтүү болгондуктан, металлды иштетүүчү жергиликтүү темирчилик багыты өнүккөн. Орто Азиянын соодагерлери Иран, Кытай, Индия, Ооганстан, Россия мамлекеттери жана казак жүздөрү менен соода-сатык кылган. Чет өлкөдө кол өнөрчүлөрдүн зергердик буюмдары, шайы жана атлас кездемелери, карапачылык буюмдары жогору бааланган.





Бул доордо АКШ-да Түндүк менен Түштүктүн ортосунда башталган жарандар согушу (1861–1865) себептүү Россиянын токуучулук өнөр жайы үчүн пахта чийки затынын жетишпестиги байкалды. Токуучулук өнөр жайы үчүн чийки зат болгон пахтанын тартыштыгы Орто Азиянын жерлери менен ресурстарына талапты дагы да күчөйттү.







Эта книга представлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН


Үч хандыкта тең билим берүү системасы дээрлик бирдей болгон. Медреселерде окуунун мөөнөтү сентябрь айынын экинчи жарымында башталып, март айынын аягына чейин улантылган. Ошентип окуунун сезону 6 айга созулган. Билим алуунун мөөнөтү көп учурларда чектелбеген. Медреселер мударрис, имам, казы, мырза, каржы иштерин жүргүзүүчү, жер-сууну бөлүштүрүүчү сыяктуу адистерди даярдаган. Бул доордо эки тилде – өзбек жана перс тилдеринде билим берилген. Орто Азия элдеринин жалпы тарыхы бекем достуктун негизине курулган.

Тарыхтын кайсы доорунда болбосун, жергиликтүү эл билимге умтулуп жашаган. Салттык билим берүү системасында башталгыч окуу жайлары шаар, кыштак жана аулдарда болгон. Адатта, алар мечит, медресенин алдында же үйлөрдө ачылган. Мектептерде диний билимдер менен бирге география, эсеп, сабаттуулук өңдүү сабактар да өтүлгөн.

Ар бир үйдө ички жана тышкы короолор болуп, короолордо ачылган мектептерде, негизинен, баштапкы сабаттуулук үйрөтүлгөн. Эгерде эркек балдарга сабак берген молдонун аялы да ички короодо кыз-келиндерге сабак берсе, молдо үчүн билим жаатындагы жаңылыктарды аялы аркылуу аларга да жеткирүү мүмкүнчүлүгү болгон.

Ар бир ата-эне перзентин жаштайынан билим алышы үчүн мектепке жиберген. Мугалимдер баштап «Аптиекти», аны аяктагандан кийин «Чар китеп» (Төрт китеп)ти окушкан.

Медресе менен мектептер вакф мүлкүнөн каржыланган. Окуучулар мектепти аяктагандан кийин медресеге кабыл алынган. Алардын жашы 10 дон 40 жашка чейин болгон.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

XIX кылымдын баштарында Ост-Индия компаниясы хандыктардын стратегиялык мааниге ээ жерлерине кызыга баштайт. 1825-жылы Англия чөлкөмдүк байланыштарды жолго коюу үчүн М. Муркрофтту Бухара амирлигине жиберет.

Ал эми 1832-жылы Бухарага А. Бёрнс, 1844-жылы майор И. Вольф, 1843-жылы Хива жана Бухарага капитан Ж. Аббот жиберилген.

Орто Азия мамлекеттерине аскердик багытта жардам берүү жана аларга Россия империясына каршы аскердик уюм түзүү сунушу менен Бухарага келген Англиянын Ост-Индия компаниясынын өкүлдөрү Ч. Стоддарт менен А. Конноли 1842-жылы амир тарабынан өлүм жазасына буюрулат.

Буга жооп иретинде Англия өкмөтү Бухарага каршы Ооганстан менен келишим түзүп, аларды куралдандырат. Натыйжада 1855-жылы өзбектер менен тажиктер жашаган Амударыянын түштүк жээгиндеги аймактар Ооганстан вилаятына айландырылат.



А. Бёрнс



Ж. Аббот



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Ост-Индия компаниясы качан түзүлгөн эле? Компания эмне менен алектенген?
2. Компания эмне үчүн Орто Азияга кызыгуу менен карады?
3. Сүрөттөгү А. Бёрнс жана Ж. Аббот эмне үчүн европалыктардын кийиминде эмес? Жообуңду дүйнө тарыхынан алган билимдериң менен негизде.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БИЛЕСИҢБИ?

Россия империясы тышкы саясатында өзүнүн чек араларын чыгышты карай кеңитүү үчүн баштап Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыктары менен ар тараптуу байланыш орнотууга аракеттенди.

Эл аралык деңгээлде англис товарларынын Орто Азияга кирип келиши, Англиянын бул аймакка карата кызыгышынын жогорулашы Россия империясы өкмөтүнүн баскынчылык кыймылдарын дагы да тездештирди.

XIX кылымдын биринчи жарымында Орто Азия хандыктары бири-бирин колдоп-кубаттабады, тескерисинче, өз ара чырлар аларды алсыздандырды.

Мындай жагдай акыр-аягында хандыктардын басып алынышын оңойлоштурду.

XIX кылымдын ортолоруна келип Англия Орто Азияга кызыга баштады.

Россия империясынын Бухара амирлиги, Кокон жана Хива хандыктарын басып алуу кыймылдарын тездештирилишине себеп болду.

Россия империясын Орто Азия менен байланыштырган соода жолдорун өз колуна толук алууга аракеттенди.

Ташкентке алып келүүчү негизги Оренбург жолунда аскердик чептер курулду. 1847-жылы Сырдарыянын Аралга куйган жеринде Раим чеби курулду.





Ооганстан Россия менен Англиянын ортосунда. Ошол доордун карикатурасы

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыктарындагы башкаруунун жалпы жактарын аныкта.
2. Абдулла Кадырий «Өткөн күндөр» романында «Өтмүшкө кайрылып иш жасаган дурус, дешет. Ошондуктан теманы өтмүштөн, жакынкы өткөн күндөрдөн, тарыхыбыздын өтө кирдүү, кара күндөрү болгон кийинки «хан замандарынан» белгиледим» дегенде эмнелерди көздө туткан? Пикириңди баяндоодо ошол доорго таандык илимий жана көркөм адабияттардан пайдаланышың мүмкүн.
3. Аюу, жолборс жана адамдын сүрөтүн кандай түшүндүргөн боло элең?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ОРТО АЗИЯГА ЖОРТУУЛУ ЖАНА ТҮРКСТАН ГЕНЕРАЛ-ГУБЕРНАТОРЛУГУНУН ТҮЗҮЛҮШҮ

### БҮГҮН САБАКТА

- Кокон хандыгынын түндүк аймактарынын басып алынышы.
- Түркстан генерал-губернаторлугунун жана Түркстан аскердик округунун түзүлүшү.

### ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Дүйнө тарыхынан алган билимдериңе таянып, төмөнкү суроолорго жооп бер:

1. XIX кылымда Россия империясынын аскердик кудурети жана тажрыйбасы кандай болгон?
2. Орто Азия хандыктарынын аскердик күчтөрү менен ошол доордогу Россия империясы армиясынын айырмасын айтып бер.


### МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Россиянын императору Александр II нин 1859-жылы Кокон хандыгын басып алууну улантуу жөнүндөгү көрсөтмөсүнөн кийин аскердик аракеттер күчөйдү. Ал үчүн, эң мурда, хандыктын Ташкент шаары басып алынышы керек эле. Ташкентти басып алууда Акмечит чеби аскердик аракеттердин таянычына айланды. Империя кошуундарынын Акмечит чебин басып алуу боюнча баштапкы аракеттери (1852-жыл) таш капкандан кийин, 1853-жылы аны ээлөө үчүн экинчи жолу чабуул башталат. 3 миңден ашуун орус аскердик кошуунуна 400 адамдан турган чептин коргоочулары 20 күн бою каршылык көрсөттү. Курчоодо калган чептин коргоочулары акыркы мүмкүнчүлүктөрү калганга чейин согушушту. Күчтөр тең эместигинин натыйжасында империя өкмөтүнүн кошуундары тарабынан чеп ээленет. Бул чепке Перовский форту деп наам берилген.

1864-жылы Россия империясынын үч миңден ашуун кошууну эки багытта: бири Перовский



Согуштан кийинки Акмечиттин урандылары жана Акмечиттин кол башчысы Якуб Бек






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

фортунан (Оренбург жактан), ал эми башкасы Верный (Алматы) шаары жактан Ташкентти басып алуу үчүн жолго чыкты. Алар адегенде Талас дарыясынын сол жээгиндеги Олуя-Атаны (азыркы Тараз шаарын) басып алды.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Эмне үчүн эң мурда Ташкент шаарын басып алуу зарыл деп эсептелген? Ташкент кандай стратегиялык мааниге ээ эле?




## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Түркстан жана Чимкент шаарларын коргоого Кокон ханынын амирлашкари Алыкулу (Алымкул) жетекчилик кылды. Күчтөр тең эмес эле. Ошол доордун заманбап куралдары менен куралданган империянын кошуундары Кокон хандыгына таандык Түркстан шаарын басып алды жана 20 километрлүү чеп дубалы менен курчалган Ташкентти басып алууга даярдык көрө баштады.

Бул аскердик аракеттерге М. Черняев кол башчы кылып дайындалды. 1864-жылдын күзүндө Чимкент шаары ээленип, Жаңы-Кокон сызыгынын негизинде колго алынган чептер бириктирилди. Натыйжада Раим чебинен Перовский фортуна чейин Сырдарыя чеп сызыгы, Семипалатинсктен Верный шаарына чейин Сибирь чеп сызыгы пайда болду.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Чекиттердин ордун толтур.

1. Акмечит чебин басып алуу үчүн ... жолу чабуул 1853-жылы башталды. ...ден ашуун адамдан турган кошуунга ... адамдан турган чептин коргоочулары ... күн бою каршылык көрсөттү.
2. Акмечит – ...-жылы, Чимкент, Түркстан – ... -жылы басып алынды.
3. Жаңы ..., ... чеби .... түзүлдү.
4. ... отряды Кокон хандыгына таандык Түркстан шаарын басып алды.
5. ... Түркстан жана Чимкент шаарлары коргоо ... Кокон ханы тарабынан жиберилген.
6. ...-жылдын күзүндө ... чебинен ... фортуна чейин ... чеп сызыгы, ... дан ... шаарына чейин ... чеп сызыгы пайда болду.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Ташкент Орто Азиянын саясий, экономикалык, ири административдик жана соода-сатык борборлорунан бири эсептелген. Ар тараптан шаарга кирүү үчүн курулган дарбазалар сакчылар тарабынан корголгон. Шаарды коргоо үчүн курулган дубалдын артында Кайкавус арыгынын суусу менен толтурула турган кандектер болгон. 1864-жылдын 1-октябрында М. Черняев өзүн империяга жакшы көрсөтүү үчүн тезинен Ташкентти басып алмакчы болду. Бирок шаардын коргоочулары Черняевди Чимкентке чегинүүгө аргасыз кылды.

Ташкент, XIX кылым.
Эски шаардын картасы




## БИЛЕСИҢБИ?

XIX кылымдын экинчи жарымында Ташкент шаарынын 12 дарбазасы болгон. Алар: Лабзак, Тахтапул, Карасарай, Сагбан, Чыгатай, Көкча, Самарканд, Камолон, Бешягач, Коймас, Кокон, Кашгар. Ташкент төрт – Бешягач, Көкча, Себзар жана Шайхантахур массивдерине бөлүнүп, ар бир массив өзүнүн аксакалы тарабынан башкарылган.



1865-жыл апрель айынын акырында М. Черняев башчылыгындагы кошуун Чырчык дарыясынын сол жээгинде жайлашкан Ниязбек чебине келип, аны согушсуз тапшырууну сунуш кылат, бирок чептин коргоочулары терс жоопту берип, коргонууга өтөт. Чепке замбиректерден ок атылып, дубалдары бузуп салынат.

Аягында Ташкенттин дарбазасы деп аталган Ниязбек коргону душмандын колуна өттү. Бул чептин колга алынышы Черняевге Ташкенттин суу камсыздоосун үзүп коюу мүмкүнчүлүгүн берди. Анын буйругу менен Ташкент шаарынын калкын суу менен камсыздаган Чырчык дарыясындагы дамба бузуп ташталат.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ташкент Орто Азияны басып алуу үчүн негизги коридор, кошуундардын келечектеги аракеттери үчүн таяныч чекиттин милдетин аткара алган жай эсептелген.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Ташкент шаарынын дарбазаларынын аттарын айт. Берилген картадан пайдаланып, шаардын дарбазалары кайсы массивдерде жайлашканын көрсөт.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Ташкент шаары суусуз калган болсо да, сарбаздар менен калк шаардын ар бир маасинин көчөсүндө уюштурулган тоскоолдордо катуу каршылык көрсөттү. Негизги салгылашуу Камолон дарбазасынан Хадрадагы борбордук базарга алып барчу көчөдө болуп, империянын кошуундары төрт замбиректин коргоосундагы тоскоолдон өтө алышпады.

Ташкентти коргоодо шаардын коргоочулары менен Кокон хандыгынын кошуундары амирлашкар Алыкулунун башчылыгында каршылык көрсөттү. Алыкулунун каза табышы шаардын коргоочуларын дүрбөлөңгө салып койду.

Ташкентти коргоого Бухара амирлигинен кечигип жетип келген кошуундардын пайдасы тийбеди. Шаар өрттүн ичинде калды. 1865-жылы июнда шаар ээленди.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Чекиттердин ордун толтур:

1. 1864-жыл 1-октябрь – Черняевдин биринчи чабуулу, ... чебинин ээлениши, ...-жылы Ташкент ээленди.
2. 1865-жылы Оренбург генерал-губернаторлугунун курамында ... вилаяты түзүлдү. Ага ... аскердик губернатор кылып дайындалды.
3. 1865-жылы 6-августта »... вилаятын башкаруу жөнүндөгү Убактылуу ...» кабыл алынды.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ташкент шаарынын 12 дарбазасынын ачкычтары



М. Черняев Бешягач, Көкча, Себзар жана Шайхантахур массивдеринин аксакалдарын чакыртты. Келишим жүргүзүүдө Ташкенттин казыкалачы Хакимкожо, Абулкасым эшен, Салихбек дадхах жана шаардын башка абройлуу адамдары катышты. Аксакалдар шаарды «өз каалоосу менен тапшыруу» жөнүндөгү келишимге кол коюуга аргасыз кылынды.

Буга каршы болгон Салихбек дадхах, Абулкасым эшен, Хакимкожолор Сибирге сүргүн кылынган. Аскердик басып алуу жортуулдарынын натыйжасында басып алынган аймактарда Түркстан вилаяты түзүлүп, ага М. Черняев губернатор кылып дайындалды.

Вилаят бөлүмдөрүнүн аскердик негизде уюштурулушунан максат империя өкмөтүнүн келечектеги аскердик пландарынын ишке ашырылышында таяныч административдик аймактын милдетин өтөшү көздө тутулган болчу.



Черняев эл аралык масштабда өзүнүн кыймыл-аракетин актоо максатында «жергиликтүү аксакалдарды Ташкент өз каалоосу менен багынды, ташкенттиктердин өздөрү тынчтыкты сактап калуу максатында Россиянын аскерлерине шаардын дарбазаларын ачып берди», деген мазмундагы катты императордун атына жазууга аргасыз кылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Россия империясына кошуп алынган аймактар



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1865-жылы Түркстан вилаяты түзүлдү. 1867-жылы басып алынган аймактарды өз ичине алган Түркстан генерал-губернаторлугу уюштурулду жана Түркстан аскердик округу түзүлдү.

Ташкент шаары генерал-губернаторлуктун борбору кылып белгиленди. Түркстан генерал-губернаторлугуна Россия императорунун буйругу менен генерал-адъютант Константин Петрович фон Кауфман дайындалды. Ал бир мезгилдин өзүндө Түркстан аскердик округунун кол башчысы да эле.

Баштап Түркстан генерал-губернаторлугу административдик жактан эки вилаят: Сырдарыя (борбору – Ташкент) жана Жетисуу (борбору – Верный) вилаяттарына бөлүнгөн. Сырдарыя вилаятынын аймагына, негизинен, 1865-жылы түзүлгөн Түркстан вилаятына таандык жерлер жана Кокон хандыгынын басып алынган түндүк аймактары кирген.

Ал эми Жетисуу вилаяты Семипалатинск вилаятынын Сергиополь, Копал, Алатавск округунун жерлери менен эски Түркстан вилаятынын бир бөлүгүн камтыган түрдө түзүлдү.

## БИЛЕСИҢБИ?

Оренбург генерал-губернаторлугу Орто Азиядан алыста жайлашкандыгы себептүү башкаруунун кыйындыгы үчүн бул жерде өз алдынча генерал-губернаторлук түзүлүшүн талап кылган.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Ойлоп көрчү, жаңы генерал-губернаторлукту түзүүдөн дагы кандай максаттар көздөлгөн?

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Түркстан вилаяты эмне үчүн аскердик негизде түзүлгөн?
2. Түркстан вилаяты эмне себептен Түркстан генерал-губернаторлугуна айландырылды?
3. Ташкент шаарын коргоо үчүн сен кандай жол туткан болор элең? Эмне үчүн?
4. «Ташкентти коргоо» темасында чакан аңгеме түз. Тарыхый адамдар менен кошо жасалма образдардан да пайдалан.
5. Черняевдин эл аралык деңгээлде өзүнүн кыймыл-аракеттерин актоодон максаты эмне эле? Ал өзүнүн максатына кандай деңгээлде жетишти?



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# БУХАРА АМИРЛИГИ МЕНЕН ХИВА ХАНДЫГЫНЫН РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ВАССАЛЫНА АЙЛАНЫШЫ

## БҮГҮН САБАКТА

- Бухара амирлиги менен империялык Россиянын ортосундагы салгылашуулар. 1868 жана 1873-жылдагы келишимдер.
- Кокон жана Хива хандыгынын империялык Россиянын жортуулдарына каршы аракеттери.
- Гандимиян келишими.
- Фергана вилаятынын түзүлүшү.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Ташкент шаары басып алынгандан кийин Россия империясынын келечектеги аскердик планы кандай болгон?
2. «Бөлүп сал, бийлик жүргүз» дегенде эмнени түшүнөсүң?

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Эмне үчүн Россия империясынын кошуундары Хожентке чабуул жасады? Бухара амирлигинин, Кокондун картасынан Хожент шаары жайлашкан чекитти тап. Аны Кокон, Ташкент, Балх жана Бухара менен туташтырып, пикир билдир.



Орус кошуундары ээлеген Хожент дарбазасы

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Россия империясы Ташкент шаарын басып алгандан кийин бардык аскердик аракеттерди Ташкент шаарынан туруп уюштурду жана башкарды. Колонизаторлор өздөрүнүн негизги эрежеси эсептелген «Бөлүп сал, бийлик жүргүз» принцибине негизденип, хандыктарын биригүүсүнө жол койбоду. 1866-жылы 8-майда Россия империясы менен Бухара амирлигинин кошуундары Эржар кыштагына жакын жерде кагылышты. Күчтөр аскердик жактан тең болбогондуктан, амирдин кошуундары жеңилип калды. Россия империясынын кошуундары Бухара кошуунунун изине түшүүнү токтотуп, Кокон хандыгы менен Бухара амирлигинин ортосунда жайлашкан Хожентти карай жортуулга чыкты. Май айында Хожент чеби курчоого алынды. Курчоо эки күнгө созулду. Баскынчылар коргоочулардын катарын жарып өтүп, шаарды ээлешти.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Түркстандын губернатору Крижановский Бухара амиринин өкүлү менен убактылуу тынчтык келишими боюнча жолугушуп, 10 күндүн ичинде 100 миң рубль төлөө төлөп берүүнү талап кылды.

Белгиленген мөөнөт өткөндөн кийин, Крижановский Бухаранын амири талапты аткарбаганын шылтоолоп, кошуундарына амирликке каршы чабуулду баштоого буйрук берди. Губернатордун кошуундары Ородөбөнү ээледи. Андан кийин Жызакка каршы аракетти баштады. Токтоосуз атышуулар эки кече-күндүз улантылды. Жызак шаары да империя өкмөтүнүн колуна өттү.

Бул салгылашууда эки жактан болуп 6 миңден ашуун адам курман болду. 1864–1866-жылдардын ичинде басып алынган аймактарды өз ичине алган Сырдарыя вилаяты түзүлдү.

1868-жылы Түркстандын генерал-губернатору Кауфман Амир Музаффарди генерал-губернаторлуктун чек араларына бастырып киргүгө даярдык көргөндө күнөөлөп, 4 миңден ашуун кошуундан турган аскердик отряд менен Самаркандга бастырып кирди.

Россия империясынын кошуундары амирликтин сарбаздарын мылтык жана замбиректен тынымсыз окко тутту. Чопоната жана Зиребулак дөңсөөсүндөгү салгылашууларда Бухара амиринин кошууну жеңилип калды.

Кауфман Самарканд бектигин Россияга берүү, «аскердик сарптарды» төлөө жана 1865-жылдан бери Түркстан өлкөсүндө колго алынган бардык нерселерди Россиянын мүлкү, деп таануу шарты менен убактылуу тынчтык түзүүнү сунуштап Амир Музаффарга жазган каты жоопсуз калды.

Россия империясынын жортуулдарына каршы Китабдын беги Жоробек менен Шахрисабздин беги Бабабектин башчылыгында Самаркандда күрөш жүргүзүлдү. Коргоочулар 1868-жылдын 2-июнунда Россия империясы кошуундарынын гарнизону жайлашкан чепке чабуул жасашты. Бирок аларга жардамга кошумча күчтөр жетип келди, ошондон кийин коргоочулар Самаркандда дан чыгып, тоону карай чегинүүгө аргасыз болот.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Россия империясынын Бухара амирлигине каршы согуш башташына эмне шылтоо болду?
2. Жызактын басып алынышын кандай түшүндүрөсүң?
3. Хожент жана Ородөбө шаарларынын баш ийдирилиши жөнүндө эмнелерди билип алдың?
4. Картадан 1864–1866-жылдарда басып алынган аймактарды көрсөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Россия империясынын өкмөтү тарабынан жаңы басып алынган аймактарда Самарканд жана Каттакоргон бөлүмдөрүнөн турган Зарафшан округу түзүлдү.

Зиребулак салгылашуусунан кийин Амир Музаффар жеңилгенин таанып, Кауфмандын Түркстан генерал-губернаторлугунун жаңы чек аралары жөнүндөгү сунушун кабыл алууга аргасыз болду.

Ошону менен Россия империясы баскынчылык жортуулдарынын экинчи баскычы аяктады. Ал тарыхка «Зиребулак келишими» аты менен кирди.

*Кауфман 1868-жылы 23-июнда Самаркандда амир Музаффар менен Бухара амирлигин Россия империясынын протекторатына айландырган келишимге кол койду.*

Бухара менен Россия империясы 1873-жылы амирликке өзүнүн өкүлүн дайындоо укугун берген жаңы келишимге кол койду. П. Лессар Россия империясынын Бухара амирлигиндеги биринчи өкүлү болуп дайындалды. Натыйжада империя өкмөтү Бухара амирин өз таасир чегине киргизип, андан өз кызыкчылыктары жолунда пайдаланды.

Зиребулак келишими боюнча басып алынган Ташкенттен Самаркандга чейин болгон бардык аймак – Хожент, Ородөбө, Панжикент, Жызак, Самарканд, Каттакоргон шаарлары Россия империясынын карамагына өттү.

1869–1870-жылдарда Россия империясынын Тышкы иштер министрлиги Англия менен Ооганстан жана Орто Азиядагы чек араларды белгилөө жөнүндө сүйлөшүүлөр жүргүздү. Натыйжада чек аралар Амударыяны бойлой Панж түмөнүнөн өткөрүлүшүнө келишилди. Бухара амирлиги менен Ирандын ортосундагы чек ара 1881-жылы 10-декабрда Ирандын шахы менен Тегерандагы Россиянын элчиси кол койгон жашырын келишимде белгиленди.

1885–1887-жылдардагы сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында чек араларды белгилөө боюнча англис-орус комиссиясы Россия империясынын Орто Азиядагы Бухара амирлигинин жерлери менен Ооганстандын ортосундагы чек ара сызыгын белгилөөнү аягына чыгарды.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Кауфман эмне үчүн Самаркандга жортуул жасады?
2. Зиребулак салгылашуусунда амирдин кошуундары эмне үчүн жеңилип калды?
3. Самаркандда эл кыймылына кимдер башчылык кылды?
4. 1868-жылдагы келишим боюнча амирликтин кайсы аймактары Россия империясынын карамагына өттү?
5. 1873-жылдагы келишимдин мазмунун айтып бер.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Россия империясынын кийинки кыймылдары Хива хандыгын басып алууга багытталды. Ошол аркылуу ал Амударыянын үстүнөн көзөмөлдү колго алууну максат кылган эле. Ал үчүн Россия империясы беш жыл тыкан даярдык көрдү.

Кауфман башчылык кылган көп сандуу кошуун 1873-жылы февралда өздөрү орношкон жайлары – Ташкент, Оренбург, Маңгышлак жана Красноводск өңдүү төрт аскердик округдан дээрлик бир маалда жолго чыкты. Россия империясынын кошуундары менен Хива хандыгынын кошуундары ортосунда май айында Хазарасп чебинде, Коңурат, Хожайли, Маңгыт шаарларында жана Хива шаарына жакын жерде салгылашуулар болуп өттү.

1873-жылы май айынын ортолоруна келип колонизатордук өкмөттүн негизги кошуундары Хивага жетип келди. Кауфмандын кошуундары Хазарасп дарбазасы аркылуу хандыктын борборун ээледи. Кауфман Хиваны басып алгандан кийин хандын казнасын контрубициянын (төлөөнүн) эсебине конфискациялап, казнадагы материалдык жана руханий байлыктарды Санкт-Петербургга жөнөттү. Кауфман Хиваны ээлегенден кийин 1873-жылы 12-августта Гандимиян кыштагында Хиванын ханы Мухаммад Рахимхан II келишимге кол коюуга аргасыз болду.

Хива хандыгына караштуу Амударыянын оң жээги, ага кошуна жерлердин бардыгы, бул жерлерде жашаган отуруктуу жана мал баккан калкы менен хандын карамагынан чыкты. Келишим боюнча Хива хандыгы 2 миллион 200 миң рубль төлөөнү 20 жыл бою төлөшү белгиленди. Хандыктын казнасында жетиштүү акча болбогондуктан, бул төлөө калктан чогултула турган болду. Гандимиян келишими Хива хандыгынын Россия империясына көз карандылыгын, хандын мамлекет башчысы иретинде башка мамлекетке баш ийишин көрсөткөн документ болду.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН



Бухара амирлиги менен Хива хандыгы Россия империясынын протекторатына айлангандыгы жөнүндө келишимге кол коюлганы менен, чындыганда алар анын вассалына айландырылган эле.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Хива хандыгынын басып алынышындагы алгачкы аракеттер жөнүндө сүйлө.
2. Хивага каршы Кауфман эмне үчүн көпкө даярдык көрдү?
3. Хивага каршы жортуул кандай түзүлдү?
4. Гандимиян келишими Хива хандыгынын абалына кандай таасир көрсөттү?

1717-жылы А. Бекович-Черкасский, ал эми 1839-жылы В. Перовский башчылыгындагы кошуундардын Хива хандыгына чабуулу ийгиликсиз аяктаган.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Россия империясы XIX кылымдын 50–60-жылдарында аскердик баскынчылык жолу менен Кокон хандыгынын аймагынын бир бөлүгүн басып алды. Бул доордо хандыктын жерлери кыйла кыскарып, казнага түшкөн кирешелер азайды. Россиянын соодагерлерине чоң мүмкүнчүлүктөр берилди. Согуштун натыйжасында көрүлгөн зыяндар элдин мойнуна түштү, салык жана милдеттенмелер көбөйдү. Мунун кесепетинде Кокон хандыгында ички чырлар, элдин наараазылыгы күчөйдү. Ички чырларды жоё албаган Кудаярхан Меккеге ажы зыяратына барат жана ал жерден кайтып келе жатканда Ооганстанда кайтыш кылат.

1875-жылы Кудаярхандын ордуна такка Насриддинбек отурду. Кокон хандыгында саясий жагдай кескиндешип, козголоң бүткүл өрөөндү камтыды. Куафмандын кошуундары да өрөөндө аскердик кыймылдарды баштап жиберди. Жаңы хан 1875-жылдын 22-сентябрында Кокон хандыгынын багынганы жөнүндөгү келишимге кол коёт.

Келишим боюнча Кокондун ханы тышкы саясатта эч кандай келишим түзө албастыгы, эки миллион рубль контрубиция төлөшү, Сырдарыянын оң жээгиндеги жерлер – Наманган менен Чуст Россиянын карамагына өткөндүгү белгиленген эле. Бул жерлерде түзүлгөн Наманган бөлүмүнө генерал М. Скобелев башчы болуп дайындалат.

Насриддинбек кол койгон келишимден наараазы болгон калк козголоң көтөрдү. Алардан бирине Молдо Исхак Молдо Асан уулу «Болотхан» аты менен жетекчилик кылды. 1875-жылы октябрь айынын башында Болотханга каршы Скобелев башчылыгындагы аскердик кошуун Андижанга чабуул жасайт. 1876-жылдын февраль айына келип гана аскердик куралдын үстөмдүгү менен хандык басып алынды. Болотхан жана анын жактоочулары өлүмгө тартылды. 1876-жылдын февралында Россия империясы өкмөтүнүн Кокон хандыгы жоюлгандыгы жөнүндөгү буйругу жарыяланды. Ошентип Кокон хандыгынын аймагынын ордунда Түркстан генерал-губернаторлугунун курамына кирген Фергана вилаяты түзүлдү.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Олуя-Ата, Акмечит, Чимкент, Ташкент, Хожент шаарларынын колдон кетиши Кокон хандыгына кандай таасир көрсөттү?
2. Бухара амирлиги менен Хива хандыгынын Россиянын вассалына айланышы Кокон хандыгынын социалдык-экономикалык мамилелерине, тышкы саясатына кандай таасир көрсөттү? Пикириңди негизде.

Болотхандын чыныгы аты Исхак Асан уулу болуп, Кокондун ханы Алымхандын (1801–1810) небереси Болотхандын атынан жасалма хан иретинде 1873–1876-жылдарда козголоңго жетекчилик кылган.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БИЛЕСИҢБИ?

Орто Азиянын Россия империясы тарабынан басып алынышы төрт баскычта жүзөгө ашырылды.

**Биринчи баскыч** – 1847–1865-жылдарда Россия империясы тарабынан Кокон хандыгынын түндүк-батыш вилаяттары жана Ташкент шаары ээленди. Ээленген аймактарда Оренбург генерал-губернаторлугунун курамына кирген Түркстан вилаяты түзүлдү.

**Экинчи баскыч** – 1865–1868-жылдарда Кокон хандыгына жана Бухара амирлигине каршы баскынчылык кыймылдары жүзөгө ашырылды.

**Үчүнчү баскыч** – 1873–1879-жылдар бою Хива хандыгы жерлеринин бир бөлүгү жана Кокон хандыгынын жерлери толук ээлленди.

**Төртүнчү баскыч** – 1880–1885-жылдарда түркмөндөр баш ийдирилди.

**1-баскыч** Кокон хандыгынын түндүк-батышы, Ташкент шаары

**1847–1865**

**1865–1868**

**2-баскыч** Кокон хандыгы жана Бухара амирлиги

**3-баскыч** Хива жана Кокон хандыктары

**1873–1879**

**1880–1885**

**4-баскыч** Түркмөндөр





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Түркстан генерал-губернаторлугунун административдик-аймактык түзүлүшү**

- **Түркстан генерал-губернаторлугу**
  - Вассалдар: Бухара амирлиги, Хива хандыгы
  - **Сырдарыя вилаяты** — *Курамына:* Газали, Перовский, Чимкент, Олуя-Ата, Ташкент кирген.
  - **Жетисуу вилаяты** — *Курамына:* Верный, Жаркент, Копал, Лепсинек, Пржевальск уезддери кирген.
  - **Фергана вилаяты** — *Курамына:* Маргылан, Андижан, Кокон, Наманган, Ош уезддери, Памир кирген.
  - **Самарканд вилаяты** — *Курамына:* Самарканд, Каттакоргон, Жызак жана Хожент уезддери кирген.
  - **Каспий арты вилаяты** — *Курамына:* Ашгабад, Красноводск, Маңгышлак, Мерв жана Тежен уезддери кирген.

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыктарынын жеңилишинин себептерин санап бер.
2. Жылдарга тиешелүү жоопторду тап.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | 1875-жыл 22-сентябрь | а | Хива жана Кокон хандыгынын жерлери басып алынды. |
| 2 | 1864–1885-жылдар | б | Насриддинбек Куафман менен келишиге кол койду. |
| 3 | 1847–1865-жылдар | в | Кокон хандыгы менен Бухара амирлигине каршы баскынчылык кыймылдары жүзөгө ашырылды. |
| 4 | 1873–1879-жылдар | г | Россия империясы тарабынан Кокон хандыгынын түндүк-батыш вилаяттары жана Ташкент шаары басып алынды. |
| 5 | 1865–1868-жылдар | д | Россия империясынын көпкө созулган аскердик даярдыгы натыйжасында баскынчылык согуштары жүргүзүлдү. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТҮРКСТАН ӨЛКӨСҮНДӨ САЯСИЙ-АДМИНИСТРАТИВДИК БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ

## БҮГҮН САБАКТА

- Түркстан өлкөсүнүн административдик-аймактык бөлүнүшү жана башкаруудагы өзгөрүштөр. Башкаруунун баскынчылык тартиптери.
- Баскынчылык башкаруусунун өзгөчөлүктөрү.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Ээленген хандыктардын аймактарын кимдер башкарган?
2. Мындай саясаттан кандай кызыкчылыктар күтүлөт?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Басып алынган аймактарда колониалдык саясатынын толук жүзөгө ашырылышында башкаруу тартиптери маанилүү роль ойнойт.

Аймактарды башкаруу офицерлердин колуна өтөт. Башкаруу системасы *«аскердик-элдик башкаруу»* деген аталыш менен губернатордун колунда аскердик жана жарандык иштерди бириктирген. Вилаят бөлүмдөргө бөлүнүп, алардын башчылары бир мезгилдин өзүндө аскердик комендант болуп да эсептелген. Бөлүм башчыларына жергиликтүү калктын үстүнөн толук көзөмөлдөө ыйгарым укугу берилген.

Россия империясы Ташкентти басып алгандан кийин, 1865-жылы Александр II «Түркстан вилаятын башкаруу жөнүндөгү Убактылуу Уставды» бекитет.



Жергиликтүү калктан түзүлгөн сакчылар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Казылар кеңеши

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Генерал-губернаторлуктун девасы чоң ыйгарым укуктарга ээ негизги аткаруучу орган эсептелген. Түркстан өлкөсү административдик-аймактык жактан вилаяттарга бөлүнүп, аларды өз колунда жарандык жана аскердик бийликти бириктирген аскердик губернаторлор башкарган.

Вилаяттар уезддерге бөлүнүп, алар офицерлердин башкаруусунда болгон. Уезддер участкаларга, волостторго, кыштак жана аулдарга бөлүнгөн. Участкаларды участка приставдары башкарган. Жогорку органдардын көзөмөлүндө болгон жергиликтүү калк өкүлдөрүнөн турган төмөн башкаруу органдары жана салык системасы сактап калынган.

Башкаруу системасынын төмөн баскычында волость башчысы (миң башы), кыштак аксакалы, аул башчысы, элдик судьялар (отурукташкан калкта казылар, көчмөн калкта бийлер) жана алардын жардамчылары, башкы мырап, мырап, жүз башы, элүү башы, он башы өңдүү кызматтарда жергиликтүү калктын өкүлдөрү иш жүргүзгөн.

1867-жылдагы «Түркстан өлкөсүн башкаруу жөнүндөгү Устав» долбоорунун негизинде отурукташкан калк бир баскычтуу система түрүндө, башкача айтканда аксакалдыктарга, ал эми малчы калк эки баскычтуу система көрүнүшүндөгү волость жана аулдарга бириктирилген. Ар бир аксакалдык 100–200, аул 100–200, ал эми ар бир волость 1000–2000 түтүндөн турушу белгиленген.

## БИЛЕСИҢБИ?

Түркстан генерал-губернатору С. Духовской: «Түркстан өлкөсү башка өлкөлөргө караганда тарыхый өтмүшүн, этнографиялык өзгөчөлүктөрүн эсепке алган түрдө өзгөчө көңүл бурулушун талап кылат», — деген эле.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Эмне себептен Россия өкмөтү төмөн башкаруу системасын сактап калган?
2. Эмне үчүн С. Духовской Түркстан өлкөсү өзгөчө көңүл бурулушун талап кылат, деп эсептеген?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Түркстан өлкөсү басып алынган доордон баштап толук колония иретинде башкаруу тартиптерине негизделген административдик-аймактык бирдиктер жана алардын башкаруу тартиптери киргизип барылган. Империянын борбордук аймактарынан Орто Азиянын жерлерине империянын калкын көчүрүп келүү Россия өкмөтүнүн негизги максаттарынан бири болгон.

Көчүрүп алып келингендер жерлер жана керектүү каражаттар менен камсыздалган. Калкты көчүрүп алып келип жайлаштыруудан дагы бир максат бул өлкөдө колониалдык саясатын жүзөгө ашырууда кошумча таяныч күчтөргө ээ болуу эле. Ошондой эле, бул саясат жергиликтүү калкты орусташтырууга каратылган чаралардан бири болду.


## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Эмне үчүн жергиликтүү калктын өкүлдөрү волосттун башчылары (миң башылар), кыштак аксакалдары, аул башчылары, казы, бий жана алардын жардамчылары кызматтарына даярдалган?
2. Ошол доордо Россия өлкөлөрүндө кандай социалдык-саясий жагдай пайда болуп жаткан эле?



Аксакалдар

Кербен сарай





Арабакечтер



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1877-жылы Ташкентте «Шаардын Уставы» киргизилген болуп, ал боюнча шаарды башкаруу Думага өткөн эле. Дума мүчөлөрүнүн 1/3 бөлүгү Эски шаардын, ал эми 2/3 бөлүгү Жаңы шаардын аймагынан шайланган. Ал боюнча шаардын 80 миңдик жергиликтүү калкынан 21 депутат, ал эми 3900 ү, негизинен орустардан турган калкынан 48 депутат катышкан. Шаардын чарбасына тиешелүү бардык иштер Думанын колунда болгон. Думага жетекчилик кылуучу адам генерал-губернатордун сунушу менен аскердик министр тарабынан тастыкталган.

1886-жыл Александр III тарабынан жаңы «Түркстан өлкөсүн башкаруу жөнүндөгү Устав» бекитилди. Устав боюнча Зарафшан округу Самарканд вилаятына айландырылды. Хожент, Жызак, Каттакоргон, Самарканд уезддери анын курамына киргизилди. Курама уездинин аты Ташкент уезди деп өзгөртүлдү.

1886-жылдагы «Устав» боюнча Түркстан генерал-губернаторлугунун административдик башкаруусу жаңы орган – Түркстан генерал-губернаторунун Кеңеши менен толукталган.

1885-жылдан Бухарада Россия императорунун саясий агенттигинин иши жолго коюлду. Анын уруксаты болмоюнча Бухаранын амири тышкы жана ички саясатта өз алдынча иш жүргүзө албаган.

Вакф жерлери (мечит, медресе жана башка диний мекемелерге таандык жерлер) ошол мезгилде жашап жана жерди иштетип жаткан адамдарга ижарага берилген.

Бул убакытка чейин вакфтын мүлкүнөн алынган кирешелер мектеп, медресе жана мечит имараттарынын ремонтуна, кызматчыларды материалдык камсыздоого, диний аземдерди өткөрүүгө, зарыл буюмдарды алууга (килем, жайнамаз, диний китеп) жана башка иштерге сарпталган.




Ташкент шаарындагы Мамлекеттик банктын бөлүнмөсү

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жаңы вакфтын документтерин бекитүү генерал-губернатордун ыраазылыгы менен гана мамлекеттик салыктар жана милдеттенмелерден бошотпостон жүзөгө ашырылган.

Вакф документтерин таануу, вакф кирешелеринин туура иштетилиши үстүнөн көзөмөлдөө жана аларды текшерүү укугу вилаят администрациясынын карамагына өткөрүлдү. Вакф мүлктөрүн көзөмөлдөө колониалдык өкмөт өкүлдөрүнүн колуна өтүшү менен мечиттердин жана мектептердин материалдык абалы начарлады.

**Вилаят башкаруусу**




## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. 1886-жылдагы «Уставдын» негизинде жерге ээлик кылуунун салттык мамилелерине кандай өзгөртүүлөр киргизилди?
2. 1886-жылдагы «Устав» кандай кесепеттерге алып келди?

1880–1890-жылдарда чөлкөмгө көчүп келгендердин эсебине өлкөдө көптөгөн православдык жамааттар калыптанып, алар чогуу жашаган жерлерде православдык чиркөөлөр курулган.

## БИЛЕСИҢБИ?

1886-жылдагы «Уставда» өкмөттүн карамагында калган бош турган мамлекеттик жерлерге орус калкын жайлаштыруу зарыл экендиги катуу белгилеп коюлду. Көчүрүү саясаты менен алектенүү өлкөнүн администрациясына жүктөтүлгөн. Көчүп келгендерге чоң артыкчылыктар берилген. Алар акча, турак жай, жер аянттары, насыялар менен камсыздалган. Көчүп келгендер 5 жыл бою салыктардан бошотулган, кийинки 5 жыл бою салыктардын жарымын төлөгөн. Россиядан көчүп келгендер, негизинен, кыштактын калкы болгон. Алар үчүн өлкөнүн администрациясы мектеп жана чиркөөлөр курууга каражат бөлгөн. Түркстан өлкөсүндө аскердик кызматчылар жашап калышы жана тамарка жер алышы мүмкүн болгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Чекиттердин ордун толтуруп, дептериңе көчүр:

1. 1886-жылдагы «Устав» боюнча Зарафшан округу ... вилаятына айландырылды.
2. Вилаят ... губернаторлору, генерал-губернатор ... башкаруучусу, Түркстан аскердик ... штабы башчысы бул ... туруктуу ... болушкан.
3. ...-жылы Россия императорунун ... агенттиги ... жолго коюлду.
4. Эмне үчүн империя өкмөтү жерге ээлик кылууну толук өз колуна алууга аракеттенди?

**XIX кылымдын акырында Түркстан өлкөсүнө чектеш аймактар**






XIX кылым. Казыкана.
Ташкент шаары.

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Түркстан генерал-губернаторлуктун башкаруусу кимдерден турган?
2. 1886-жылдагы Устав боюнча башкарууда кандай өзгөрүүлөр болду?
3. Россия императорунун саясий агенттигинин милдети эмнеден турган?
4. Картадан Түркстан генерал-губернаторлугундагы вилаяттарды аныктап, кайсы вилаяттарга бүгүнкү Өзбекстандын кайсы аймактары киришин белгиле.
5. Ар бир тексттен тарыхый терминдерди ал жана сөздүк жардамында алардын мазмунун аныкта.
6. Колониалдык өкмөт вакф жерлерине карата кандай саясат жүргүздү?
7. Көчүрүп келтирилгендерге кандай артыкчылыктар берилген?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТҮРКСТАНДА РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНА КАРШЫ УЛУТТУК-БОШТОНДУК КЫЙМЫЛДАРЫ

## БҮГҮН САБАКТА

- Түркстанда улуттук-боштондук кыймылдардын себептери.
- Ташкентте «Холера козголоңу» жана анын кесепеттери.
- 1892-жыл 18-июндан «Аскердик абалда деп жарыяланган жерлер жөнүндө Ереженин» күчкө кириши.
- Андижан козголоңу жана анын натыйжалары.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Элдин улуттук салттары, тарыхый өтмүшү, этнографиялык өзгөчөлүктөрүнүн кордолушу кандай кесептерге себеп болушу мүмкүн?
2. Холера кандай оору, ал жөнүндө эмнелерди билесиң?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Россия өнөр жайы тарабынан өндүрүлгөн үй-тиричилик буюмдары, айныкса, токуучулук продуктулары менен Орто Азия базарларынын толтурулушу натыйжасында кол өнөрчүлүктүн көптөгөн түрлөрү кризиске кабылды. Бул убакытка келип экономикалык кыйынчылыктар, жашоо шартынын жамандыгы, салыктардын көптүгү, эмгек милдеттенмелеринин оордугунан жергиликтүү калктын абалы начарлашып кетти. Натыйжада, XIX кылымдын акырында баскынчылыкка каршы өлкөнүн түрдүү жерлеринде нааразылык чыгыштары болуп турду. Ошонун катарында, 1878-жылы Миңдөбөдө (азыркы Андижан вилаяты, Мархамат району) баскынчылардын саясий жана экономикалык зулумуна каршы Жетимхандын башчылыгында козголоң көтөрүлдү. Аны колониалдык өкмөт күч менен бастырды.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Кандай ойлойсуң, Орто Азиянын базарларына Россия товарларынын кирип келиши жергиликтүү кол өнөрчүлөрдүн базары кризиске кабылышына негизги себеп болдубу? Пикириңди негизде.
2. Россия империясы өлкөнү басып албаганда да башка мамлекеттердин товарлары кирип келмекпи? Базардын кризиске кабылышына алып келген факторлорду аныкта.
3. Сен ошол доордо кол өнөрчү болгонуңда кандай жол тутмаксың?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Өз алдынча изденип, дүйнө саясатында баскынчы мамлекеттер тарабынан колонизатордук башкаруунун кандай багыттары бар экендигин аныкта.
2. Сенин оюңча, Россия өнөр жайы тарабынан өндүрүлгөн продуктулар менен Орто Азия базарларынын толтурулушу жергиликтүү базарга жана өндүрүшкө кандай таасир көрсөткөн?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Жергиликтүү калк 1879-жылдын күзүндө Ферганада, 1880-жылдын ноябрында Хожент мененОродөбө түмөндөрүндө, 1882-жылдын баштарында Наманган, 1885-жылдын жайында Фергана өрөөнүндө элдик кыймылдар кайрадан күчөп, Андижанда Дарвишхан башчылыгында козголоң көтөрүлдү. Эми элдик наараазылык кыймылдарынын катышуучулары өз усулдарын өзгөртүшүп, байлар менен волость башчыларынын резиденциясына чабуул уюштурду. Ошол жылдарда козголоң биринен улам бири бүткүл вилаятка жайылды.

1892-жылдан баскынчылар администрацияга каршылык көрсөткөн жөнөкөй жарандарды түздөн-түз аскердик талаа сотуна бере баштады. «Айыптууларды» ачыктан ачык өлүм жазасына тартуу аркылуу адамдарды коркутуу эми баскынчылардын куралына айланды.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Колониалдык зулумдун күчөшү, негизинен, кандай көрүнүштөрдө таасын көзгө ташталат?
2. Сенин оюңча, колониалдык өкмөттүн Түркстанда жүргүзгөн саясатынын максат жана милдеттери эмнеден турган?
3. Эл турмушунун жакырданышына кандай факторлор себеп болду?
4. Эмне үчүн элдик кыймылдар XIX кылымдын 70-жылдарынын акырында бир гана Фергана өрөөнүндө күчөйдү?
5. XIX кылымдын 80-жылдарынын акыры – 90-жылдардын баштарында Түркстандын кайсы волость жана уезддеринде элдик козголоңдор болуп өттү?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1892-жылдын март айында Ооганстанда холера оорусу таралды. Жаз мезгилинин аягына келип бул оору Самарканд вилаятынын Жызак уездинде, ал эми июнда Ташкентте да катталды.

Ташкент шаарынын администрациясы ооруга каршы чаралар катарында шаардагы 12 көрүстөндү жаап койду. Бул оорудан кайтыш кылган адамдар үчүн шаардан оолак жерде атайын көрүстөндөр ачууга убада берилди.

Бирок иш жүзүндө шаардан сыртта бир гана көрүстөн ачылды. Санитария чаралары элге ишеничтүү түрдө түшүндүрүлбөдү. Мындан тышкары, дарыгер-фельдшерлердин тартыштыгы себептүү оорулууларды текшерүү көбүнчө үчүнчү же төртүнчү күнү жүргүзүлгөн. Бул убакытта калктын ортосунда колониалдык администраторлор сууну, дарыгерлер оорулууларды кастан уулантып жатканы, сөөктөр мүрзөлөрдөн чыгарып салынгандыгы жөнүндөгү имиш сөздөр таралды.

Тарыхта «Холера козголоңу» (же «Таш атар окуясы») деп аталган козголоң 1892-жылы 24-июнда башталды.

Бул окуяны өз көздөрү менен көргөндөрдөн бири минтип жазган эле: «Козголоңчулардын максаты жүрүп жаткан кемсинтүүлөрдүү токтотууга жетишүү эле.

Топтошкон эл шаардын башчысы С. Путинцевдин алдына чара көрүү жөнүндөгү талап менен жолго чыгат. Чогулган элде ок атуучу куралдар болбогон, алар болжол менен 400 кишинин айланасында эле».

Эски шаардын аксакалы Мухаммад Якуб топтон коркуп шаар башчысынын алдына барат. Эл С. Путинцевден аксакалды алардын колуна тапшырууну талап кылды. Ал эми Путинцев сүйлөшүүлөрдүн ордуна күч колдонгонду артык көрөт.

Бул болсо наразылыкты күчөтүп жиберди. Путинцевдин адамдарын талкалашып, өзүн сабап ташташты. Ташкент аксакалынын үйүнө өрт коюшту. С. Путинцев жана анын миршабдарын сабаган калайык мекемени да ойронун чыгарды. Козголоңду бастыруу үчүн казактар полку жана бир рота аскер чакырылды.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. XIX кылымдын 90-жылдарында өлкөбүздө болуп өткөн «Холера козголоңунун» чыныгы социалдык-экономикалык, саясий себептерин жана кесепеттерин дептериңе жадыбал көрүнүшүндө туюнт. Пикириңди класста чакан презентация көрүнүшүндө корго.
2. «Холера козголоңу» окуялары колониалдык администрацияны кандай реформалар жүргүзүүгө аргасыз кылды?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Өлкөдөгү наразылык кыймылдары күч менен бастырылды, козголоңдун катышуучулары жазаланды.

Ташкенттеги козголоңдон кийин өлкөдө *миршабдык абалы* киргизилди.

Түркстан генерал-губернатору «күчтүү коргоодо» деп жарыяланган жерлерде чогулуштарды таратуу, соода-өнөр жай ишканаларын жабуу, каалаган адамды сүргүн кылуу, айыпка жыгуу жана башка укуктарды алды. Ал эми «өзгөчө коргоодо» деп жарыяланган жерлерде бүткүл бийлик генерал-губернаторго же ал дайындаган башкы жардамчынын колуна өтүшү белгиленди.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Түркстанда колониалдык өкмөт саясатынын негизги багытында эмнелер таасын көрүнөт?
2. Өлкөдө Түркстан генерал-губернаторуна кандай максатта кеңири ыйгарым укуктар берилди?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1886-жылдагы «Түркстан өлкөсүн башкаруу жөнүндөгү Устав» боюнча Россиядан көчүп келгендер үчүн жер фонду түзүлдү.



1891-жылы Россиядан Фергана вилаятына көптөгөн калктын көчүрүп алып келиниши жана жайлаштырылышы жери тартыш жана калк жыш жашаган өрөөндүн абалын аябай жамандаштырды. Шексиз, империя өкмөтүнүн мындай аракеттери жергиликтүү калк наразылыгынын дагы да күчөшүнө себеп болду.



Империя өкмөтү тарабынан өлкөдөгү вакф мүлктөрү кыскартылды. Ал эми вакф мүлктөрүнө тиешелүү жерлерди жоюуга багытталган иш-чаралар вакф жерлеринин чоң бөлүгү мамлекеттин мүлкүнө айландырылышына алып келди.

Бул кең элдик массанын кескин наразылыгын келтирип чыгарды.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. 1898-жылы Андижан козголоңунун башталышына себеп болгон факторлор эмнелерден турат? Пикириңди көчүрүү саясаты менен логикалык байланыштырып, дептериңе негиздеп жаз.
2. Сенин оюңча, колониализмге каршы козголоңдор Түркстан өлкөсүнүн дээрлик бардык аймактарында үзгүлтүксүз улантылышынын себептери эмнелерден турган?



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН



Камакка алынган Дукчу эшен

1898-жылдагы жергиликтүү элдердин баскынчыларга каршы Андижан козголоңу башталды. Козголоңго Дукчу эшен (Мухаммад Али) жетекчилик кылды.

Дукчу эшен башчылыгындагы козголоңчулар экиге бөлүнүп, алардын бирине Зиявуддин махсум башчылык кылды.


Козголоңчулардын катары кеңейип отурду. Козголоңчулар Андижандагы аскердик казармага чабуул жасады. Козголоңчулар менен аскердик күчтөрдүн ортосунда болуп өткөн кагылышуунун натыйжасында козголоңчулар чегинүүгө аргасыз болушту.

Генерал-губернатор Н. Корольков козголоңчуларды таптакыр жок кылууга каратылган жаза экспедициясына өзү жетекчилик кылды. Дукчу эшен жана анын шериктери жазаланды.

1898-жылы болуп өткөн козголоң жергиликтүү калктын өздөрүнүн өмүрүн коопко коюп, колониалдык зулумга каршы күрөш жүргүзүшү мүмкүндүгүн көрсөттү. Алар колдоруна курал алып, кордолгон укуктары, эңсеген тилектери үчүн согушушту.

1898-жылдагы козголоң бастырылганы менен, жергиликтүү элдердин көз карандысыздык жана боштондук үчүн күрөштөрүн токтото албады. Баскынчылыкка каршы козголоңдор Түркстан өлкөсүнүн дээрлик бардык аймактарында улантыла берди.

**Эшен** – динчилдер арасында абройго ээ болгон диний жетекчинин наамы.
**Дукчу** (персче – ийик, дук) – чарктын ийирилген жип ороло турган бөлүгү. Дук жасаган кол өнөрчүгө дукчу дейилген.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Колго алынган козголоңчулар, 1898-жыл

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Андижан козголоңунун башталуу себептерин санап бер.
2. Козголоңдун ырайымсыз бастырылганын кандай далилдерде көрүүгө болот?
3. Бул козголоңдун мааниси эмнеде?
4. Түркстандагы баскынчылыкка каршы козголоңдорду хронология тартибинде дептериңе жаз.
5. Тарыхта «Холера козголоңу» деп аталган козголоңдо эл өкүлдөрүнүн негизги талаптары эмнелерден турган?
6. Дукчү эшен козголоңунун жеңилүү себептерин иликте.
7. Билимиңди сынап көр, туура жоопту тап.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | 1879-жылдын күзүндө | а | Тарыха «Таш атар окуясы» деп аталган козголоң башталды. |
| 2 | 1880-жылдын ноябрында | б | Ооганстанда холера оорусу тарал-ды. |
| 3 | 1892-жылы 24-июнда | в | Россиядан көптөгөн калк Фергана вилаятына көчүрүп алып келинди. |
| 4 | 1892-жылдын мартында | г | Хожент жана Ородөбө райондо-рунда элдик козголоң болуп өттү. |
| 5 | 1891-жылы | д | Ферганада жергиликтүү калктын катышуусунда элдик козголоң бо-луп өттү. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# БИРИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТУН БАШТАЛЫШЫ ЖАНА АНЫН ТҮРКСТАНГА ТААСИРИ


## БҮГҮН САБАКТА

- Биринчи дүйнөлүк согуштун Түркстанга таасири.
- Мардикердикке алуунун жарыяланышы.
- Элдик наразылык кыймылдары.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Дүйнөлүк согуш терминине түшүндүрмө бер.
2. Биринчи дүйнөлүк согуш качан жана кандай себептер менен башталды?
3. Бул согушта кайсы мамлекеттер катышты? Бул мамлекеттердин максаттары эмне эле?
4. Россиянын колонияларына бул согуш кандай таасир көрсөттү?

XX кылымдын баштарында дүйнөдөгү ири мамлекеттердин өз ара мамилелери кескин түс алды. Натыйжада 1914-жылы башталган Биринчи дүйнөлүк согушта бир жактан Россия, Англия жана Франция – Антанта, экинчи жактан Германия, Австрия – Венгрия жана Италия башчылыгында түзүлгөн аскердик уюмдар (бардыгы 38 мамлекет) катышты.



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Россия империясынын Биринчи дүйнөлүк согушта катышуусу менен байланыштуу массалык мобилизация жарыяланды. Мобилизация Россиянын колонияларына, ошонун катарында, Түркстанга да тиешелүү эле. Ал боюнча, Түркстан өлкөсүнөн согушка 19 жаштан 43 жашка чейин болгон калктын европалык бөлүгүнүн өкүлдөрү чакырылды.

Негизги жумушчу күчү болгон эркектердин согушка алынышы үй-бүлөлөрдүн негизги багуучусунан ажырашына жана алардын оор абалга түшүшүнө себеп болду. Жергиликтүү калктан арзан эмгек күчү иретинде пайдаланууга аракет жасалды.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Россия империясынын Биринчи дүйнөлүк согуш маселесиндеги массалык мобилизация эмне себептен калктын европалык бөлүгү менен жергиликтүү бөлүгү үчүн башка-башка жүргүзүлдү?
2. Түркстандын калкы үчүн Биринчи дүйнөлүк согушка массалык мобилизация кандай натыйжалар менен аяктады?



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1914-жылы Түркстанда өзгөчө коргонуу абалы жарыяланды. Бул абал Түркстан калкы үчүн адаттан тыш нерсе болгондуктан, түрдүү карама-каршылыктар пайда боло баштады.

Мамлекеттин каржысы кризиске кабылды. Жоготуулардын ордун толтуруу жана аскердик каражаттардын өсүшүн камсыздоо максатында Түркстанда пахтага туруктуу мамлекеттик нарк киргизилди. Нарктардын жалпы өсүшү шартында бул нарк пахтакерлердин түшүм алуудагы сарптарын каптай албайт болчу.

Өзгөчө абал тартибин бузгандар 50 сумга чейин айып төлөөгө же 3 айга чейин камак жазасына өкүм кылынчу болду.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Биринчи дүйнөлүк согушта Россия, Англия жана Франция мамлекеттеринен турган уюм – Антантага биригүүгө себеп болгон факторлорду «Дүйнө тарыхы» китебинен алынган билимдериңе таянып логикалык негизде.
2. Эмне үчүн жергиликтүү калк Биринчи дүйнөлүк согушта аскердик кызматка алынбады?
3. Эркектердин согушка жөнөтүлүшү өлкөнүн турмушуна кандай таасир көрсөткөн?
4. Согуштун Түркстан өлкөсүндөгү калктын турмушуна, наркка, айыл чарбасына таасири болдубу? Жообуңда ошол доордо жашаган адамдардын турмушун, үрп-адаттарын жана баалуулуктарын эсепке ал.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Сенин оюңча, 1914-жылы Түркстанда өзгөчө коргонуу абалы жарыяланышына кандай фактор себеп болду жана бул абал жергиликтүү калк үчүн кандай натыйжалар менен аяктады?
2. Биринчи дүйнөлүк согуш Россия экономикасынын кайсы жактарын көрсөтүп берди?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Согуш жүрүп жаткан жерлердеги кыйратууларды бүтүрүү, коргонуу имараттарын куруу, согушка азык-түлүк жана курал-жарактарды даярдоо жана аларды жерлерге жеткирүү иштери чоң көйгөйгө айланды. Бул иштерди башкаруу жана уюштуруу таптакыр изден чыгып кетти.

Пайда болгон көйгөйдү чечүү үчүн империя өзүнүн колониялары болгон Түркстан, Сибирь жана Кавказдагы жергиликтүү калктан фронттун артындагы иштерде пайдаланууну чечет. Натыйжада эркектер фронттун артындагы иштерди аткарууга мобилизациялана башталды.

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. «Шумдуктуу бала» фильмин көр жана доордун социалдык жараяндарына баа бер.
   1) Коомдогу социалдык мамилелер.
   2) Элдин жашоо мүнөзү.
   3) Калктын Биринчи дүйнөлүк согушка мамилеси.
2. Эмне үчүн мардикердикке каршы кыймылдардынг кеңири массалык түс алышынан колониалдык өкмөт, өлкөнүн жана вилаяттын администраторлору коопсураган?
3. 1914-жылы Түркстанда өзгөчө коргонуу абалын жарыялоодон максат эмне эле?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТҮРКСТАНДА 1916-ЖЫЛКЫ КОЗГОЛОҢДУН БАШТАЛЫШЫ

### БҮГҮН САБАКТА

- 1916-жылдагы мардикердикке каршы козголоң.
- Жызак козголоңу.
- Козголоңдун натыйжалары.

### ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. «Мардикер», «мардикердик» дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Россия империясына мардикерлер эмне үчүн керек эле?

### МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Түркстандын жергиликтүү калкынан фронттун артында иштөө үчүн мардикердикке алына турган адамдардын саны вилаяттар боюнча бөлүштүрүлдү. Мисалы, Фергана вилаятында мардикердикке вилаяттагы ар беш түтүндөн бир адамдан алынган. Бул жергиликтүү элдин наразылыгына себеп болду.

Мардикердикке алына тургандардын тизмесин түзүүдө Түркстандын жергиликтүү администрациясынын өкүлдөрү адилетсиздикке жол койду. Ал тургай үй-бүлөдө бир нече эркек болушуна карабай малдуу үй-бүлөнүн өкүлдөрү паранын эсебине тизмеге катталбаган. Бирок жакыр үй-бүлөлөрдөн бир эркек болсо да, ал тизмеге катталган. Мындай адилетсиздиктер эл массасынын наразылыгын дагы да күчөткөн.

Жергиликтүү калктын ортосунда мардикердикке алууга каршы кеңири массалык чыгуулар башталып кетти. Самарканддын Ургут кыштагында, кийинчерээк, Сияб, Маала, Кожо Ахрор, Ангордо, 1916-жылдын июлунда Дахбедде наразылык чыгыштары болуп өттү. Каршы чыккандар жергиликтүү башкаруу өкүлдөрүн сабалап, тизмелерди тытып салышты.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Түркстанда мардикердикке алууга каршы козголоң кандай аяктады?
2. Козголоңдун башталышына эмне себеп болгон?
3. Козголоңчулардын максаттары эмне эле?
4. «Мардикердикке тизмеге каттоодогу адилетсиздик» дегенде эмнени түшүнүң?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1916-жылы Жызакта мардикердикке каршы массалык козголоң чыкты. Көп өтпөй ал башка шаарларга, ошонун катарында, Ташкент, Самаркандга жана айланадагы көптөгөн кыштактарга жайылды. Жызак шаарында Дамин кулал башчылыгында кол өнөрчүлөр мардикердикке алуу боюнча тизмени талап кылып кыштак аксакалынын алдына барышты.



Аксакал тизмени бербей, чогулган адамдарды акарат кылды. Мындай жагдай калктын кескин нааразылыгын келтирип чыгарды. Ошондон кийин кетмен, союлдар менен куралданган козголоңчулар Жызактын жаңы шаар бөлүгүнө багыт алат.

Жызак козголоңунун катышуучулары колониалдык администрацияга тиешелүү аскердик, административдик имараттарга жана башка жерлерге чабуул жасады. Түркстанда аскердик абал жарыяланды.

Бул убакытта колониалдык өкмөт козголоңду бастыруу жана анын катышуучуларын жазалоо чараларын көрдү.

Козголоңдун жетекчилери жана активдүү катышуучулары кармалып, өлүм жазасына өкүм кылынды. Козголоң чыккан кыштактарга өрт коюлду. Алардын үй-бүлө мүчөлөрү да жазага тартылды.

Козголондо катышкан, аны колдогондор кармалды. Өкмөткө жардам бербеген калк үйлөрүнөн чөлгө кууп жиберилди.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Жызак козголоңу кандай абалда башталды?
2. Козголоңдун жетекчилери кимдер эле жана алар кандай иш жасашты?
3. Жызак козголоңу кандай бастырылды?
4. Козголоңчулардын жеңилишине эмнелер себеп болгон?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Козголоңчулар колониалдык өкмөткө каршы жөнөкөй эмгек шаймандары менен согуш жүргүздү. Мындан тышкары, алардын көпчүлүгү дыйкандар, кол өнөрчүлөр болгондугу, аскердик иштен таптакыр кабарсыз экендиги козголоңдун жеңилип калышына себеп болду.

Козголоң бастырылгандан кийин, элдин башына аябай чоң кайгы түштү. **Биринчиден,** калкы козголоңдо катышкан Жызактын айланасындагы кыштактар өрттөп жиберилди, натыйжада көпчүлүк үй-жайсыз калды.

**Экинчиден,** козголоң жай мезгилинде болуп өткөндүктөн, эгин талаалары, айыл чарба продуктулары жок болду. Бул болсо азык-түлүктүн тартыштыгына, нарктын көтөрүлүшүнө жана турмуш-тиричиликтин оордошуна алып келди.

**Үчүнчүдөн,** козголоң калктын арасында көптөгөн өлүмдүн болушуна алып келди.

Түркстан калкынын мардикердикке алынышы жергиликтүү калктын көптөгөн үй-бүлөлөрүн багуучусуз калтырды.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Чекиттердин ордун толтуруп, дептериңе көчүр:

Биринчи дүйнөлүк согуш ... башталды жана анда ... мамлекет катышты. Биринчи дүйнөлүк согуш учурунда ... калк өкүлдөрү мардикердикке алынды. Жызак козголоңу ...-жылы башталды.



1916-жылдын козголоңуна каршы аттанган куралдуу күчтөр



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1916-жылкы козголондор колониалдык өкмөттү дүрбөлөңгө түшүрдү. Бул козголоң Түркстан элдеринин өз укуктарын тепселишинен катуу наараазы болгонун көрсөттү.

Колониалдык өкмөт кээ бир чараларды көрүүгө, элге жеңилдик берүүгө жана калк менен келишүүгө аргасыз болду. Ошентип, 1916-жылкы козголоң бүткүл баскынчылык учурунда Түркстандагы өтө ири козголоң иретинде тарыхта «Жызак трагедиясы» деген наам менен калды.



## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

Берилген текстти оку жана жооп бер.

1. «Дан жетишпей кымбатчылык боло баштады». *Кaатчылык* жана *кымбатчылык* дегенде эмнени түшүндүң?
2. «Төрт жылга созулган согуштун көп нерселерге зыяны тийди. Бейиштин белгиси болгон улуу Түркстан чөлкөмүндө дан жетишпей кымбатчылык боло баштады. Эми болсо кымбатчылык коркунучтуу каатчылыкка айланууда...» Миян Бузрук. Автордун пикирин түшүндүр.
3. 1916-жылкы козголоңдордун башталышы жана жеңилишинин себептерин санап бер.
4. 1916-жылдагы козголоңдор кандай натыйжаларга алып келди?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШТАРЫНДА БУХАРА АМИРЛИГИ

## БҮГҮН САБАКТА

- Бухара амирлигинин социалдык-саясий абалы.
- Салык жана милдеттенмелер.
- Элдик козголоңдор.
- Кол өнөрчүлүк.
- Соода-сатык мамилелери.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Россия империясынын баскыны натыйжасында амирликтин тагдыры эмне болду?
2. Бухара амирлигинде мамлекетти башкаруу кандай негизде түзүлгөн болчу?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

XIX кылымдын акырында Бухара амирлигинде Бухарадан башка Чаржой, Китоб, Шахрисабз, Денав өңдүү шаарлар амирликтин ири соода жана кол өнөрчүлүк борборлору эсептелген.



Амирликтин экономикасынын негизги бөлүгүн айыл чарба тармагы түзгөн. Бирок дыйкандар дайыма эле чоң киреше ала бербеген. Удаалаш келген түшүмсүз жылдардан кийин балжувандык дыйкандар биринчи жолу 1885-жылы мол түшүм алышкан болчу. Ал эми салык чогултуучулар ошол жыл үчүн гана эмес, өткөн түшүмсүз жылдар үчүн да хираж төлөөнү талап кылышты.

Бул болсо дыйкандардын наразылыгына себеп болду. Мындай салык өндүргөндү адилетсиздик деп билген дыйкандар аны төлөөдөн баш тартышты. Мансаптуулардын зомбулугу жана зулуму козголоңго себеп болду. Козголоң 1885-жылы июль айынын соңку күндөрүндө чыккан. Дыйкандар менен амир Музаффардын лашкери ортосунда согуш болуп өттү. Даярдык көрбөгөн жана эмгек шаймандары менен көчөгө чыккан дыйкандар жеңилип калды. Козголоңчулар кармалып, өлүмгө тартылды. 1888-жыл Көлаб вилаятында башталган дыйкандардын наразылык кыймылдары да амир тарабынан бастырылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Ойлончу, эмне үчүн ошол доордо Бухара амирлигинин борбордук шаарларынын курамында Самарканд жок эле?
2. Көлаб бектигиндеги козголоңдун башталышына эмнелер себеп болду?
3. Сенин оюңча, козголоңдун алдын алса болмокпу?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Бухара амирлигинде бул доордо да элдик кол өнөрчүлүк өнүгүүдөн токтогон эмес. Бухаранын килемдерине ички базарда гана эмес, ошондой эле тышкы базарда да талап чоң болуп, амирликтин соодагерлери аларды көп санда чет өлкөгө сатышкан.

Ички жана тышкы базарларда Бухаранын жип-кездеме материалдарына, булгаарычылык, зардөздүк, күмүш жана алтындан чегилген буюмдарына, боёк жана самын продуктуларына, усталардын алтындан жана күмүштөн жасаган буюмдарына Чыгышта жана Батышта талап күчтүү болгон.

Бухара амирлигинде эзелтеден өнүгүп келген өзүнө мүнөздүү көрүнүштөгү кол өнөр-





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН



чүлүк болгон. Зергерлер жасаган продуктунун бардыгы өзүнө мүнөздүү назик орнаменттер менен коздолгон. Бухара карапачылык буюмдарынын базары да токтоосуз жүрүп, карапачылар бүткүл амирликтин шаарларында иш алып барышкан. Кол өнөрчүлөрдүн кирешелеринин көбү ченден ашкан салыктарды төлөөгө жумшалган. Ошондуктан алар өздөрүнүн устакана жана ишканаларын дагы да өнүктүрүү жана өркүндөтүү үчүн кошумча каражаттарга ээ боло алышпаган.

Бухара амирлигинин аймагы чоң киреше келтирген транзиттик соода үчүн да ыңгайлуу болгон. 1888-жылы амирликтин аймагы аркылуу алгачкы темир жол өткөрүлдү. Бухарадан 15 километр аралыкта Жаңы Бухара станциясынын курулушу баштап жиберилди. Бул жерде амирдин сарайы жана Россия саясий агентинин резиденциясы да курулду. Эми Бухара амирлиги темир жол аркылуу Ташкент, Оренбург жана Москва менен байланышты. Бухарада Россия мамлекеттик банкынын бөлүмү, пахта тазалоочу завод, Европа үлгүсүндөгү мейманкана курулду. Эски Бухарадагы кошбегинин үйү жана Россия императорунун саясий агенттигинин резиденциясы биринчи пайда болгон телефон байланышы менен камсыздалган эле.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Россия империясы амирликтин аймагынан темир жол өткөрүүдөн кандай кызыкчылыктарды көздөгөн?



Жаңы Бухарадагы (Каган) темир жол станциясы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Кездеме сатуу дүкөнү

XIX кылымдын акыры жана XX кылымдын баштарында Бухара амирлигинде билим берүү системасы өткөн кылымдардын салты сыяктуу башталгыч (мектептер) жана жогорку (медреселер) баскычтардан турган. Башталгыч билим берүү мекемелеринде, негизинен, араб тили жана алфавитинде сабат чыгарууга, исламдын негиздерин ээлөөгө, ахлактык тарбияга басым жасалган. Алардын материалдык негизин вакф мүлктөрү, айрым адамдардан түшкөн кайырлар түзгөн.

Бул доордо Бухарада 350 гө жакын салттык (башталгыч) мектеп иштеп турган. Мектепканада окууга кабыл алуу жашы Бухарада 5 жаштан 12 жашка чейин болгон доорду түзгөн. Ал эми билим берүү жараяны 7–10 жылга созулган.

Эркек балдардын мектептеринин көпчүлүгү мечиттердин алдында ачылган. Кыздардын мектебинде окутуу эркек балдар окуган мечиттердин алдындагы мектепканадагы окутуудан бир топко айырмаланган. Бул жерде сабактар түшкө чейин улантылган. Кыздардын окуусу 7 жаштан башталып, 13 жашта аяктаган. Адатта, кыздар үйлөрүндө билим алышкан.


Бухарадагы мектеп


Медресенин окуучулары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Бухарадагы орус-тузем мектеби, 1898-жыл

## БИЛЕСИҢБИ?

Орто Азияда мектептер санынын көптүгүн көргөн орус окумуштуусу А. Миддендорф мусулман калкынын массалык сабаттуулугун элге билим берүү боюнча Россия өкмөтүнө үлгү иретинде көрсөткөн.

Мектепте класстарга бөлүү деген сөз жок, бардык окуучу кыздар бир бир бөлмөдө бойронун үстүндө отуруп сабак жасашат... Бири алиппени окуса, экинчиси «Аптиекти» окуйт, үчүнчүсү «Куранды» окуса, төртүнчүсө «Чар китепти» окуйт, бешинчиси «Накл сөз»дү окуса, алтынчысы Машрабды окуйт...

Бир күндө негизинен эки-үч саат окуп, башка убакытта кыздар атынбүбүнүн кызматын кылышкан...

«Аптиекти» аяктап Курангa өтмөкчү болсо, же Куранды бүтүп «Чар китепке» өтмөкчү болсо, кыздын ата-энеси атынбүбүгө, анын күйөөсүнө сөзсүз баштан-аяк кийим кылуугa тийиш эле.

Кибрия Каххарованын «Чейрек кылым бирге» китебинен.

Мектепте окуп жаткан окуучунун ийгилиги үчүн ата-эне молдого (атынбүбүгө) нан, дан же акча берген. Мындан тышкары, «бойро пулу», «көмүр пулу», «шыпыргы пулу» өңдүү «төлөмдөр» да болгон. Ар бейшемби күнү алып келинген «бейшембилик наны» мектеп молдосунун негизги кирешеси эсептелген.

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Бухарада салыктардын жогорулашына эмне себеп болду? Салыктарды ашырбаса да, мамлекетти башкарууга болор беле?
2. Билим берүү системасы жөнүндө кандай маалымат алдың?
3. Билим берүү тармагы өлкөнүн өнүгүшүндө кандай мааниге ээ?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШТАРЫНДА ХИВА ХАНДЫГЫ

**БҮГҮН САБАКТА**

- Хива хандыгынын социалдык-саясий абалы.
- Салык жана милдеттенмелер.
- Элдик козголоңдор.
- Кол өнөрчүлүк.
- Соода-сатык мамилелери.

**ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН**

1. Хива хандыгы качан түзүлгөн?
2. Хива хандыгында мамлекетти башкаруу кандай негизде түзүлгөн эле? Бухара амирлиги менен Хива хандыгынын бири-бирине окшош жана өзүнө мүнөздүү жактары эмнеден турган?

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Хива хандыгында 1873-жылдан кийин түшүмдүү жерлердин чоң бөлүгү Россиянын карамагына өтүшү натыйжасында хандык башкаруу сарптарына болгон керектөөлөрүн жаңы салыктарды киргизүү же илгеркилерин жогорулатуу жолу менен каптай баштады.

Дыйкандардын эмгеги жердин түшүмдүүлүгүн жогорулатууга жана өндүрүштү өнүктүрүүгө багытталган. Хандыкта дан өстүрүү айыл чарбанын негизги тармагы эсептелген. Ошол доордон баштап Россия менен соода-сатыктын өнүгүшү натыйжасында пахта өстүрүүгө адистешүү да тез жүрдү.

XIX кылымдын акыры – XX кылымдын баштарында үй кол өнөрчүлүгү али да сакталып калган эле. Анда жип ийирүү жана токуучулук, бут кийимдер, килемдер, кийиздер жана башкалар даярдалган.

Ар бир дыйкан чарбасы жардамчы киреше булагы болгон үй кол өнөрчүлүгү менен алектенген. Дээрлик ар бир кыштакта булгаарычы, өтүкчү, бөзчү, боёкчу, жубазчы жана башкалар эмгектенип келген.

Орто Азиянын Россия, казак жүздөрү, Кавказ, Иран менен соода мамилелеринин өнүгүшү ички соода-сатыкты да жандандырды. Базар мамилелеринин өнүгүшү товар-акча мамилелеринин өсүшүнө шарт түздү.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Мунун натыйжасында шаарлар кыштактарга караганда тез өнүгүп, жаңы шаарлар пайда болду, эскилеринин өнүгүү жараяны тездешти.

Мындай жагдай өлкөнүн экономикалык турмушунда шаарлардын маанисинин жогорулашына алып келди. XX кылымдын баштарына келип Хива, Жаңы Үргөнч, Коңурат, Ташхавуз, Гурлан өңдүү шаарлар социалдык-экономикалык жана маданий борборлорго айланды. Багат, Мойнок, Тахта өңдүү жаңы шаарлар пайда болду. Шаарларда жергиликтүү жана Россия орток ишканаларынын кеңселери, өнөр жай ишканалары жайлашкан эле. Россия империясы менен жергиликтүү капиталдын шериктештиги пайда болду. Жергиликтүү ишкерлердин иши, улуттук капитал өкүлдөрүнүн акчаларынын кирешеси Россия базарынын продуктуларына түздөн-түз байланышкан эле. Алар эки мамлекеттин ортосунда базар мамилелерин өнүктүрүү үчүн орток банк уюмдарын түзүүгө аракет жасашты.

Хива хандыгынын өкүлдөрү Николай II нин такка отуруу аземинде



Хиванын усталары



Жибек өндүрүү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Хива хандыгында XIX кылымдын экинчи жарымында бүткүл каракалпак урууларын башкаруу, салыктарды өндүрүү, аскердик кызматты өтөө милдеттенмелерине тиешелүү иштерди жөнгө салуу максатында **бектербеги** мансабы киргизилген.

Каракалпак кол өнөрчүлөрү, негизинен, үй-тиричилик үчүн зарыл буюмдарды даярдоо менен алектенген. Ал эми керектөөдөн ашкан буюмдар базарга чыгарылган. Алар боз үйлөрдүн айланасын курчоо үчүн кездемелер, төөнүн жүнүнөн гүлдүү кийиздерди согушкан. Алардын элдик колдонмо өнөрүндө боз үйлөр үчүн оймолуу эшиктерди, үй-тиричилик буюмдарын жасоо, килем согуу, сайма саюу өнүккөн. Каракалпактарда жыгачты жана сөөктү иштетүү боюнча чебер усталар көп болгон.

Каракалпак урууларын бийлер жана анын аксакалдары башкарган. Уруунун бийлерин Хиванын хандары дайындап, аны тастыктаган жарлык беришкен. Хива ханынын ишеничин актаган бийлердин ыйгарым укуктары кеңейтилип, аларга карата өзгөчө мамиле жасалган.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БИЛЕСИҢБИ?

XIX кылымдын ортолорунда Жаңы Үргөнчтө 15 мечит жана 2 медресе болгон. Гурланда 6 мечит жана 2 мектеп, Шахабадда 2 мектеп жана 2 мечит, Шаватта 4 мечит жана 1 медресе, Хазараспта 10 мечит, Кутлуг Инак медресеси иштеп турган.

Хива хандыгында мечиттин имамы өзүнүн түздөн-түз милдетинен тышкары салык төлөөчүлөрдүн эсебин алуу, салык чогултуу, ал эми кээде сууну бөлүштүрүү менен да алектенген.

Хива сарайынын китепканасынан 300 даана кол жазма, 18 даана Курани карим, 50 дөн ашуун сейрек китептер тартып алынган.

Хива хандыгы Россиянын вассалына айландырылгандан кийин Амударыя бөлүмүндөгү каракалпактарга карата зулумдун күчөйүшү натыйжасында Бийбазар жана Нукус волостторунда колонизаторлорго каршы Баба Гоклан башчылыгында элдик козголоң болуп өтөт.



Каракалпактардын чай баштыгы





## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Хива хандыгында салыктардын жогорулашына эмне себеп болду? Салыктарды ашырбай мамлекетти башкарууга болор беле?
2. Билим берүү системасы жөнүндө кандай маалыматка ээ болдуң?
3. Билим берүүнүн өлкөнүн өнүгүшүндө кандай мааниси бар?
4. Россия империясы басып алгандан кийин каракалпактардын жашоосунда жана турмушунда кандай өзгөрүштөр болду?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШТАРЫНДА КАРАКАЛПАКТАРДЫН МАДАНИЯТЫ

## БҮГҮН САБАКТА

- Каракалпактарда билим берүү.
- Каракалпак оозеки элдик чыгармачылыгы.
- Бердак (1827–1900) — каракалпак акыны.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Адабияттан алган билимдериңе таянып, төмөнкү суроолорго жооп бер.
   - Каракалпак оозеки элдик чыгармачылыгы үлгүлөрүнөн мисал келтир.
   - Каракалпак фольклорунда кандай идеялар чагылдырылган?
2. «Кырк кыз» дастанынын мазмуну эмнеден турат?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

XIX кылымдын акыры – XX кылымдын баштарында каракалпактарда бир топ медреселер болуп, алардын эң чоңдору Каракум эшен жана Таш медреселери эле. Каракум эшен медресеси XIX кылымдын ортолорунда курулган. Ал баштап мечиттин милдетин аткарган. Ал эми Таш медресе 1841-жылы Маңгыттын акими Кожоныяз тарабынан курдурулган. Медреседе билим берүү эки баскычтуу болуп, биринчи баскычта араб тилинин грамматикасы үйрөнүлгөн болсо, кийинки баскычта диний-укуктук билимдер берилген.

XIX кылымдын баштарында каракалпактарда 318 мектеп, Каракум эшен, Калила ахун, Эгемберген ахун, Айбит эшен, Эшенкалаа өңдүү медреселер ачылган. Мындан тышкары каракалпактар Бухара жана Хива шаарларында билим алышкан.

XIX кылымдын акырында *Күнкожо (1799–1880), Аташ Алшынбай (1788–1875), Ажыныяз (1824–1878)* өңдүүлөрдүн аттары кеңири таанылды. Алар өздөрүнүн тагдырын элинин тагдыры менен байланыштырган адамдар болгон. Мисалы, Күнкожо өзүнүн чыгармачылыгында аулдардын карапайым калкын, алардын күндөлүк эмгегин жана турмушун ырдайт.

Ал адилетсиз тартиптерди катуу каралайт. Ажыныяз Касыбай уулу (псевдоними – Зевар) Мойноктогу мектепте, андан кийин Хивадагы Шергазыхан медресесинде окуган. Каракалпак интеллигенттеринин арасында биринчилерден болуп ахунд (окумуштуу, илимдүү киши; эл дастандарынын чебер ырчысы) даражасына жетишкен. Өзбек, казак, түркмөн тилде-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

рин мыкты билген. Акындын «Боз отав» дастанында каракалпак элинин турмушу, айныкса, алардын көчүп жүрүшү менен байланыштуу окуялар чоң чебердик менен сүрөттөлгөн. Ажыныяздын адабий мурасынан бизге 100 гө жакын ырлар жана дастандар жетип келген. Анын ырларында мекенчилдик, адамгерчилик идеялары ырдалган. Ал эми «Кыз Меңгеш менен айтыш» дастаны элдин арасында кеңири белгилүү болгон.

Бердак (1827–1900) Аралдын боюнда туулган. Аул мектебинде, андан кийин Каракум эшен медресесинде окуган. 20 жашынан ыр жаза баштаган жана жарым кылым бою ар түрдүү темаларда өлөң ырларын жазган.

Бердак чыгармачылыгын эли үчүн өлбөс чыгармаларды жаратууга багыштады. Ырларынан бири да «Эл үчүн» деп аталган. Анын ырларында зулумду каралоочу сезимдер, айкөлдүк үстөмдүк кылган.

XX кылымдын баштарына келип каракалпак адабиятындагы демократиялык салттарды жаңы муундун өкүлдөрү Умар, Сарыбай, Кулмурат, Садык өңдүүлөр улантышты.



Бердактын айкели

Күнкожо – ... Зевар – ...
Бердак – ... Медреселер – ...









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН



Каракалпак үй-бүлөсү

Каракалпак элинин оозеки чыгармачылыгы терең мазмунга ээлиги жана элчилдиги менен өзгөчөлөнүп турат. Эл руханий маданиятынын жогорку деңгээли укумдан тукумга өтүп келген эл дастандарында, термелеринде, ошондой эле, музыкалуу өлөңдөрдө сакталып калган. Алардын арасында макалдар, насааттар, өлөңдөр, насыйкат ырларында туюнтулган «аталардын сөзү» өзгөчөлөнүп турган. Каракалпактар той-мааракелерин ырсыз, дастандарсыз, тарыхый аңгемелерсиз өткөзүшпөгөн. Майрамдарда жана уруунун башка салттарында «Кырк кыз» жана түркийлердин башка дастандары ырдалган.

Каракалпак оозеки элдик чыгармачылыгында шакабанын каарманы болгон Өмүрбек лаккынын образы аркылуу кара өзгөйлүк, жамандык, таш боордук, зулумдук өңдүү терс илдеттер шылдыңдоо жолу менен ачылып, мээнеткечтик, изгилик, баатырдык улууланган. Эл арасында каракалпак фольклорунун дастан жолдору белгилүү эле. Дастан баатырдык жөнүндө ыр түрүндөгү чыгарма болуп, анда элдин бакыт-таалайы жана бейпилдиги жолундагы айкөл баатырлардын эрдиктери ырдалган. Ал эми кыйла белгилүү дастандардын арасынан каракалпактардын «Кырк кыз» дастаны өзгөчөлөнүп турат.



Каракалпак балдары

Дастанда Саркубдун өкүмдары Аллаяр өзүнүн кызы Гүлайымга Муели деген түшүмдүү жерлерди белекке бергени жөнүндө айтылат. Ал жерде Гүлайым жана анын кырк күңү бекем бир чепти курушат. Душмандар Саркубдун жерлерине чабуул жасап, Гүлайымдын атасын өлтүрүшөт. Саркубдун мүлктөрү таланат, саркубдуктардын көпчүлүгү туткунга алынып, алып кетилет. Гүлайым менен анын күңдөрү душманга каршы күрөшкө чыгат, каракалпактарды туткундан бошотушат жана Ата мекенин боштондукка чыгарышат. Бул иште Гүлайымга анын сүйгөнү харезмдик баатыр Арстан жардам берет. Дастандын башкы идеясы – жогорку мекенчилдик сезими жана Ата мекенге, элге чексиз сүйүү. «Кырк кыз» дастаны бүгүнкү күндө оозеки элдик чыгармачылыктын шедеврлеринен бири саналат.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Каракалпак келиндеринин белгилүү улуттук көк көйнөгү жана жасалгалары



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Чекиттердин ордуна тиешелүү маалыматтарды киргиз.
   Өмүрбек лаккы – ...   Гүлайым – ...
   «Кырк кыз» – ...   Дастан – ...
2. «Кырк кыз уламышы — тазалыктын, эрктин жана берилгендиктин символу» деген пикирди мекенчилдик, эрдик, биримдик менен байланыштырып мүнөздө.



## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Каракалпактарда эл чыгармачылыгы кандай көрүнүштөрдө өнүктү?
2. Каракалпактардын эң белгилүү «Кырк кыз» дастанынын мазмунун айтып бер.
3. Ажыныяздын чыгармачылыгы жөнүндө эмнелерди билип алдың?
4. Бердактын тарыхый дастандарын санап бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТҮРКСТАНДА ЖАДИДЧИЛИК КЫЙМЫЛЫ

## БҮГҮН САБАКТА

- Түркстанда билим берүү.
- Жадидчиликтин калыптанышы.
- Улуттук прогрессивдүү кыймыл.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Алган билимдериңе таянып төмөнкү суроолорго жооп бер:

1. Борбордук Азия хандыктарында билим берүү системасы кандай болгон?
2. «Билим берүү өнүксө – коом өнүгөт» деген пикирди үйрөнүлүп жаткан доор менен байланыштырып түшүндүр.
3. Россия империясы Орто Азияны басып алгандан кийин билим берүү системасында кандай өзгөрүштөр болду?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Ар бир коомдогу өзгөрүштөрдө ошол коомдун жетекчи адамдарынын, айныкса, интеллигенттеринин орду чоң болуп, алардын ар бири өзүнө мүнөздүү идеяларды илгери сүрөт. Алар коомдогу социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүү жолдорун табууга аракет жасашат. XIX кылымдын экинчи жарымында колониалдык зулумдун астындагы интеллигенттер өз элдеринин сабатын чыгарууга жана алардын өнүгүү деңгээлин жогорулатууга каратылган кыймылдарды башташты.



**«Жадид»** сөзү араб тилинен алынган болуп, «жаңы» деген маанини билдирет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

XIX кылымдын акырларында жадидчилик кыймылы пайда болду. Мунун натыйжасында жаңы усул мектептери уюштурулуп, билим берүүнү өнүктүрүү аркылуу көз карандысыздыкка чыгууга болот, деген идеялар илгери сүрүлгөн.

XX кылымдын баштарында көптөгөн жадид адабияттарынын, газета-журналдардын массалык түрдө басылышы, өлкө калкынын буга кызыкдарлыгынан жана сабаттуу экендигинен күбөлүк берет.

Интеллигенттер эл ичинде алдыңкы идеяларды таратууда агартуу системасын негизги каражат деп билишти.

XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап Түркстанда агартуучулук кыймылы пайда болду.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Билим берүү тармагынын өлкөнүн өнүгүшүнө канчалык таасири бар?
2. Эмне үчүн Россия империясы басып алган аймактарында өзүнүн билим берүү мекемелерин уюштуруу иштерине өзгөчө көңүл бурду?
3. Эмне үчүн жергиликтүү интеллигенттер эл арасында алдыңкы идеяларды таратууда агартуу системасын негизги каражат деп билди?
4. XIX кылымдын экинчи жарымында Россия империясынын курамына кайсы аймактар кирген?
5. Бухара амирлигинин жана Хива хандыгынын Россия империясынын вассалына айланышы кандай натыйжаларга алып келди?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Крым-татар агартуучусу болгон **Ысмайыл Гаспиралы** (1851–1914) бүткүл түркий элдердин ортосунда жайылган жадидчилик кыймылынын негиздөөчүсү эсептелет. Ал диний жана жарандык билимдерди терең ээлеп, дүйнөнүн өнүгүшү менен жакындан таанышкан, бир нече чет тилин, түрдүү элдердин маданиятын үйрөнгөн эле.

Жадидчилик идеяларынын кеңири жайылышында «Котормочу» газетасы чоң роль ойноду. Ысмайыл Гаспиралынын 1893-жылы Ташкент, Самарканд жана Бухарага сапары агартуучулук идеяларынын кийинки өнүгүшүнө түрткү болду.



**ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ**

1. Эмне үчүн жадидчилик идеяларынын кеңири жайылышында «Котормочу» газетасы чоң роль ойноду?
2. Кандай ойлойсуң, жадиддер өз идеяларын таратууда газеталардан пайдаланууну максат кылып койгон болсо, калктын сабаттуулугу кандай болгон?

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Бухара амирлигинде биринчи жаңы усул мектеби 1893-жылы иш баштады. Кийинчерээк мындай мектептер башка аймактарда да кең таралды. Жадиддер агартуучулук жолунда Крым интеллигенттеринин тажрыйбаларын үйрөнүү менен бирге башка өлкөлөрдөгү прогрессчилердин алдыңкы идеяларынан да пайдаланышкан.

Орто Азиядагы улуттук прогрессивдүү кыймыл аймактык өзгөчөлүктөрү боюнча Түркстан, Бухара жана Хива жадиддерине бөлүнөт. Түркстан жадидчилигинин негизги курамын интеллигенттер түзүп, алар Россия империясынын колониалдык саясатына каршы күрөштүн алдыңкы саптарында турушту.

Бухара жадидчилик кыймылы Түркстан өлкөсүнө салыштырмалуу оор социалдык-саясий шартта пайда болду. Анын курамы, негизинен, майда дүкөнчүлөрдөн, мугалимдер, кол өнөрчүлөр, соодагерлерден турган.

Бухаранын жадидчилиги айрым консервативдүү молдолор, жаңылыкты жана реформаларды жактырбагандар агымынын каршылыгына кабылды. 1910-жылдан баштап Бухарада жадидчилик кыймылы саясий уюм иретинде калыптана баштады.

**ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ**

Эмне үчүн жадиддер Бухарада мамлекеттин ички башкаруу системасы заман талаптарына жооп бербестигин, саясий-административдик түзүлүштү өзгөртүү керектигин көтөрүп чыгышты? Пикириңди негизде.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Хива хандыгында жадидчилик эки агымдан турган болуп, анын оң агымы Башкы вазир Исламхожанын башчылыгында хандыктагы соода-өнөр жай ишканаларынын ээлерин жана ири байлардын өкүлдөрүн бириктирди. Бул агым өзүнүн алдына өлкөдө хандын бийлигин сактап калган түрдө реформа жүргүзүүнү максат кылып койду. Ал эми сол агым казыкалон Бабаахун Салимовдун жетекчилигинде капиталисттерди, кол өнөрчүлөрдү жана башка катмар өкүлдөрүн бириктирип, жаңы усул мектептерин уюштуруу аркылуу эл массасынын саясий активдүүлүгүнө жетишмекчи болушту.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Хива жана Бухара жадидчилигинин окшош жана айырмалуу жактары эмнеде? Пикириңди негизде.



Түркстанда прогрессивдүү кыймылдын өнүгүшү эки баскычта жүрдү. Биринчи баскычта агартуучулуктан башталган бул кыймыл 1917-жылга келип, өзүнүн экинчи баскычында – саясий күрөнүштөгү кыймылга айланды.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Бухарадагы эски мектеп

1909-жылдан жаңы усул мектептерин ачуу үчүн атайын уруксатнаама алынышы белгиленет. Муну менен мектептер каттоого алынган, ал эми каттоого алынбаган мектептердин иштешине жол берилбеген.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Түркстанда ошол доордогу колониалдык өкмөттүн, анын мансаптууларынын жана жергиликтүү консервативдүү динчилдердин каршылыгына карабай, жадиддер агартуучулук кыймылдарын басма сөз, маалымат каражаттары жана театр тармактарында уланта беришти. 1898-жылы Кокон шаарында Салохиддин дамбылда экинчи жадид мектебин ачты. 1899-жылы Андижанда Шамсиддин дамбылда жана Ташкентте Маннан кары жадид мектебин ачып, көптөгөн окуучулардын жаңы усулда билим алышына жетишишти.

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Ысмайыл Гаспиралы – ... 1884-жылы ... 1893-жылы ...
2. Түркстанда жадидчилик кыймылы качан пайда болду?
3. Жадидчилик кыймылынын пайда болушуна кандай факторлор түрткү болду?
4. Ысмайыл Гаспиралы жана анын ишкердиги жөнүндө эмнелерди билип алдың?
5. Жадид мектептерин кимдер уюштурган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЖАДИДЧИЛИК КЫЙМЫЛЫНЫН ӨКҮЛДӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫН ИШКЕРДИГИ

**БҮГҮН САБАКТА**

- Түркстан жадидчилик кыймылынын ири өкүлдөрү.
- Жадиддер кыймылынын улуттук өзгөчөлүктөрү.

**ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН**

1. Жадидчилик кыймылынын жетекчилери жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Абдулла Авлоний, Махмудхожа Бехбудий жөнүндөгү фильмдерди көргөнсүңбү?
3. QR-код аркылуу берилген фильмдерди көр. Фильмде сенин көңүлүңдү эмне тартты? Фильмдер окуяларынын негизинде доорго баа бер.



**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**


XX кылымдын баштарына келип Ташкент, Самарканд, Бухара, Фергана өрөөнүнүн шаарларында ондогон жадид усулундагы мектептер ачылды. Жадиддер жаштарды тарбиялап, алар аркылуу Түркстанда эгемендүү мамлекетти куруу үчүн улуттук мамлекетчилик идеяларын илгери сүрүшкөн. XX кылымдын башына келип Түркстанда жадид интеллигенттеринин бүткүл бир мууну – өлкөдө руханий-агартуунун, улуттук маданияттын өнүгүшүнө чоң салым кошкон өкүлдөрү пайда болду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# ЖАДИДЧИЛИК КЫЙМЫЛЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИ






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Түркстан жадиддерин бириктирүүдө «Орто Азия жадиддеринин атасы» деп таанылган Махмудхожа Бехбудийдин (1875–1919) кызматы чоң болду.

А. Авлоний түзгөн «Туран» театрынын труппасы

**Махмудхожа Бехбудий** Орто Азия жадидчилик кыймылынын негиздөөчүсү жана жол башчысы болгон. Түркстанда агартуучулук кыймылынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон инсан эсептелет. Бехбудийдин демилгеси менен атасынын урматына «Бехбудия китепканасы» деп аталган китепкана түзүлгөн.

**Мунавваркары Абдурашидханов** (1878–1931) – Түркстан өлкөсүндө жадидчилик кыймылынын ири өкүлдөрүнөн бири. Ал жадид мектептери ачылышынын демилгечиси жана активисти, улуттук газета жана журналдардын негиздөөчүсү, редактору жана жадид театрынын үгүттөөчүсү болгон. Мунавваркары мектептер үчүн «Адиби аввал», «Адиби соний», «Жер жүзү» өңдүү окуу китептерин жараткан.

**Абдулла Авлоний** 1878-жылы Ташкент шаарында кол өнөрчүлөрдүн үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Ал мектеп жана медреседе билим алып, заманасынын илимдүү жана терең билимге ээ инсандарынан бирине айланды. Абдулла Авлоний өлкөдө билим берүү, басма сөз, театр тармактарынан өнүгүшүнө чоң салым кошуп, 1907-жылы «Шухрат» газетасын негиздеди. Өзү уюштурган жаңы усул мектеби үчүн «Биринчи муаллим», «Экинчи муаллим», «Туркий гүлстан же ахлак» өңдүү окуу китептерин жаратты.

Махмудхожа Бехбудий, Мунавваркары Абдурашидханов, Абдулла Авлоний өңдүү башка улуттук прогрессчилер да агартуучулук ишкердигин жүргүзүп, жаңы мектептерди, кайрымдуулук коомдорун, китепкана жана китеп дүкөндөрүн ачышты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Түркстан жадидчилик кыймылынын өкүлдөрү түркөйлүктү, билимсиздикти, маданиятсыздыкты каралашкан.

Түркстандын прогрессивдүү капиталисттери жаштарды чет өлкөлөргө жиберишкен, зарыл кесиптерди ээлеп, элге пайдалуу кызмат кылган жаштарды жана алар үчүн кайгырган жадиддерди колдоп-кубатташкан.

Андижандык Миркамил Мирмомунбаев өзүнүн эсебинен мына ошол ишке чоң санда каражат бөлгөн. 1908-жылы Бухарада Абдувахид Бурханов, Мукаммил Бурханов, Хамидхожа Мекрий, Ахмаджон Абдусаидов жана башкалар «Тарбияи атфол» («Балдардын тарбиясы») коомун уюштуруп, 1911-жылы 15, ал эми 1912-жылы 30 окуучуну Түркияга окууга жиберишкен.

«...Мектеп менен медресени бир улуттун, ал тургай адамзаттын даражалуу өнүгүүсү жана улуулугу десе болот. Өнүгүүгө жана улуулукка мектеп жана медреселердин көптүгү менен гана эмес, ошондой эле эреже жана тартипке баш ийип, жакшы башкаруу менен жетишүүгө болот. Дүйнөдө жашап жаткан улуттар өнүгүүнү алгачкы мектептерден баштаган. Чындыгында да өнүгүү жана өркүндөө үчүн биринчи жол жана негиздин негизи мектеп саналат».

Молдо Рахимхандын «Масала». макаласынан. «Изхар ул-Хак» журналы, 1918-жыл



Миркамил Мирмомунбаев (ондо) соодагер досу менен

«Тарбияи атфол» коомунун катышуучулары



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Жадиддер ишкердигин эмнеге багытташкан? Эмне үчүн?
2. Прогрессивдүү интеллигенттер тарабынан кандай окуу китептери даярдалган?
3. «Тарбияи атфол» коомунун максаты эмне эле?
4. QR-код аркылуу көрүп, ошол доордогу билим берүү системасы менен тааныш. Билим берүүнүн өнүгүшүндө кандай тоскоолдор болгон? Пикиринди негизде.



Только для предоставления исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Эгерде биздин мектептер башка улут мектептери өңдүү бир жобого коюлуп, мыкты мугалимдик милдетин кызматына жараша аткара алган адамдар даайындалганда эле, күнөөсүз урпактарыбыздын руханий турмушуна, бул жана тигил дүйнө таалайына биринчи себеп боло турган илим жана агартуудан бул деңгээлде ажырап калганына себеп болбойт элек»

Мунавваркары Абдурашидханов



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

XX кылымга келип өлкөдө бир жактан түрдүү социалдык-саясий жараяндардын натыйжасында тартип жана экономикалык мамилелер куралып жаткан болсо, экинчи жактан өлкөнүн аймагына түрдүү идеялык агымдар кирип келе баштады.

Колониалдык доордо шариаттык маселелерди чечүү, ханафийлик мазхабин таза бойдон кийинки муунга жеткирүү маселеси олуттуу көйгөйлөрдөн бирине айланды. Ошол максатта 1917-жылы 10-августта Ташкент шаарында *«Фукахо коому»* түзүлдү.

Коом төрт казы жана алардын алдындагы катчы, аълам жана муфтийден турган болуп, алар жарандардын социалдык-тиричилик турмушунда туш келиши мүмкүн болгон маселелерди шариат жолу менен чечүүнү өзүнүн алдына максат кылып койду. «Фукахо коомунун» басылымы болгон «Изхар ул-Хак» журналындагы бир макалада: *«Тахзиб жана тасфияи ахлак деген нерсе мектептерибизде түк жок. Окуунун мөөнөтү аябай көп болгондуктан, көпчүлүк балдарын 8–15 жылга мектепке бере алышпайт, анткени кудурети жана шыктары жетишпейт. Ошондой эле мектептерибизде тартип да жок. Ошондуктан мектепте жүргөн кымбаттуу, каухардай сейрек балдарыбыздан он беш же сегизинен эки же үчөөсү гана сабаттуу болуп чыгат»,* — дейилет. Макалада мектептерде китептерди жаттатуу, сабат чыгаруу менен гана коомду өнүктүрүп болбостугу баса белгиленет. Ошону менен бирге ар бир мектеп жана медреседе катуу тартип болушу зарылдыгы айтылган.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. «Катуу тартип болушу зарыл», – дегенде эмнени түшүндүң?
2. Билим берүүнүн натыйжалуулугу катуу тартиптен көз карандыбы? Эмне үчүн? Пикириңди негизде.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Исламизмдин мурдагы кылымдарындагы мусулмандар үй-бүлө тарбиясына маани берип, эркек жана кыз балдарын окута башташкан. Аялдар укугун киргизишкен. Жана анын көлөкөсүндө агартуу жана маданият жолуна кадам басып, улуу бир кубатка ээ болушкан. Көп узабай дүйнөнүн көп гана бөлүгүн өздөрүнө каратышкан. Ошол кылымдарда ислам дүйнөсүндө эрлердин катарында аялдардан да канча окумуштуу жана акын, жазуучу, катчы жана сынчылар жетишкен эле».

Хажы Муин, «Үй-бүлө тарбиясы» , «Эмгекчилер үнү» газетасы, 1918-жыл.

**Делегат** (латинче – жиберген) – кандайдыр уюм, жамаат тарабынан ыйгарым укук менен шайлап же дайындап жиберилген өкүл.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Хажы Муин «Үй-бүлө тарбиясы» макаласында эмнени сындаган? Коомду өнүктүрүү үчүн кандай сунуш берилген?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Жадиддер көптөгөн жаштарды өнүккөн чет өлкөдөгү мамлекеттерге, ошонун катарында, Германияга окууга жиберүү, ал жерден алар билим алып келип, журту жана улуту үчүн кызмат кылуу идеяларын илгери сүрүштү. Алардын аракеттери менен жергиликтүү калк тарабынан жаштардын чет өлкөдө окуп келишине кете турган сарптары үчүн каражаттар жыйналды.

Өлкөдө соода-сатыктын, өнөр жайдын жана айыл чарбанын өнүгүшүнүн салыштырмалуу талдоосуна арналган көптөгөн макалалар жарыяланды.

## БИЛЕСИҢБИ?

Түркстан прогрессчилеринен бири, Ташкенттин «Кар жаады» маасинен болгон Асадуллахожа уулу Убайдуллахожа Россияда укук таануу багыты боюнча билим алып, биринчи жогорку маалыматтуу өзбек адвокаты болду. Ал залкар орус жазуучусу Лев Толстой менен жазышып турган. Прогрессчилер бардык тармактарды өнүктүрүүгө жараган жергиликтүү кадрларды даярдоо, завод жана фабрикаларды куруп, продуктуларды өлкөнүн өзүндө өндүрүү зарыл деп билишкен.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Федерация** (латинче – уюм болуп бекемдөө) – мамлекеттердин өз саясий эркиндигин белгилүү көлөмдө чектөө жолу менен жалгыз уюмга биригиши.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1917-жылдын февраль айында Россияда кандай окуялар болгон?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Түркстандын прогрессчилери XX кылымдын баштарында дүйнөдө жүрүп жаткан саясий жараяндарга кунт коюп байкоо жүргүзүштү. Ошол доордо чет өлкөдө ишкердик көрсөтүп жаткан саясий партиялардын программаларын үйрөнүштү. Кескин жагдайда прогрессчилер өзбек элинин тынчтыкты сүйүүчүлүгүнөн, токтоолугунан келип чыгып, бардык көйгөйлөрдү тынч жол менен чечүүгө умтулушкан.

1917-жылга келип Түркстан жадидчилиги саясий кыймылга айланды.



«Садои Түркстан» газетасынын кызматчылары





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Россия империясы согуштан чыккандан кийин жадиддер парламентардык монархия үчүн күрөшкөн болсо, февраль окуяларынан кийин кыйла кең көлөмдүү, бир топ саясий талаптарды илгери сүрүштү. Ошонун катарында, жергиликтүү калктын укуктарын кеңейтүү, өлкөнү башкаруу боюнча реформаларды жүргүзүү, Мамлекеттик Думада өлкө калкынын санынан келип чыгып орун ажыратуу, улуттук басма сөз эркиндигин камсыздоо өңдүүлөр.

Ошол эле учурда, улуттук-саясий партиялар жана уюмдар, мисалы, «Шорайи исламия», «Иттифок» өңдүү бир топ уюмдар түзүлдү. Бул мезгилде жадиддер жергиликтүү калктын социалдык курамынын бардык катмар өкүлдөрүн өзүнүн артынан ээрчите алды. Түркстанда жадиддердин ишкердиги жергиликтүү калктын билимине, аларда улуттук өздүгүн билишинин күчөйүшүнө, боштондук үчүн күрөштөрдүн чыгышына өзүнүн таасирин көрсөттү. Жадидчилик кыймылы өлкөдө империя өкмөтүнүн колониалдык саясатына каршы турган негизги руханий күч иретинде чыга келди.

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Жадиддердин алгачкы саясий уюму кандай аталган жана анын катышуучуларынын алдына кайсы милдеттер коюлган эле?
2. Жадиддердин идеяларын өзүндө чагылдырган кандай газета жана журналдарды билип алдың?
3. Прогрессчилердин жаштардын билим алышына кошкон ири салымы эмнелерден турат?
4. Жадиддердин кыймылы Түркстан калкынын аң-сезимине кандай таасир көрсөттү?
5. Туура жоопту тап.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Делегат | а | латинче – *уюм болуп бекемдөө* – мамлекеттердин өз саясий эркиндигин белгилүү көлөмдө чектөө жолу менен жалгыз уюмга биригиши. |
| 2 | Жадид | б | арабча – «жаңы» деген маанини билдирет. |
| 3 | Федерация | в | латинче – *жиберген* – кандайдыр уюм, жамаат тарабынан ыйгарым укук менен шайлап же дайындап жиберилген өкүл. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТҮРКСТАНДА ИЛИМ-БИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ

## БҮГҮН САБАКТА

- Тарых, табигый предметтер боюнча илимий изилдөөлөр.
- Адабият жөнүндө.


1876-жылы Ташкентте Түркстан музейи (азыркы Өзбекстан тарыхы мамлекеттик музейи) түзүлдү.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Махмудхожа Бехбудийдин төмөнкү пикирлерин оку. Эмне үчүн ал өзүнүн мекенинин тарыхын үйрөнүү интеллигенттүү, жеткилең жана адилеттүү адам болуу үчүн зарылчылык деп эсептеген?

*«Азыркы дүйнөдө жашоо, интеллигенттүү, жеткилең жана адилеттүү болуу үчүн өз мекенинин тарыхын үйрөнүү зарыл».*

2. XX кылымда дүйнө илим-билиминдеги өзгөрүштөрдү жана Түркстан өлкөсүндөгү жагдайды иликте. Бул доордо кандай илимий ойлоп табуулар жасалды?
3. Орто Азия хандыктарынын өнүгүүдө артта калышына негизги себептер эмнелерде көрүнөт?




## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

XIX кылымдын акыры – XX кылымдын баштарында илим-билим жаатында чоң ийгиликтерге жетишилди. Бул ийгиликтерге жетишүүдө жадиддердин ролу чоң болду. Жадиддер Түркстанда сабаттуу жана билимдүү адамдарды тарбиялоодо тарых илиминин маанисин жогору баалашты.


Өзбекстан тарыхы мамлекеттик музейи





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Тарыхчы жана журналист Молдо Алым Махдум ажы «Тарыхы Түркстан» («Түркстан тарыхы») чыгармасын жазды. Бул чыгарма өзбек тилинде басмадан чыкты. Анда байыркы доордон XX кылымдын баштарына чейин Түркстанда болгон окуялардын жылнаамасы баяндалган эле.

Бул китеп өзбек тилиндеги алгачкы тарыхый чыгарма иретинде даңкка бөлөндү.

XIX кылымдын 90-жылдарында жана XX кылымдын баштарында Орто Азиянын табигый байлыктарын өздөштүрүү жана күмбөздөрүн үйрөнүү менен байланыштуу изилдөө иштери күчөдү.

Ошондой изилдөөлөрдүн биринде 1908-жылы Улугбек обсерваториясынын калдыктары жана обсерваторияга тиешелүү аспаптардын бир бөлүгү табылды.

1908-жылы обсерватория имаратынын калдыктары жана обсерваторияга тиешелүү аспаптардын бир бөлүгү табылды.



Самарканддагы
Улугбек обсерваториясы
(реконструкция)



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Өлкөдөгү илимий изилдөөлөр империя үчүн кандай мааниге ээ болгон? Эмне үчүн Россия империясы өлкөнү ар тараптан терең үйрөнүүгө көңүл бурган?



П. П. Семёнов Тян-Шанский

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Аймакты карталаштыруу жана климатын үйрөнүү үчүн Ташкентте метеорология станциясы түзүлдү. Адистердин тартыштыгы себептүү көпкө кең көлөмдүү илимий изилдөөлөрдү калыптандыруу жүзөгө ашырылбады.

XIX кылымдын 90-жылдарында жана XX кылымдын баштарында гана Орто Азиянын табигый байлыктарын өздөштүрүү менен байланыштуу изилдөө иштери күчөдү. Мисалы, Н. А. Северцев Памир тоо системасын үйрөнүп, ботаникага жана минералдарга тиешелүү үлгүлөрдү чогултту. П. П. Семёнов Тян-Шанский Тянь-Шань тоо системасын үйрөнүп, мөңгү, вулкандар жөнүндө кызыктуу маалыматтарды жыйнады.

Түркстан айыл чарба коому кыйла активдүү иш баштады. Коом басмадан чыгарган «Түркстандын айыл чарба» журналы тармактагы өндүрүш, жерлерди сугаруу, дыйканчылык жана жерден пайдалануу боюнча алдыңкы усулдарды үгүттөдү. Жергиликтүү климат шартына ылайыкташкан өзүнө мүнөздүү Орто Азия пахта сортундагы алгачкы түшүм алынды.

1871-жылы түзүлгөн «Орто Азия Окумуштуулар коому» каражаттын жоктугу себептүү 1893-жылы өз ишин токтотту.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бул доордо адабияттын бир топ өкүлдөрү жетишип чыкты. Алардан Мукимий, Фуркат, Завкий, акын Анбар атын, Аваз Өтар уулу, Ахмад Дааныш жана башкалардын чыгармачылыгын өз алдынча көрсөтүүгө болот. Ырларындагы чындык жана кең пейилдик аларды белгилүү эл акындарына айландырды.

Анбар атын аялдардын коомдогу жана үй-бүлөдөгү укуксуз абалы жөнүндө ачуу чындыкты ырдап чыкты. Өзбек акындарынын ырлары кеңири эл массасынын жүрөгүнөн түнөк тапты. Алардын ырларынын негизинде көптөгөн ырлар обонго салынды.


XX кылымдын баштарында өзбек адабиятында жаңы жанрлар пайда болду. Прозада жаратылган чыгармалар да дүйнө жүзүн көрдү. Жадид адабиятында 1910-жылы Абдулла Кадырий алгачкы прозаларын жарыялады.

1870-жылы Ташкентте Түркстан элдик китепканасы түзүлдү.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Анбар атын менен Мухаммад Аминхожа Мукимийдин калемине таандык кайсы чыгармаларды билесиң? Алар эмнеси менен эсиңде калган?
2. Абдулла Кадырий өзбек адабиятында кайсы жанрды баштап берди жана ал мурдагы доор адабиятынан кайсы жактары менен айырмаланат?
3. QR-коддо берилген Абдулла Кадырийдин «Улакта» аңгемесин оку. Аңгеменин негизинде коомдун турмушуна баа бер.

Хива театры,
Ташкент



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1911–1913-жылдарда Түркстандын түрдүү шаарларында театрлар түзүлдү. Жазуучулар алар үчүн пьесалар жазышты. Сахнада жаңырган эне тилиндеги кептер жана театр актёрунун кыймылдары элдин массасына карата кудуреттүү таасир каражатына айланды.

Жадид театрларында спектаклдердин көпчүлүгү ачык сахналарда коюлуп, аларга көптөгөн көрүүчүлөр түшкөн. Алгачкы өзбек көрүүчүлөрү үчүн жадиддер койгон пьесалар ахлактык тарбия мектептерине айланды.

Махмудхожа Бехбудий тарабынан жазылган белгилүү «Падаркуш» пьесасында аталар менен балдардын ортосундагы мамиле руханий жакырлык, мал-мүлккө берилүү кандай кесепеттерге алып келиши баяндалган.

Өзбек улуттук театрынын калыптанышында жадиддердин ролу чоң эле. Ушул жерде Махмудхожа Бехбудийдин: «Театр – бул үлгү алуунун жери», деп айткан пикирин эске алуу орундуу.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Жадид адабиятында ошол доорго мүнөздүү кандай идеялар үстөмдүк кылат?
2. Ошол темада чакан эссе жаз.

1868-жылы колониалдык өкмөт тарабынан өлкөдө орус билим берүү мектептерин уюштуруу долбоорун иштеп чыгуу боюнча көрсөтмө берилген.

1870-жылы өлкөдө окуу бөлүмүн түзүү боюнча атайын комиссия Ташкент шаарында иш баштады. 1886-жылы Ташкент шаарында Россия Эл агартуу министрлигине караштуу 9, ал эми 1889-жылга келип 14 билим берүү мекемеси иштеп турган.



Гимназиянын окуучулары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



«Туран» театры труппасынын алгачкы спектаклдери коюлган «Колизей» театры-циркинин имараты, Ташкент



Өзбекстанда XX кылымдын баштарынан заманбап футбол эрежелеринин негизинде оюндар өткөрүлгөн. 1912-жылы Кокондо биринчи футбол командасы түзүлдү.

## БИЛЕСИҢБИ?

**Кудайберген Деванов** 1878-жылы туулган. Бала кезинен билимге чаңкактыгы жана чыгармачыл шыгы менен өзгөчөлөнүп турган. Ал араб, перс жана орус тилдерин үйрөнгөн. Кызыгуучу өспүрүм немис тилин үйрөнө баштаган жана бул тил келечекте анын тагдырын белгилеп берген.

1903-жылы Кудайберген Деванов Хиванын мунараларын жана айылдаштарын сүрөткө тарта баштаган. Баштап мындай иштер диний уламалардын катуу каршылыгына жолуккан. Бирок фотосүрөтчүнү ар кандай жаңылыкка кызыгуучу Мухаммад Рахимхан II өзүнүн коргоосуна алган. Ал хан гана эмес, ошондой эле шыктуу акын жана обончу иретинде да тарыхта калган. Өкүмдар Кудайбергенге өзүнүн сүрөтүн тартууну буюрган, соң аны өзүнүн деванына ишке чакырган.



Кудайберген Деванов





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Биз, Харезм өлкөсүнүн жогорку кагасы Мухаммад Рахимхан Экинчи төмөнкү жогору буйрукка кол койдук. Харезм макамдары элдин кол тийгис мүлкү деп жарыялансын. Бул жогору буйрукка шек келтирген жана макамдарды кемсинткен же аны бузуп аткарган адамдар катуу жазалансын!»

1882-жыл

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Элдик музыканттар белгилүү устаобончулардын колунда билим алышкан. Көптөгөн кылымдар бою бүткүл Чыгышта кеңири таралган классикалык макамдар профессионалдык музыканын оозеки салттарындагы баа жеткис казнасын түзгөн. Макамдар ири түркүмдүү оозеки-музыкалык (жекече жана музыкалык) чыгармалар саналат. Музыка аспаптары да аябай түркүн-түмөндүүлүгү менен өзгөчөлөнүп турган. Бул боюнча кылдуу-жаалуу музыка аспаптары (гижжак, кобуз, үч тар), кылдуу-медиаторлуу (домбра, дутар, танбур, уд, рубаб), кылдуу-урмалуу (чанг), үйлөмө (най, сурнай), мүштүк-үйлөмө (керней), урма-мембраналуу (доира, нагара, чынкавул) өңдүү музыка аспаптары кеңири таралган эле.



Ситораи Мохи Хоса





## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

XIX кылымдын акыры жана XX кылымдын баштарында архитектурада да өзгөрүштөр болду, Европа жана чыгыш архитектура салттары жуурулушуп кетти.

Мисалы, XX кылымдын баштарында Бухарада курулган Ситораи Мохи Хосанын курулушунда Уста Ширин Мурадов башчылыгындагы бир топ уста ганчкерлер иштеген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Фергана өрөөнүндө да өзбек эл архитектурасынын өзүнө мүнөздүү тармагы болгон. XIX кылымдын экинчи жарымында өрөөндүн улуттук архитектурасына Европа архитектурасы усулундагы үйлөрдү куруу салттары кирип келди. Ошентсе да, XIX кылымдын акырларында курулган Андижан жаме мечити өзүнүн курулушу менен жогорку улуттук архитектуранын үлгүсү болуп калды.



Ташкент аялдар гимназиясы

Ташкенттин Жаңы шаар бөлүгүндө генерал-губернаторлуктун административдик жана башка үйлөрү бой көтөрдү. Алар архитектурасы жагынан батыштын чөйрөсү жана усулунда курулган үйлөр эле.

Харезм архитектура мектебинин көңүл бурарлык жагы, порталдар, шыптар, форттор өтө назик дит жана сулуулуктун символу болгон араб жазуулары менен коздолгон. Каллиграфтар бул жазууларды чебердик менен үйдүн жасалгасына жуурулуштура алган.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

XIX кылымдын акыры – XX кылымдын баштарында Түркстандын сүрөт өнөрү Самарканд, Кокон, Бухара миниатюрачыларынын чыгармачылыгында, айныкса, таасын көрүндү (Ахмад Дааныш, Абдулхалык махдум, С. Сиддиков). Алар сүрөт өнөрүнүн салттык түрлөрүн сактап кала алышты.

XX кылымдын баштарында дубал орнаменттеринде мурда кездешпеген пейзаждар – сүзүп бара жаткан кеме, темир жолдор жана жаныбарлардын сүрөттөрүнөн пайдалана башташты.




Жыгач лавх жана Кудаярханга тиешелүү Курандын кол жазмасы. XIX кылым




«Юсуф менен Зулайка» Мырза Мир Исхак ал-Бухарий, XIX кылымдын акыры – XX кылымдын башы



Күмүш мукабалуу Курани карим. XIX кылым







Ширманпаз мечитинин устундары жана шыбы. XX кылым. Маргылан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Символикалык түстөр жана орнаменттер зергерликте, кийимдерде, сейрек таштардан иштелген жасалга буюмдарында үстөмдүк кылган.





XIX кылымдын акыры – XX кылымдын баштарында Түркстандын калкына табып, эмчи-домчу, сыныкчы, аначы, сүлүкчү өңдүү салттык медицинанын өкүлдөрү медициналык жардам көрсөтүшкөн. Жергиликтүү калктын арасында кан алдыруу жана сүлүктөн пайдалануу, ошондой эле, ар түрдүү укалоо (массаж) усулдары да кеңири таралган болчу. Дарылоочу каражат иретинде мышьяк, сымап, сулема (уулуу күкүн), киновар (сымаптын сульфиди), темирдин жана жездин купоросу, ачуу таш, нашатырь өңдүү минералдар кеңири колдонулган.

Табыптар өсүмдүк жана минералдардан даярдалган дарыларды оорулууларга берүүдөн тышкары, өздөрү да күкүрттү жана азот кислотасын даярдаганды билишкен, ошондой эле, демдеме, күкүн, таблетка, мазь жана пластырь даярдашкан.



## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Темада берилген сүрөттөрдүн негизинде элибиздин кол өнөрчүлүгүнө баа бер.
2. Архитектурадагы өзгөрүштөрдүн өзүнө мүнөздүү жактары жөнүндө презентация даярда.
3. Батыш жана Чыгыш салттарынын усулунда курулган имараттар жөнүндө маалымат чогулт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТҮРКСТАН ӨЛКӨСҮ 1917-ЖЫЛДЫН ФЕВРАЛЬ-ОКТЯБРЫ АРАЛАГЫНДА

## БҮГҮН САБАКТА

→ 1917-жылдын февраль-октябрь окуялары.
→ Февраль төңкөрүшүнүн Түркстан өлкөсүнө таасири.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Россияда болгон февраль жана октябрь төңкөрүштөрүнө эмнелер себеп болду?
2. Төңкөрүшчүлөрдүн максаттары эмнелерден турган?
3. Россияда болгон мамлекеттик төңкөрүштүн Түркстанга таасири болдубу? Эмне үчүн?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Түркстан жадиддери реформаларды баскычма-баскыч жүзөгө ашырууну, өркүндөө жана өнүгүүгө тынчтык жолу менен гана, парламент аркылуу жетишүүнү болжошкон эле. 1917-жылдагы окуялар жараяны, жадидчилик кыймылынын ири теориячысы Абдурауф Фитрат ошол учурда жазганы өңдүү, «Орусияда баш көтөргөн жаңы бир бале – большевик балеси» күчтөрдүн катышын таптакыр өзгөртүп жиберди. Өзбек элинин башка бир чыгаан уулу Махмудхожа Бехбудий тарабынан ортого ташталган «Чындык алынат, берилбейт!» урааны бүткүл улуттун күжүрмөн чакырыгына айланды.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Россиянын императору Николай II тактан кеткенден кийин кандай комитет түзүлдү? Бул өкмөт тарыхта кандай наам менен аталат?
2. Өкмөткө кимдер жетекчилик кылды? Алар кандай идеяларды илгери сүрүштү?



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Февраль төңкөрүшү Түркстан өлкөсүнүн мусулман калкын саясий жактан ойготууда, демократиялык өзгөрүштөргө жетекчилик кылмакчы болгон жаңы күчтөрдүн саясат майданына чыгышында чоң роль ойноду. Жадиддер пайда болуп жаткан улуттук демократиялык күчтөрдүн өзөгү болушту. Алар чөлкөмдүн жергиликтүү элдеринин өркүндөө жана көз карандысыздык жөнүндөгү идеяларын Февраль төңкөрүшүнүн идеялары менен байланыштырып, өздөрү жарыялаган принциптерди жүзөгө ашырууга активдүү киришишти.

1917-жылдын февраль айында Россия империясынын борборунда болуп өткөн мамлекеттик төңкөрүштүн натыйжасында 15-март күнү Николай II тактан баш тартты. Бийликке Убактылуу өкмөт келди. Ошентип, бул мамлекетте империялык бийликке чек коюлду. Бул кескин саясий өзгөрүш көз каранды өлкөлөрдүн турмушуна да таасирин тийгизиши табигый абал эле. Түркстан боюнча ар бир шаар, уезд, волость жана кыштакта эски административдик органдар Убактылуу өкмөт тарабынан жоюлуп, ордуна жамаат уюмдарынын аткаруу комитеттери, башкача айтканда жамаат коопсуздугу деп аталган комитеттер түзүлө баштады.

1917-жылдын март айында түзүлгөн «Шорайи исламия» уюмуна Мунаввар Кары Абдурашидханов жетекчилик кылды. Андан 1917-жылдын июнь айында «Шорайи улама» жана 1917-жылдын июль айында «Түрк адами марказият-фиркасы» («Түркстан федералисттер партиясы») бөлүнүп чыккан. Бул кыймылдар Түркстандын кызыкчылыктарын коргоону өзүнүн максаты деп билген чачыранды улуттук саясий күчтөрдү бириктирүү үчүн жасалган алгачкы аракеттерден бири эле.

«Шорайи исламиянын» демилгеси менен Ташкентте 1917-жылы 16–23-апрель күндөрү Бүткүл Түркстан мусулмандарынын биринчи өлкө курултайы болуп өттү. Анда бүткүл Түркстандан 150 гө жакын делегат чогулду. 20 га жакын маселени көрүп чыккан курултай өлкөдө колонизатордукту жоюу жана тартып алынган жерлерди жергиликтүү калкка кайтаруу боюнча токтом кабыл алган. Бул чогулушта Түркстанда мусулмандар Борбордук Кеңешин түзүүгө да келишилген. Бул токтом кийинчерээк Улуттук борбор түрүндө жүзөгө ашырылды.

**Убактылуу өкмөт иштеп чыккан жаңы мыйзамда:**

1. Орусиянын ар бир жараны дин маселесинде эркин.
2. Тогуз жашка жетпеген балдар ата-энесинин дининде, ата-энелери эки динде болсо, атасынын дининде эсептелет.
3. Ата-энеси белгисиз болгон балдар опекундарынын дининде деп эсептелет.
4. Он жети жашка чыккан ар бир адамга бир динден экинчи динге өтүшү үчүн эч кандай уруксат керек эмес.
5. Тогуз жашка жетпеген бала ата-энеси өткөн динге өткөн эсептелет.

**Ибрахим Тахирийдин «Уруяты диния» макаласынан,**
**Ал-Ислах, 1917.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Түркстан элдеринин кылымдар бою эңсегени эмне эле?
2. Түркстандыктар 1917-жыл февраль төңкөрүшүнөн эмнелерди күтүшкөн?
3. 1917-жылкы февраль төңкөрүшүнөн кийин Түркстанда кандай өзгөрүштөр болду?
4. Жаңы тарыхый шартта Түркстан жадиддеринин алдында кандай олуттуу милдеттер турган?
5. Бүткүл Түркстан мусулмандарынын I курултайы кандай маселелерге арналган эле?

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Түркстанда Россиядагы өңдүү кош бийлик эмес, төмөнкү үч бийлик пайда болду:

- *Биринчиси,* Россия Убактылуу өкмөтүнүн убактылуу Түркстан комитети;
- *Экинчиси,* Түркстандагы жумушчу жана аскер депутаттарынын жергиликтүү жана борбордук Советтери;
- *Үчүнчүсү,* жадиддердин «Шорайи исламия» уюму (коому) жана анын жерлердеги бөлүмдөрү, Ташкентте Түркстан өлкөсү мусулмандарынын совети (Краймуссовет) – Улуттук Борбор.

1917-жылы 1-ноябрда большевиктер Ташкентте да совет бийлигин орнотушту.



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Россиянын Биринчи дүйнөлүк согуштагы алсыздыгы, экономикалык кризис, анын кесепетинде башталган ачарчылык массанын нааразылыгын ого бетер күчөйтүрдү. 1917-жылы марттан баштап калктын арасында анык максатка багытталган ишти баштаган, элдик ураандарды ортого таштап, массанын көңүлүн тарткан большевиктер 25-октябрда зордукчул жолу менен төңкөрүш жасап, империянын борборунда бийликти ээлеп алды.

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Түркстанда канча бийлик пайда болду? Алардын максаттары эмне болгон?
2. 1917-жылы февраль-октябрь айларында Россияда болгон мамлекеттик төңкөрүштөн кимдер көбүрөөк кызыкдар болгон? Бул төңкөрүш Түркстан элинин турмушуна кандай таасир көрсөттү?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЖАШ БУХАРАЛЫКТАРДЫН ИШКЕРДИГИ ЖАНА БУХАРА АМИРЛИГИНИН ЖОЮЛУШУ

## БҮГҮН САБАКТА

- Жаш бухаралыктар.
- Амир Алымхандын реформалары.
- Бухара амирлигинин кулашы.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. XIX кылымдын акыры – XX кылымдын баштарында Бухарада социалдык-экономикалык жагдай кандай эле? Элдин наразылык кыймылдарынын максаттары эмнеден турган?
2. Бухарадагы жагдайды кантип өзгөртүүгө болмок? Өз пикириңди билдир.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

XX кылымдын баштарында Бухаранын социалдык турмушунда бири-бирине карама-каршы эки күч пайда болду. Биринчиси – Бухаранын саясий турмушун демократиялык негизде кайра куруу, анын экономикасын өнүктүрүү, алдыңкы өлкөлөрдүн катарына чыгышы үчүн чын жүрөктөн күрөшүүчү Жаш бухаралыктар, экинчиси – диний консервативдер, ар кандай жаңылык жана реформалардын душманы болгон катмардын өкүлдөрү эле.

Жаш бухаралыктар ишкердигин 1910-жылдан башташкан болуп, бул саясий кыймылдын түптөлүшүндө жаш түрктөрдүн «Иттиходи ва тараккий» партиясы чоң таасир көрсөткөн эле. Абдувахид Бурханов, Усман Хожа, Муса Саиджанов, Абдурауф Фитрат, Файзулла Хожаев жана Садриддин Айний өңдүү көптөгөн интеллигенттер жаш бухаралыктардын жеткилең өкүлдөрү болушкан.


Жаш бухаралыктар



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жаш бухаралыктар өлкөдө төмөнкү иштерди жүзөгө ашырууну көздөшкөн эле:

- амирликтеги жер-суу маселесине өзгөчө көңүл буруу;
- улуттук армияны калыптандыруу үчүн аскердик мектептерди ачуу;
- каржы маселесинде киреше-чыгашаларды эсептөө;
- агартуу жаатында амирликтин казнасы эсебинен мектептерди жана жогорку окуу жайларын ачуу.
- жеке бийликти (монархияны) европача конституциялык монархияга алмаштыруу.

1910-жыл 10-декабрь күнү амир Абдулахад кайтыш кылгандан кийин, такты анын уулу Саид Алымхан ээледи. Амир Алымхан саясий күчкө ээ боло электигинен жаш бухаралыктарга макул болууга аргасыз болот жана реформа өткөрүү үчүн убада берет. Бирок 1917-жылы Россияда болуп өткөн февраль төңкөрүшүнөн кийин, империя өкмөтүнүн кулашы амирликтеги социалдык-саясий жагдайды кескиндештирип жиберет. Жаш бухаралыктар амирди реформа өткөрүүгө чакырышат.



**ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ**

1. Жаш бухаралыктар өлкөдө жүзөгө ашырмакчы болгон иштери үчүн кандай мүмкүнчүлүктөр зарыл эле?
2. Амирликтеги социалдык-саясий жагдайдын кескиндешүүсүнө кандай факторлор таасир көрсөткөн?

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Амир Абдулахад уулу Саид Алымханды 1893-жылы Петербургга окууга жөнөттү. Уулу ал жерде 3 жыл бою аскердик иштердин жана мамлекеттик башкаруунун негиздерин үйрөндү. Амирлик тактына отурган Саид Алымхан Бухарада мамлекеттин негиздерин жана диний системаны өзгөртүүнүн аракетинде болгону жок. Бирок Россиядагы окуялар жана амирликтин өзүндөгү оппозициялык кыймылдар аны иш-чараларды көрүүгө жана Жаш бухаралыктардын (жадиддердин) өлкөнү демократташтыруу жана реформалар өткөрүү жөнүндөгү талаптарына макул болууга аргасыз кылды.

1917-жылдын жазында башкы казы амирдин иш жүзүндөгү түзүлүштүн негиздерине тиешеси жок, ал эми элдин абалын көп да оңдой бербеген буйругун окуп уктурду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Буйрукта адилеттүү соттоо, хираж, зекет жана башка салыктарды өндүрүүнүн туруктуу негиздерин жаратуу жөнүндө сөз болгон. Өнөр жайды жана сооданы өнүктүрүүгө да көңүл бурулган эле. Мансаптууларга кызматы боюнча милдеттерин аткаруу учурунда кошумча акы алууга тыюу салынды. Анын ордуна мамлекет тарабынан катуу белгилеп коюлган маяна киргизилди. «Соң биз тараптан, – дейилет буйрукта, – ошонун катарында, шариаттын буйругу менен өлкөдө пайдалуу билимдерди өнүктүрүү жана колдоого багытталган иш-чаралар көрүлөт». Буйрукта басмакана ачуу, камалгандарды зындандардан бошотуу жөнүндө да убадалар берилди.

## БИЛЕСИҢБИ?

Жаш бухаралыктар буйрукту жүзөгө ашыруу максатында Жаш бухаралыктар комитетин түзүштү. Махмудхожа Бехбудий, Молдохан уулу, Мырза Гулам оор-басырыктуу аракеттер менен буйрукту колдоп-кубатташкан. Файзулла Хожаев, Абдурауф Фитрат жана Усман Хожа өңдүүлөр дагы да терең реформалар өткөрүүнү талап кылып, шериктерин тездик менен демонстрация өткөрүүгө үгүттөшөт. 1917-жылдын 8-апрелинде жадиддер Карки жана Бухарада демонстрацияларды өткөрүштү. Бухарада демонстрацияга чогулган 150 адамга Файзулла Хожаев жана Абдурауф Фитрат башчылык кылышты. Ураандарда «Жашасын амир!» менен кошо «Уруят, Адилет, Эркиндик!» өңдүү башка мазмундагы чакырыктар да бар эле. Демонстрацияга чыккандар Аркка жетип келишкенде амирдин сарбаздары аларды токтотту.

Амирдин кошууну демонстрацияга чыккандарды таратып, камакка ала баштады. 30 дан ашуун демонстрант камакка алынды, көпчүлүгүнүн денесине жаракат жеткирилди. Кутулуп калган демонстранттар башка шаарларга качып жан сакташты. Бухарадагы окуялар жадиддерди сергектендирди.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Саид Алымхан өзү чыгарган буйрукка кандай мамиледе болду?
2. Демонстранттардын таратылышы жана окко тутулушу элдин Саид Алымханга болгон ишенимине таасир көрсөттүбү? Эмне үчүн?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1920-жылы январда Ташкентте орношуп калган Жаш бухаралыктардын сол бөлүгү Файзулла Хожаевдин жетекчилигинде «Төңкөрүшчү жаш бухаралыктардын Түркстандагы борбордук бюросун» түзүштү. Бирок бул уюм өзүнө абройлуу саясий күчтөрдү бириктире албаган. Уюм Орто Азияны таптакыр ээлеп, аны большевиктердин кол астындагы жаңы мамлекеттин курамына кошуп алууга аракеттенген баскынчылардын күрөш каражатына айланды.

Файзулла Хожаев жетекчилик кылган Жаш бухаралыктар жана большевиктердин биргеликтеги аракеттери менен козголоң башталат. 1920-жылы августта Чаржойдо Убактылуу төңкөрүш комитети түзүлөт. Жагдайдан пайдаланган советтер мамлекети мыкты куралданган кошуун жана жергиликтүү калкты коркунучка салган аскердик авиация менен камсыздалган ири аскердик бөлүктөрдү Бухарага таштады.

Амир жана анын кошуундары дээрлик эч кандай каршылык көрсөтө албады жана Алымхан Ооганстанга чегинүүгө аргасыз болду.

1920-жылдын 2-сентябрында большевиктер армиясынын кошуундары Бухарага кирди. 6-октябрда Бухара Элдик Советтик Республикасы жана Файзулла Хожаев башчылыгындагы биринчи өкмөт Элдик Комиссарлар Кеңеши түзүлгөндүгү жарыяланды.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Амир жана анын кошуундары дээрлик эч кандай каршылык көрсөтө албаганына Зиребулак келишиминин кандай тиешеси бар? Анда амир канча кошуунга ээ болушу көрсөтүлгөн эле?





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## БУХАРА ЭЛИНИН КАЙГЫСЫНЫН ТАРЫХЫ



Большевиктер бул ортодо көптөгөн айлакердикти колдоого, достуктун кийимин кийгендей болуп, чындыгында айла-амал чараларын колдонуу жолуна, жасакердик жолуна өтүштү. Келишим түзүмүш болуп Баранов деген тышкы иштер министри болумуш бир адамды убактылуу элчи кылып, Ташкенттен Бухарага жиберишти. Убактылуу өкүл бул көр пенденин алдына келип учурашты. Ал киши кечиримин айтып, сүйлөштү, сөздөрүбүздү угуп, биз менен келишишти. Ал кишинин өтүнүч менен айтышынча, орус мамлекети элүү беш жылдан бери Бухара мамлекети менен достукта жана ашначылыкта болуп келди, ушул маалга чейин биздин мамлекетибиз Бухара мамлекетинен бардык жакшылыктарды көрүп келүүдө, ошону менен бирге, эки мамлекеттин ортосунда бул ортодо эч кандай бири-бирине зыян жеткире турган иштерди жасашпады. Менин каалоом, бүгүндөн кийин да бул эки мамлекеттин ортосунда достук жана ашначылык гүлдөп-жайнаса жана бизге да сиздин мамлекетиңизден жардам жана пайда тийсе. Сиздерден биздерге ар канча кызмат болсо, биздин жумурият мамлекетибиз аны ордуна койсо. Бирок сиздерден бир сураныч бар, аскерлериңизди биздин темир жол станциясынан алсаңыз, анткени биз аны өзүбүзгө чеп кылмакчыбыз. Биздин аскерлерибиз жырткыч жана наадан адамдар. Эгерде сиздин аскерлериңизди көрүп калса, ага туш келип калып, сиздей улуу урматтуу адамдын алдында бизди уялтырып коюшат. Бул боюнча сиз эмнени каалап, тилегиңизди билдирсеңиз, ошол айткандарыңызды аткарабыз.

Ошентип аны менен сүйлөшүп, сөздөрүн угуп, келишим түздүк, ага кол да койдук. Ошону менен ал өзүнүн жайына кайтып кетти.

Бирок душмандарыбыз бул айла менен бизди капилетте калтырып, мисалы бир жол тосорлор өңдүү, согуш жарыялабастан хижрийдин 1339-жылы (1920) зулхижжа айынын он бешинде жекшемби түнү саат экиде сакчылардын жана кароолдордун үстүнө чабуул жасап келип, ошол жерде темир жолдун айланасына коюлган бардык сакчыларды, болжол менен, жүз элүү адамды туткунга алышкан.

Ошентип алар Бухара аскерлеринин үстүнө жапырылып келип чабуул уюштурушту, ошону менен согушту баштап жиберишти. Натыйжада убакыт түн жарым саат экиде кыйла аскер жана аскердик куралдарын чогултуп, замбиректен атуу жана ок жаадыруу менен бирге темир калкандуу арабалар — броневиктер, темир капталган моторлор — бронепоезддер менен согуш баштап жиберишти. Алар он бир самолёт менен Бухара шаарынын үстүндө абада учуп, бомба жаадырышты. Бул көр пенде өз аскеримди аргасыздан алдыга — фронтко чыгарып, тагдырды Аллага тапшырып, төрт күн-төрт түн согуштук. Бул согуш учурунда душман болжол менен Бухаранын жарымын замбирек жана пулемёттон окко тутуп, көп зыян жеткирди.

Замбирек окторунун көптүгү, бомбанын жаашы, зыян жана урандылар Бухара шаарында көбөйүп кетип, кедей жана жакырларды катуу ташпишке койду.

**Бухаранын соңку амири Саид Алымхан**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Жаш бухаралыктардын ишкердигинен эмнелерди билип алдың?
2. Амир Саид Алымхан өзүнүн мамлекетинде кайсы максатта реформалар өткөрүүгө аракеттенип көрдү?
3. Жадиддердин программасы амир Алымхан ойлогон реформалардан эмнеси менен айырмаланган?
4. Бухара амирлигинин кулашынын себептерин санап бер.



Бухаранын амири Саид Абдулахадхан 1910-жылы 3-февралда Санкт-Петербургдагы мечиттин пайдубалын куруу аземинде.



Санкт-Петербургдагы Бухаранын амири Саид Абдулахадхан үчүн курулган сарай.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ХИВА ХАНДЫГЫНЫН ЖОЮЛУШУ

## БҮГҮН САБАКТА

- Элдик кыймылдар.
- Реформалар үчүн күрөш.
- Хива Хандыгынын жоюлушу

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. XIX кылымдын акыры – XX кылымдын баштарында Хива хандыгында социалдык-экономикалык жагдай кандай абалда эле?
2. Элдин наразылык кыймылдарынын максаттары эмнеден турган?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Мухаммад Рахимхан II кайтыш кылгандан кийин, империя өкмөтүнүн жардамында тактыны анын уулу Асфандиярхан (1910–1918) ээлейт. Россиядагы 1917-жылкы февраль окуяларынан кийин Жаш хивалыктар Асфандиярхандан реформалар өткөрүү жөнүндөгү манифестке кол коюуну талап кылышты.



Асфандиярхан

Реформалар хандын бийлиги сакталган, бирок Мажлис (депутаттар палатасы) жана Комиссарлар кеңеши (Министрлер кеңеши) менен чектелген конституциялык монархияны түзүүнү өз ичине алган эле. Жаш хивалыктар, ошондой эле, мамлекеттик каражаттардын сарпталышы үстүнөн көзөмөлдөө үчүн каржы министрлигин, сууну бөлүштүрүүнү реформалоону, хандыктын бүткүл аймагында жаңы усул мектептерин уюштуруу үчүн комитет түзүүнү, темир жолдор жана почта-телеграф системасынын курулушун да талап кылышкан эле.

1917-жылдын 4-апрель күнү хан деванканасынын каршысында бир нече миң кишилик демонстрация болуп өттү. Хан Палваннияз ажы Юсупов жана Хусайнбек Матмурадов башчылыгындагы делегацияны кабыл алды жана 5-апрель күнү Жаш хивалыктар сунуш кылган манифестке кол койду. Документ боюнча Харезм конституциялык монархия иретинде белгиленди.

1917-жылы 26-апрелде болуп өткөн Мажлистин биринчи сессиясында 30 хивалык депутат жана түркмөндөрдөн 7 өкүл катышты. Мажлис Министрлер кеңешин шайлады. Бирок эки ай өтпөй консервативдүү күчтөр аскердик төңкөрүштү жүзөгө ашырды жана Мажлисти таратып жиберди. Жаш хивалыктар камакка алынып, алардан бир бөлүгү атып салынды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Манифесттин талаптары

— Хан жана анын өкмөтү тарабынан өлкөнү абсолюттук башкарууну таптакыр жоюу.

— Хива ханына, шаазадаларга жана вазирлерге тиешелүү болгон каражаттарды жана мүлктөрдү элдин мүлкү деп жарыялоо.

— Кедейлердин турмушун жакшыртуу жолунда ири жер ээлөөчүлөрдүн жерлеринен пайдалануу.

— Балдарды акысыз окутуу үчүн хандыктын бардык жеринде мектептерди ачуу.

— Шаарларда жана калк жашаган жерлерде акысыз ооруканалар жана ден соолукту жакшыртуучу мекемелерди ачуу.

— Хива ханы жана бектери тарабынан кедей калктан тартып алынган жерлерди, мүлк жана башка нерселерди кайтарып берүү.


— Милдеттүү эмгекке тартууну (бегарды) таптакыр жоюу.

Россия империясынын Хивага жортуулу учурунда жаш Курбан Мамед (Мухаммад) түркмөн явмут жигиттеринин катарында орус баскынчыларына каршы согуштарда катышкан. Асфандиярхан Жунайдханды түркмөн урууларынын башчысы кылып дайындаган (1915). Түркмөн аксакалдары аны Жунайдхан деп жарыялашкан.

### БИЛЕСИҢБИ?

1917-жылы Октябрь төңкөрүшүнөн кийин Россияда большевиктер өкмөттү колго алды. Түркстанда да бийлик большевиктердин колуна өттү жана бул жерде да советтердин республикасы түзүлдү. Советтердин коопу алдында өкмөттү жоготуудан корккон Асфандиярхан башкы кол башчы кылып түркмөндөрдүн явмут уруусунун башчысы Курбан Мамед (Мухаммад) Жунайдханды дайындады. Сарайда аброю көтөрүлгөн Жунайдхан 1918-жылдын октябрь айында мамлекеттик төңкөрүштү жүзөгө ашырды. Нуруллабайдын сарайында Асфандиярханга кутум уюштурду.

Такка Асфандиярхандын агасы Саид Абдулла отурду. Иш жүзүндө бийлик Жунайдхандын колунда чогулган эле.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1920-жылдын январь айынан Хивага каршы чабуулга өткөн советтер февраль айынын баштарына чейин бир топ шаарларды колго алышат. Натыйжада Саид Абдуллахан тактан баш тартат.

1920-жылдын 27–30-апрель күндөрү Хивада болуп өткөн эл өкүлдөрүнүн Бүткүл Харезм курултайы хандыктын жоюлгандыгын жана Харезм Элдик Советтик Республикасы түзүлгөндүгүн жарыялады. Курултай ХЭСРнын убактылуу Конституциясын кабыл алды. Курултай, ошондой эле, 15 адамдан турган өкмөт – Эл Комиссарлар Кеңешин шайлады. Жаш хивалыктардын жетекчилеринен Палванныяз Юсупов анын биринчи төрагасы болду.




## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Манифесттин талаптарын жүзөгө ашыруу үчүн хан тарабынан кандай шарттар түзүлүшү талап кылынган?
2. Россияда кандай жагдай өкүм сүрүп турган эле?
3. Россиядагы 1917-жылдын февраль жана октябрь төңкөрүштөрү Хива хандыгына кандай таасир көрсөттү?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТҮРКСТАН АВТОНОМИЯСЫ

## БҮГҮН САБАКТА

- Автономия үчүн күрөш.
- Автономиянын жоюлушу.
- Кокон трагедиясы.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Түркстан автономиясы жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Россияда жүрүп жаткан саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүштөр Түркстан өлкөсүнө кандай таасир көрсөткөн эле?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1917-жылы 26–28-ноябрда Кокон шаарында Бүткүл Түркстан өлкөсү мусулмандарынын өзгөчө IV курултайы болуп өттү. Түркстанды башкаруу формасы жөнүндөгү маселе курултай ишинин борборунда турду.

Курултайдын катышуучулары автономияны жана көз карандысыздыкты жарыялоо пикирин колдоп-кубатташты. 27-ноябрда түзүлгөн өкмөт Түркстан Автономиясы деп аталды. Түзүүш чогулушу чакырылганга чейин бийлик Убактылуу кеңеш менен Түркстан Улуттук мажлисинин колунда калында.

Ошентип, өлкөдө кош бийлик пайда болду. Алардын бири улуттардын өз тагдырын өзү белгилөө укугун жактаган, улуттук мамлекеттин көз карандысыздыгын калыбына келтирүүгө катуу аттанган интеллигенттер, ишкерлер өкмөтү, экинчиси, Россия империясынын бийлигин жаңы шарттарда сактап калуу саясатын жүргүзгөн большевиктер эле.

Демократиялык мусулман интеллигенттеринин талабы менен Түркстан калкы европалык бөлүгүнүн өкүлдөрү да курултайда тең укуктуу катышты. Курултайдын 27-ноябрь күнү кабыл алынган токтомунда минтип айтылат: «Түркстанда жашап жаткан түрдүү улутка таандык калк Россия төңкөрүшү үгүттөгөн элдердин өз укуктарын өздөрү белгилеши боюнча эркин көрсөтүп, Түркстанды Россия Федерациялык Республикасынын курамында аймактык жактан убактылуу деп жарыялайт».



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Баштап большевиктер Түркстан автономиясы өкмөтүнүн таасир көлөмүн чектөө жана аны жоюу үчүн жетиштүү аскердик күчкө ээ эмес эле. Алар 1918-жылы 19-январда гана Оренбургду колго алып, Москва менен Түркстандын ортосунда темир жол каттамы калыбына келтирилгенден кийин Ташкентке курал-жарак жеткирип келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Ташкенттеги большевиктер мындан күч алып, 1918-жылы 31-январда Кокондогу Түркстан автономиясынын өкмөтүн таратып жиберүү жөнүндө токтом кабыл алат.

«27-ноябрь Кокондо Түркстан автономиясынын жалпы мусулман съездинде жарыяланды. Куттуу жана берекелүү болсун! Мен да мажлисте болгонуман сыймыктанамын. Жашасын Түркстан автономиясы!»

Бехбудий. «Уруят» газетасы, 1917-жыл.

Элүү жылдан бери эзилдик, кордондук, колубуз байланды, тилибиз кесилди, оозубуз жабылды, жерибиз басылды, малыбыз таланды, сыймыгыбыз сынды, намысыбыз тепселди, укугубуз кемсинтилди, адамдыгыбыз аяк асты болду, чыдап турдук, сабыр кылдык. Күчкө таянган ар буйрукка баш ийдик, бүткүл дүйнөбүздү колдон алдырдык. Жалгыз гана пикирди бербедик, жашырдык, ыймандарыбызга ороп сактадык: Түркстан автономиясы!

Фитрат. «Уруят», 1917-жыл.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Фитрат өзүнүн пикирлери аркылуу кайсы окуяларды көздө тутууда?
2. Тексттеги «жашырдык, ыймандарыбызга ороп сактадык: Түркстан автономиясы!» сөздөрүнө көңүл бур. Аны көз карандысыздык, азаттык, эркиндик, боштондук өңдүү сөздөрдүн мазмуну менен кандай байланышы бар?
3. Автономия дегенде эмнени түшүндүң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Түркстан Автономиясынын өкмөтү болгону 72 күн жашаган болсо да, ал эркиндикти сүйүүчү элибизди улуттук көз карандысыздык жана эгемендүүлүк үчүн күрөшкө чакырды.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Түркстан Автономиясынын өкмөтү кыска мөөнөттүн ичинде эл арасында чоң урматка ээ болду. Фитрат, Чолпон, Хамза сыяктуу өзбек элинин кужурмөн акындары автономиянын өкмөтүн мактап, жалындуу ырларын жазышты. Фитрат автономия жарыяланган 27-ноябрды «Улуттук лайлатулкадрыбыз» деп атады. Түркстан өлкөсүнүн түрдүү шаар жана кыштактарында автономияны алкыштап, көп миң кишилик демонстрациялар болуп өттү. Ошол доордо чыккан газеталардын жазышынча, демонстрация катышуучуларынын желектерине «Жашасын Автономдуу Түркстан жана анын өкмөтү!» деп жазылган сөздөр желбиреп турган.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Өлкөдөгү алгачкы демократиялык жана элдик өкмөт болгон Түркстан автономиясынын ишкердиги, тилекке каршы, көпкө соузлбады. Большевиктер жана Ташкент Совети (жетекчиси: Иван Тоболин) ага чоң кооп деп караштыжана тезирээк жоюуга аракеттеништи. Түркстан өлкөсүнүн жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттары Советтеринин 1918-жылы 19–26-январда болуп өткөн өзгөчө IV съездинде Түркстан автономиясынын өкмөтүн күч менен жоюуга токтом чыгарышты.

Түркстан Республикасынын Эл Комиссарлары Совети 1918-жылы 30-январь күнү аскердик аракеттерди баштады. Түркстандын большевиктери ал үчүн кызыл гвардиячылардан тышкары жалданган куралдуу топтордон да кеңири пайдаланды. Натыйжада Кокон шаарында көптөгөн калк курман болду. Ал эми Түркстан Автономиясы аскердик күч колдонуу жолу менен жоюлду.

1918-жылы 22-февралда Кокон шаарындагы Орус-Азия банкынын имаратында большевиктер тарабынан даярдалган «тынчтык келишимине» кол коюлду. Келишимдин 2-беренесинде: «Калк өлкө Эл Комиссарлары Советинин бийлигин жана бардык жергиликтүү совет уюмдарын таанып, баш ийет», деп жазылган эле.

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Түркстан автономиясы кандай шартта жана кимдер тарабынан түзүлдү?
2. Сен Түркстан автономиясын демократиялык мамлекетчиликтин үлгүсү иретинде сүрөттөп бере аласыңбы?
3. Большевиктер Автономияга эмне себептен чоң кооп иретинде караган?
4. Автономия өкмөтүнүн жеңилишинин негизги себептерин көрсөтүп бер.
5. Түркстан автономиясынын тажрыйбасынан кандай зарыл сабак алууга болот?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТҮРКСТАН ӨЛКӨСҮНДӨ СОВЕТ БИЙЛИГИНИН БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫНЫН ОРНОТУЛУШУ

## БҮГҮН САБАКТА

- Түркстан Автономдуу Советтик Социалистик Республикасы (Түркстан АССР) түзүлгөндүгүнүн жарыяланышы.
- Түркстан комиссиясынның түзүлүшү.
- «Аскердик коммунизм» саясаты.
- ЖЭС (НЭП) жана Совет бийлиги тарабынан менчик мүлктү жоюу иштери.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Большевиктер бийлиги үчүн Түркстанда «совет автономиясын» орнотуудан кандай кызыкчылык бар эле?
2. 1918-жылдагы Бухара жана Хива мамлекеттеринин чек араларын картадан көрсөт.
3. Бухара жана Хива хандыгынан башка аймактарда кандай башкаруу түрү болгон? Бул аймактар ким тарабынан жана кантип башкарылган?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Совет бийлиги Россияга тиешелүү болгон четки өлкөлөрдө, ошонун катарында, Түркстанда да «советтер автономиясын» орнотууга катуу киришти. Бул ишти аткаруу үчүн советтер Россиясынын борбору Москвадан көптөгөн партия жана совет кызматчылары Түркстан өлкөсүнө жиберилди.

Түкстан Автономиясынын жоюлушу жана бул жердеги саясий жагдай Москванын көңүлүн Түркстанга тартты. Совет өкмөтүнүн тапшырмасы менен большевик Пётр Кобозев Орто Азиянын убактылуу комиссары кылып Ташкентке жөнөтүлдү.

1918-жылы 30-апрелде «Россия Совет федерациясы (РСФСР)нын Түркстан Совет Республикасы жөнүндөгү Уставы» кабыл алынды.

Түркстан Борбордук Аткаруу Комитети жана Түркстан Эл Комиссарларынын Совети түзүлдү. Уставда Түркстанда мамлекеттик курулуштун негиздери, анын аймагы, жогорку мыйзам чыгаруу жана аткаруу органдары, жергиликтүү органдардын түзүлүшү, милдеттери жана алардын РСФСР менен өз ара мамилелери белгилеп берилди.

Устав боюнча, РСФСРдин курамында Түркстанда автономдуу республика – Түркстан Автономдуу Советтик Социалистик Республикасы (Түркстан АССР) түзүлгөндүгү жарыяланды. Ага Бухара жана Хива хандыктарынан тышкары, Түркстан өлкөсүнүн географиялык чек араларындагы бардык аймактар кирди.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Уставда «Түркстан Республикасы автономдуу түрдө башкарылып, өзүнүн кыймыл-аракеттерин Россия Совет Федерациясынын борбордук өкмөтү менен ылайыкташтырат», деп белгиленди. Москва дагы бир орган – Түркстан комиссиясын түзөт. Түркстан АССРдеги социалдык-саясий, экономикалык жана маданий жараяндар менен байланыштуу бардык маанилүү маселелер алардын ыраазылыгы менен гана чечиле башталган.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Түркстан АССР кандай түзүлүш эле? Ал эмне максатта түзүлгөн?
2. Москванын Түркстан комиссиясын түзүүдөн максаты эмне болгон деп ойлойсуң? Эмне үчүн?
3. Түркстан АССРдеги социалдык-саясий, экономикалык жана маданий жараяндар Түркстан комиссиясынын ыраазылыгы менен гана чечилсе, өлкө көз карандысыз болобу?
4. Бул маселе «Түркстанда жашап жаткан түрдүү улутка таандык калк Россия төңкөрүшү үгүттөгөн элдердин өз укуктарын өздөрү белгилеши жөнүндөгү» чакырыгына канчалык туура келет?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

- 1918–20-жылдар «аскердик коммунизм» деп аталды. Анын мазмуну бардык өнөр жай өндүрүшү мамлекеттин колунда чогултулуп, катуу борборлоштуруунун негизинде башкаруудан турган;
- дыйкандар өзү чыгарган продуктунун ашыгын мамлекетке тапшырган (азык-түлүк развёрсткасы, башкача айтканда бөлүштүрүлүшү);
- мамлекет азык-түлүктү жана өнөр жай продуктуларын бөлүштүрүүнү өз колуна алган; базар жоюлуп, акча мамилеси натура (продуктулар) менен алмаштырылды;
- эмгекке жарактуу бардык калк милдеттүү эмгекке тартылды (эмгек милитаризациясы) жана башкалар.

Түркстан өлкөсүнөн Борборго азык-түлүк продуктуларын алып чыгып кетүү барган сайын күчөйдү. 1920-жылы ташып кетилген нан продуктулары жана башка азык-түлүк түрлөрүнүн саны бир нече жолу көбөйгөн.

Ошол учурда дан өстүрүүгө адистешпеген Түркстан айыл чарбасы үчүн бул чоң сандагы түшүм эсептелген. Эл ачкалыктан кырылып жаткан бир маалда Түркстандагы айрым азык-түлүк корлорун большевиктер өздөрүнүн аскердик максаттары үчүн пайдаланган.

«Аскердик коммунизм» саясаты өзүнүн мазмуну боюнча элге каршы каратылган болуп, социализмди куруу усулу иретинде таптакыр жараксыз эле. Совет бийлиги Түркстандагы бардык фабрика-заводдорду ээлеринен тартып алып, андан адегенде коргоого керектүү продуктуларды өндүрүүдө пайдаланды. «Аскердик коммунизм» саясатынын натыйжасында ишкердик менен алектенип келген коомдор таратып жиберилди. Ири жана орто өнөр жай ишканалары менен биргеликте банктар, темир жол транспорту, басмаканалар мамлекеттин эсебине өткөрүлдү.

Менчик мүлктүн ээлери жатып ичерлер деп жарыяланып, жарандык укуктарынан ажыратылды. Базар мамилелери четке кагылды. 1921-жылдын көктөмүндө өлкөнүн экономикалык мамилелеринде кескин өзгөрүштөр байкалды.

НЭПтин (**Жаңы экономикалык саясаттын**) негизи экономикага, эл чарбасына жетекчилик

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Дүйнө тарыхынан алган билимдериң негизинде суроолорго жооп бер:

1. «Аскердик коммунизм» саясатынын мазмуну эмнеден турган?
2. Россиянын өзүндө бул саясат кандай жүзөгө ашырылды?
3. Эмне үчүн большевиктердин совет бийлигинин алгачкы доорунда (1918–1920) жүргүзгөн саясаты «аскердик коммунизм» деп аталган?


Ангрен кениндеги шахтёр



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кылуунун аскердик-коммунистик усулдарынан баш тартуудан, өндүрүшкө, адегенде дыйкандарга бир топ эркиндик берүүдөн турган.

Совет бийлиги тарабынан менчик мүлктү жоюу максатында Орто Азияда жер-суу реформасы жүзөгө ашырылды. Жер-суу реформасы бай чарбаларды жоюудан жана көчмөн калкты отурукташкан абалга өткөрүүдөн, чоң жер ээлөөчүлүктү жоюп, жерлерди жерсиз жана жери аз дыйкандар, батрактар, чарикерлердин ортосунда эмгек нормалары боюнча бөлүштүрүүдөн турган.

Реформанын алгачкы натыйжасы боюнча жер түзүү фондуна 1 722 626 десятина жер кошулду. Бирок совет бийлиги тарабынан мына ошол ресурстардан жергиликтүү калкка болгону 600 000 десятина жер эгин эгүү жана жайлоолор үчүн бөлүндү.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Дүйнө тарыхынан алган билимдериң негизинде төмөнкү суроолорго жооп бер:

1. НЭП качан кабыл алынды?
2. НЭП программасынан көздөлгөн максат эмне эле?
3. НЭП Түркстан өлкөсүнө кандай таасир көрсөттү?

Орто Азияда Совет бийлиги тарабынан менчик мүлктү жоюу 1921–1922-жылдарда башталды. Адегенде Түркстан АССР жана Казакстан АССРде Жетисуу, Сырдарыя, Фергана, Самарканд вилаяттарында чоң жер ээлөөчүлүк жоюлду. Бул реформа жараянында вакф жерлери да жоюла баштады.

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Түркстанда совет автономиясын түзүүдөн көздө тутулган максат эмне эле?
2. Түркстан совет автономиясынын мазмуну жана маңызы эмне үчүн жергиликтүү калктын түпкү кызыкчылыктарына жооп бере албайт эле?
3. Түркстан Компартиясын түзүү зарылчылыгы кандай себептер менен байланыштуу эле?
4. Түркомиссиянын ишкердиги жөнүндө эмнелерди айта аласың?
5. Жаңы экономикалык саясатты киргизүүдөн көздөлгөн негизги максаттарды билесиңби?
6. Түркстанда өткөрүлгөн жер-суу реформасынын биринчи баскычында эмнелерге өзгөчө көңүл бурулду?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТҮРКСТАН АССР, БЭСР ЖАНА ХЭСРде СОВЕТТЕР БИЙЛИГИНЕ КАРШЫ КУРАЛДУУ КЫЙМЫЛДАР

## БҮГҮН САБАКТА

→ Эгемендүүлүк кыймылынын башталышы.

→ Эгеменчилердин максаттары, кыймылдын жоюлушу.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Түркстан автономиясынын жоюлушу натыйжасында өлкөдө совет бийлигине каршы куралдуу күрөш башталган. Улуттук-боштондук кыймылы үзгүлтүксүз дээрлик 20 жылга, 1918–1935-жылдарга чейин улантылган.

Аларга Чоң Эргеш, Кичине Эргеш, Мадаминбек, Шермухаммадбек, Ибрагимбек, Фузайл Махсум өңдүү улуттук жетекчилер баш болушкан.

Эгемендүүлүк кыймылы кээде күчөп, кээде басаңдап турган. Кыймылдын негизги максаты Түркстандын эгемендүүлүгү үчүн күрөш болуп кала берди.



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Түркстанда совет бийлигине каршы күрөш 1918-жылы февраль айынын акырларында башталды. Кыймылдын башкы идеясы Түркстандын эгемендүүлүгү эле. Фергана өрөөнүндөгү эгемендүүлүк кыймылы 1919-жыл жайынын акыры жана күзүндө өзүнүн туу чокусуна чыкты. Мадаминбек башчылыгындагы кошуундун совет өкмөтүнө каршы чабуулу Фергана өрөөнүн титиретип салды. 1919-жылы 12-октябрда Памирдин Эркештам айылында болгон жыйналышта Мадаминбектин башчылыгында Фергана убактылуу автономдуу өкмөтү түзүлдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Эгеменчилер кыймылы мүчөлөрүнүн жолугушуусу. 1921-жыл. Фергана



Өкмөттүн курамына 16 жергиликтүү калктын өкүлү киргизилген эле. Мадаминбек өкмөт башчысы болуу менен бирге кошуундун Жогорку башкы кол башчысы болуп да дайындалды.

1919-жылдын кеч күзүнө келип Мадаминбектин кол астында 30 000 ге жакын жигит кызыл армияга каршы эгемендүүлүк согуштарын алып барышты. Бул учурда Шермухаммадбектин кол астында 20 000, Чоң Эргеш корбашыда 8 000 аскер болгон. Мына ушул үч лашкер башчы өрөөндөгү кужүрмөн кыймылдарды багыттап турушту. Фергана өрөөнүнө большевиктер тарабынан кошумча күчтөрдүн ташталышы натыйжасында 1920-жыл январь айынын ортолоруна келип кужүрмөн демилге кызыл армиянын колуна өттү. Чоң Эргеш корбашынын кошууну жеңилип калгандан кийин, Шермухаммадбек негизги күчтөрүн алып Алай тоолоруна чегинди.

Мадаминбек убакыттан утуу үчүн Фергана фронту кошуундарынын командачылыгына жарашуу сүйлөшүүлөрүн баштоону сунуш кылды. Натыйжада Мадаминбек менен 2-Түркстан аткычтар дивизиясынын башчысы Н. Верёвкин-Ро-



*Книга предоставлена исключительно в образовательны
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

хальскийдин ортосунда 1920-жылы 6-мартта Скобелев шаарында жарашуу келишимине кол коюлду.

Бирок арадан көп узабай, 1920-жылы май айында совет командачылыгы тарабынан корбашылардын ордосуна жиберилген Мадаминбек белгисиз жагдайда өлтүрүлдү. Түркстандагы кыймыл 1920-жылдын жайы жана күзүндө өзүнүн жаңы баскычына кадам басты. Фергана өрөөнүндөгү жана Самарканд вилаятындагы мекенчилдер менен бир сапта эми Бухара жана Харезмде да кызыл армияга каршы күрөш башталды.

## БИЛЕСИҢБИ?

БЭСР Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы Усман Хожа, аскердик иштер комиссары Абдулхамид Арипов жана Мухиддин Махсум Хожаев, Али Ризо Афанди, Сурайя Афанди, Кулмухамедов жана башка улуттук жетекчи кызматчылар өз мансаптарынан баш тартып, оппозициядагы куралдуу кыймылдын катарына өтүп кеткендиги көп нерседен күбөлүк берет.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Бухарада амирлик түзүлүшү кулагандан кийин, 1920-жылдын сентябрь айында Чыгыш Бухарага (Көлаб, Калиф, Балжуван вилаяттарына) келген мурдагы амир Алымхан чоң күч чогултуп, кызыл армияга каршы күрөшкө жетекчилик кылды. 1921-жылдын март айында бир топ согуштарга жеңилип калган Алымхан Ооганстан мамлекетине өтүп кетти.

Батыш Бухара аймагында Молдо Абдукаххар, Чыгыш Бухара аймагында Ибрагимбек жана Давлатмандбек өңдүү корбашылар кыймылга жетекчилик кылышты.

Кыска мөөнөттүн ичинде Молдо Абдукаххардын башчылыгында борбор Бухаранын райондорунда лашкер чогулду жана кызыл армияга каршы кужүрмөн аракеттер жасалды. Анын кол астында Бухаранын батыш бөлүгүндө 20 корбашы бириккен. Молдо Абдукаххар корбашы 1924-жылдын акырында Кызылкумда кызыл аскерлерге каршы болгон согуштардын биринде курман болду.

Ибрагимбектин кол астындагы Чыгыш Бухара аймагында жаңы Бухара өкмөтү жоюлуп, анын ордуна амирлик доорундагы башкаруу усулу киргизилген. Түркстан фронтунун саясий башкармасы тарабынан Ибрагимбек менен башка корбашы топторунун ортосунда чыр чыгаруу үчүн сунуштар берилет. Ибрагимбек корбашы көп жылдар бою Чыгыш Бухарада кызыл армияга каршы эр жүрөктүк менен күрөштү.

Бухарадагы эгемендүүлүк кыймылынын жетекчилери ортосунда Түркиядан келген генералдар – Анвар Паша менен Салим Паша өзгөчөлөнүп турган. Анвар Паша 1921-жылдын күзүндө Молдо Нафис корбашы менен жолугушуп, атайын декларация менен чыгат жана түркстандыктар менен бухаралыктардын советтер режимине жана кызыл армияга каршы күрөшүнө кошулгандыгын жарыялайт. Анвар Пашанын аракеттери менен Чыгыш Бухарада бириккен бөлүктөр түзүлдү жана алар түрк офицерлери менен бышыкталды, батышча командачылык усулу киргизилди. Анвар Паша1922-жылы августта Чыгыш Бухаранын Балжуван айланасындагы Обидара кыштагында кызыл аскерлерге каршы болгон согушта курман болду.


Эгеменчилер



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Харезмде Жунайдхан башчылыгындагы куралдуу топтордун катарында түркмөн жана өзбектерден тышкары казак жана каракалпактар да көпчүлүк эле. Көөнө Үргөнч, Ташхавуз, Маңгыт, Кошкөпүр, Чымбай, Коңурат жана Төрткөлдө аракеттенген ондогон башчылардын топтору кызыл аскерлерге олуттуу сокку берген. Жунайдхан тарых барактарында татаал жана карама-каршылыктуу адам катары жазылган. Ал баштап Россия империясына жана Хива хандыгына каршы күрөшкөн болсо, 1918-жылдын ортолорунан кызыл аскерлерге каршы көз карандысыздык үчүн согушка кирген.

Жунайдхан 1924-жылы 17-июнда өзүнүн 20 шериги менен Ооганстандагы Герат шаарына жетип келди. Булактарда жазылышынча, ал ошол жерде туруп өзүнүн кошуундарынын катарын толтурууга даярданган. Арадан көп убакыт өтпөй, Жунайдхан ХЭСР аймагына кайтып келди жана эгемендүүлүк кыймылына башчылык кылууну улантты.

Кыймылдын мазмунун совет командачылыгынын өкүлдөрү да таануусуз болушту. Түркстан фронтунун командачысы М. Фрунзе: «Басмачылыкка каршы күрөш таптакыр жаңы, айрыкча өзгөчөлүккө ээ, өзүнө мүнөздүү душман менен күрөш дегенге жатат», деп жазган эле. Анын сөзүнө караганда «Жоголсун совет бийлиги!» жана «Эгемендүү мусулман мамлекетин түзөбүз!» сөздөрү кыймылдын анык идеясын түюнткан.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1921-жылдын июнь–сентябрь айларында өрөөндө 200 дөн ашуун корбашы топтору аракеттенген.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Эгемендүүлүк кыймылынын эң күчсүз жагы эмнелерден турат деп ойлойсуң?
2. Текстти окуп пикир билдир.

*«...Түркстандын бермети болгон Фергана эки жылдан ашуун убакыттан бери кандуу согуш майданы абалында... Бул жердеги совет бийлиги алгачкы түзүлгөн доорунда орус жана жергиликтүү жумушчу, дыйкан массаларын өзүнө тартуунун ордуна мээнеткеч элди өзүнөн алыстатуу үчүн колунан келгенче аракет жасады...*

*Бул жерде аракеттенген кызыл аскер бөлүктөрү, төңкөрүштү коргогон кээ бир жетекчилер жергиликтүү мээнеткеч элдин түп кызыкчылыктары менен эсептешпеди, анын арызын, даттануусун укпады. Басмачылык кыймылы ошонун негизинде пайда болду».*

*М. Фрунзе*



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1924-жылдын күзүндө Орто Азияда улуттук-аймактык чек аранын өткөрүлүшү натыйжасында куралдуу күрөштүн биринчи доору аяктады.

Ал эми анын экинчи доору (1925–1935-жылдар) дагы 10 жылга созулуп, өзүнүн мүнөзү жана күчтөрдүн катышы жагынан мурдагы доорго караганда кыйла айырмаланат.

Бул доордо негизинен Чыгыш Бухара, Харезм оазиси жана Фергана өрөөнүнүн айрым аймактарында согуштар улантыла берди. 1935-жылга келип Түркстандагы эгемендүүлүк кыймылы жеңилип калды. Тирүү калган күрөшчүлөрдүн көпчүлүгү чет өлкөлөргө эмигрант болуп кетүүгө аргасыз болду.


Эгемендүүлүк кыймылынын эң күчсүз жагы анын Түркстан чөлкөмүндө жалгыз борбордун астында толук бириге албагандыгы жана аскердик даярдыктын жетиштүү деңгээлде эместиги эле.

Ошондой эле, эгемендүүлүк кыймылына тиешеси жок кээ бир кылмышкер топтор талоончулук, баскынчылык менен алектенип, көптөгөн күнөөсүз адамдарды өлтүрүштү. Мындан кызыл армиянын командачылыгы жана большевиктер чебердик менен пайдаланышты. Алар атайын тыңчы, түрдүү кутум жана саткындардын жардамында кыймылдын ичиндеги биримдикти жоюуга, кээ топтордун жетекчилери ортосундагы келишпестикти, өз ара чырларды дагы да күчөтүүгө аракеттеништи.

Советтердин тушунда ошол эгемендүүлүк кыймылынын өкүлдөрү «басмачылар» деп аталган.

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Кандай себептер Түркстанда совет бийлигине каршы куралдуу кыймылды келтирип чыгарды?
2. Ферганадагы кыймылдын жетекчилери арасында кимдердин атын өз алдынча көрсөткөн болор элең?
3. Мадаминбекке кандай баа бересиң?
4. Самарканддагы кыймылдын жетекчилери арасында кимдердин атын өз алдынча көрсөткөн болор элең?
5. Өрөөндүн корбашыларынын бири-бири менен жетиштүү деңгээлде бириге алышпаганынын себептерин кандай түшүндүрөсүң?
6. Эмне себептен БЭСР өкмөтү мүчөлөрүнүн айрымдары корбашылар жакка өтүп кетти?
7. Бухарада жана Харезмде кызыл армияга каршы эгемендүүлүк кыймылынын башталышына эмнелер себеп болду?
8. Эгемендүүлүк кыймылынын жеңилип калышы менен байланыштуу факторлорду санап бер.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# ОРТО АЗИЯДА АЙМАКТЫК ЧЕК АРАЛАНУУ

### БҮГҮН САБАКТА

- Орто Азияда улуттук чек аралануу.
- ТАССР, БЭСР жана ХЭСРлердин жоюлушу.
- Өзбекстан ССРдин түзүлүшү.

### ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

7-класстын «Өзбекстан тарыхы» китебинен өлкөбүз качандан баштап «Түркстан» аты менен атала баштаганын эсте! Өлкөбүз аймагынын минтип аталгандыгы боюнча кандай факторлор бар?



Турар Рыскулов

### МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Орто Азияны аймактык чек аралап бөлүү маселеси 1924-жылдын баштарынан жүзөгө ашырыла баштады. 1924-жылдын февраль-июнь айларында СССРдеги борбордук органдар, Түркстан, Бухара, Харезм коммунистик партиялары жана Россия коммунисттер партиясы (большевиктер) (РКП(б) БКнин Орто Азия бюросу улуттук чек аралануу маселелери боюнча токтоосуз иш алып барышты.

Түркстан жана Бухара Компартияларынын Борбордук Комитеттеринин алдында атайын комиссиялар түзүлдү.

Турар Рыскулов башчылыгындагы бир топ улуттук коммунисттер 1920-жылы эле түркий элдер бир эл болуп, алардын тарыхый тамыры, дини, салттары жана маданияты жалпы, жалпы Түркстанды өз алдынча бөлүктөргө бөлүүгө болбойт, деген идеяны илгери сүрүштү. Бирок Борбордун коммунисттери бул пикирди четке кагып, аны «пантүркизм», «панисламизм», «буржуа улутчулдугу жана оңчул багыт» деп баалады.

### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Дүйнө тарыхы китебиндеги маалыматтарга таянып «пантүркизм», «панисламизм», «буржуа улутчулдугу», «коммунист» өңдүү терминдерге түшүндүрмө бер. Алардын өлкөбүздүн тарыхына кандай тиешеси бар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Совет бийлигинин чек араланув саясатына эң оболу Түркстан АССР, БЭСР жана ХЭСРдин жетекчилери каршы болушкан. 1924-жылы февралда Бухара Компартиясы чек араланув маселеси боюнча Файзулла Хожаев тарабынан жазылган тезистерди кабыл алды.

Анда РКП(б) БК Орто Азия бюросунун бул боюнча көз караштарыката экендиги сынга алынган эле. 1920-жылы 10-мартта болгон Түркстан АССР БАК жана Түркстан Компартиясынын кошмо кеңешинде Султанбек Хожанов, Санжар Асфандияров, Н. Паскутский өңдүү партиянын кызматчылары Советтик Социалистик Республикаларынын Орто Азия федерациясын түзүү сунушу менен чыгышты.

Ошону менен бирге С. Хожанов Түркстан жалпы жана бүтүн, анын бүтүндүгүн бузуу максатка ылайык эмес, деп баса белгиледи.

Мындан тышкары, 1923-жылы декабрда Фергана өрөөнүнүн өкүлдөрү РСФСРдин курамында Фергана автономдуу вилаятын түзүү жөнүндөгү сунуш менен чыгышкан эле. Ошентип, талаш-тартыштар барган сайын алоолонуп отурду.

ХЭСРдин жетекчилеринде да өз алдынча көз караштар болгон. 1924-жылы 8-майда бир топ Харезм жетекчилери РКП(б) БКне «Харезмде улуттук маселени чечүү жөнүндө кат» жолдоп, ага Харезмди чек аранууга кошпостукту суранышкан. Алар өздөрүнүн ошол көз караштарын республиканын алыста жайлашкандыгы, экономикалык жактан өзгөчөлөнүп турушу менен негиздешкен. Бул көз караштарды колдоп-кубаттаган Харезм Компартиясы Борбордук Комитетинин жооптуу катчысы Каландар Адинаев 1924-жылы июлда кызматынан бошотулду жана ХЭСР аймагы улуттук чек аранууга тартылды.

Султанбек Хожанов улуттук маселеде «кыйшаюуга» жол коюуда айыпталган жана 1937-жыл 16-июнда камакка алынып, атууга өкүм кылынган (1938-жыл 8-февраль). 1957-жылы акталган.





Харезм эл социалистик республикасынын герби жана тыйыны

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. С. Хожанов Түркстан жалпы жана бүтүн, анын бүтүндүгүн бузуу максатка ылайыктуу эмес, деп баса айтканда эмнени көздө туткан?
2. Ойлочу, совет өкмөтүнө эмне үчүн улуттук чек араланув керек эле? Мындан көздөлгөн негизги максат эмне болгон?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1924-жылы 15-июлда РКП(б) БК Орто Азия бюросу жаңы түзүлө турган улуттук республикалар менен облустардын убактылуу бюросун түздү. Өзбектер бюросунун курамына Файзулла Хожаев, Рустам Исламов, Акмал Икрамов, Кары Юлдаш Пулатов, Мухтаржон Саиджонов, Калугин мүчө иретинде, Инаятов талапкер иретинде киргизилди.

1924-жылы 12-июнда И. В. Сталиндин сунушу менен РКП(б) БК Саясий бюросунун «Орто Азия республикаларын улуттук-аймактык чек аралоо жөнүндө» атайын токтому кабыл алынган.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. *«Улуттук республикаларды түзүүнүн зарылдыгы идеясынын демилгечилери өздөрүнүн пикирлерин Түркстандагы жергиликтүү элдердин турмушунда теңсиздик жана улуттук чырлар күчөп бара жатканы менен негиздешти».*
   Жогорудагы пикирди түшүндүр. Чындыгында эмне көздө тутулган? Жообуңду эгемендүүлүк кыймылдары менен байланыштырып түшүндүр.
2. Улуттук чек араланyу доорунда чарбага тиешелүү экономикалык факторлордун, суу ресурстары менен сугаруу системаларынын жалпы экендигинин эсепке алынбагандыгы эмнелерге себеп болду?
3. Суу ресурстары дегенде эмнелер көздө тутулган?
4. Бул чек араланyу Өзбекстандын экономикасына канчалык таасир көрсөтөт?

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1918–1924-жылдардагы Түркстан АССР, БЭСР, ХЭСРдин жергиликтүү элдери кылымдар бою жашоо мүнөзү жана салттары боюнча бири-бирине өтө жакын болушкан. Түркстандагы түрдүү мамлекеттердин ар биринде өзбектер, казактар, кыргыздар, түркмөндөр, каракалпактар, тажиктер эзелтеден жанаша жашашкан. Бул тарыхий куралган жалпы кубулуш эле. Түркстан чөлкөмүнүн элдери ушул топуракты, Туран жергесин байыртадан өздөрүнүн Ата мекени деп билишкен.



Аймактарды кайрадан белгилөө жана чек аралоонун жактоочулары тилдеги, улуттук айырмаларга көңүлдү көбүрөөк буруп, чарбага тиешелүү экономикалык факторлорду, суу ресурстары менен сугаруу системаларынын жалпы экендигин этибар алышпады.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Хивадагы медресенин короосунда жыйналыш

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Түркстан АССР саясий жетекчилигинин арасындагы европалыктар менен жергиликтүү элдер өкүлдөрүнүн ортосундагы келишпестиктер, айрым жергиликтүү коммунисттердин топтук көрүнүштөрү өзү-өзүнөн Түркстан элдеринин ортосундагы мамилелерге көчүрүлдү.

РКП(б) БКнын Башкы катчысы И. В. Сталин, РКП(б) БК Орто Азия бюросунун төрагасы Я. Рудзутак жана башкалар Орто Азияда улуттук талаш-тартыштар бар экендигин айткандан талыкпады. Ошентип, улуттук маселе Борбор тарабынан жасалма түрдө апыртып жиберилди жана мындай жагдай жаңы түзүлө турган улуттук республикалар менен вилаяттардын аймагын түптөн кайра белгилөө үчүн чечүүчү негизги далил иретинде илгери сүрүлдү.

1924-жылы 27-октябрда Москвада болгон Бүткүл союздук (СССР) Борбордук Аткаруу Комитетинин III сессиясы Орто Азияда улуттук республикаларды түзүү жөнүндө атайын токтом кабыл алды.

1924-жылдын сентябрь-октябрь айларында Орто Азияда өткөрүлгөн улуттук-аймактык чек аралануу Орто Азия республикаларынын, РСФСР жана СССРдин жогорку органдарынын токтомдоруна ылайык күчкө кирди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Орто Азиянын аймагындагы Түркстан АССР, Бухара жана Харезм республикаларынын ордунда алты улуттук мамлекеттик бирикмелер түзүлдү:

- Өзбекстан ССР;
- Түркмөнстан ССР;
- Өзбекстан ССРдин курамында Тажикстан АССР (1929-жылга чейин);
- РСФСРдин курамында Каракыргыз (Кыргызстан) автономдуу вилаяты;
- РСФСРдин курамында Казакстан АССР;
- Казакстан АССРдин курамында Каракалпак автономдуу вилаяты.
- Кийинчерээк Каракалпакстан АССР, 1936-жылдан ӨзССРдин курамына кирген.



## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. ХЭСР өкүлдөрү өздөрүнүн аймагын улуттук-аймактык чек араланууга кошпостук керектигин эмнелер менен негиздешкен эле?
2. Улуттук республикаларды түзүүнүн зарылдыгы идеясынын демилгечилери өздөрүнүн пикирлерин кандай негиздешкен?
3. Советтердин Орто Азияда улуттук-аймактык чек аралоону өткөрүүдөн негизги максаты эмне эле?
4. XX кылымдын 20-жылдарынын ортолоруна келип Орто Азиянын саясий картасында кандай өзгөрүштөр болду?
5. Түркстан АССР, Бухара жана Харезм республикаларынын ордунда кандай республика жана вилаяттар түзүлдү?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨЗБЕКСТАН ССРДИН ТҮЗҮЛҮШҮ



Орто Азияны улуттук чек аралоо комиссиясы

## БҮГҮН САБАКТА

- Өзбекстан ССРдин түзүлүшү, анын аймагы жана калкы.
- Өзбекстан ССРде административдик-аймактык бөлүнүштөр.
- Өзбекстан ССРдин борборлору.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. СССР качан түзүлгөн эле? Анын курамындагы республикалардын укуктук статусун кандай баалайсың?
2. Кайсы критерийлердин негизинде бул аймактар Өзбекстан ССРдин аймагына киргизилген деп ойлойсуң?

Түркстан АССРде 9 уезд, 133 район жана 7 кыштак округу; Бухара республикасынын 9 вилаяты; Харезм республикасынын 23 району болгон.

1924-жылдын акырында Орто Азия республикаларында бардыгы болуп 8 131 062 адам болуп, алардын дээрлик жарымы Өзбекстанда жашаган. Курултайда республиканын жогорку органдары: Өзбекстан Советтик Социалистик Республикасынын Борбордук Аткаруу Комитети (ӨзССР БАК) жана Өзбекстан ССР Эл Комиссарлары Совети (ӨзССР ЭКС) түзүлгөн.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1925-жылы 13–17-февраль күндөрү Бухарада болуп өткөн Бүткүл өзбек (Өзбекстан ССР) Советтеринин I түзүлүш курултайында «Өзбекстан Советтик Социалистик Республикасын түзүү жөнүндө Декларация» кабыл алынды.

Декларацияда жаңы түзүлгөн Өзбекстан ССРдин курамына Ташкент, Самарканд, Фергана, Кашкадарыя, Зарафшан (Бухара), Сурхандарыя, Харезм вилаяттары жана Тажикстан АССР киргендиги өз алдынча белгиленди.

Курултайда Файзулла Хожаев Өзбекстан ССР Эл Комиссарлары Советинин төрагасы, «Кошчу» уюмунун активисти Юлдаш Ахунбабаев Өзбекстан ССР Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы кызматтарына шайланышты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Самарканд шаары республиканын борборунда жайлашкан эле. Мындай жагдай жаңы түзүлгөн Өзбекстан ССР аймагынын бардык бөлүктөрүндө совет уюмдарынын ишин жандандырууга жардам берди.

Жергиликтүү бийлик органдары бышыкталып, алардын борбордук өкмөт мекемелери менен карым-катышы күчөгөндөн кийин Өзбекстандын борбору 1930-жылдын 20-сентябрында республиканын өтө маанилүү экономикалык, саясий жана маданий борбору болгон Ташкент шаарына көчүрүлдү.

Өзбекстан ССР түзүлгөн учурда 1925-жылы февраль–апрель айларында Бухара шаары, 1925-жыл апрелден 1930-жылы сентябрга чейин Самарканд шаары Өзбекстан ССРдин борбору саналган.

## БИЛЕСИҢБИ?

Өзбекстан ССР өкмөтүнүн төрагасы Файзулла Хожаев бир түндө борборду Самарканддан Ташкентке көчүрүп алып келген эле.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Өзбекстан ССРде 1925-жылы 29-январда алгачкы жолу административдик-аймактык бөлүнүү өткөрүлүп, 7 вилаят (Зарафшан, Самарканд, Ташкент, Фергана, Сурхандарыя, Кашкадарыя, Харезм) жана өз алдынча Канимех району түзүлдү. 1926-жылдын 29-сентябрында 10 округ (Харезм, Бухара, Ортоңку Зарафшан, Самарканд, Ташкент, Хожент, Кокон, Андижан, Сурхандарыя, Кашкадарыя) жана өз алдынча Канимех району түзүлдү.



«Түркстан өлкөсүн башкаруу жөнүндөгү Устав» боюнча, Түркстан генерал-губернаторлугу вилаяттар (облус), район (уезд), участка, болуш (волость) жана аксакалдыктарга бөлүнгөн.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

«Түркстан өлкөсүн башкаруу жөнүндөгү Устав» боюнча, Түркстан генерал-губернаторлугунда кандай аймактык бирикмелер болгон жана алар кандай аталган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

ӨзССР түзүлүшүнүн алдында, 1925-жылы 6–12-февралда эски Бухара шаарында болуп өткөн Өзбекстан Коммунистик партиясынын I түзүлүш съездинде Өзбекстан Коммунистик (большевиктер) партиясы уюштуруу жагынан документтештирилди. Өзбекстан Компартиясы Борбордук Комитетинин жооптуу катчылары болуп Владимир Иванов жана Акмал Икрамовдор шайланды.

Совет бийлигинин жылдарында республиканын саясий турмушунда Өзбекстан Коммунистик партиясы негизги ролду ойногон. Өзбекстандын партия уюму республиканын жана өзбек элинин кызыкчылыктарын эсепке албастан, Москвада иштеп чыгылган токтомдорду аткарып келген.

Өзбекстандын Компартиясы иш жүзүндө Советтер Союзу Коммунистик партиясынын (КПССтин) Өзбекстан ССРдеги филиалы эсептелген.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Учурда Өзбекстанда канча облус жана район бар?
2. Бүгүнкү күндө өлкөбүздө кандай аймактык бирдиктер бар жана алар кандай аталат?
3. Өзбекстан Компартиясын түзүүдөн кандай кызыкчылык көздөлгөн?
4. Өзбекстан ССР Россия өлкөлөрүнө кандай продуктуларды жетиштирип бере баштаган? Бул качанга чейин улантылган?





Все учебники Узбекистана исключительно в ознакомительных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1927-жылы 30-мартта ӨзССРдин биринчи Конституциясы кабыл алынды. Бүткүл Союзда болгону сыяктуу Өзбекстанда да эмгекчилердин өтө массалык уюму – кесиптик уюмдар (профсоюздар) да партия Комитеттерине толугу менен көз каранды болуп калды. 1925-жылы 21-мартта Өзбекстан кесиптик уюмдарына негиз салынды. Өзбекстан кесиптик уюмдары республикалык совети (Узсовпроф) Бүткүл Союздук Кесиптик уюмдардын Борбордук Советинин (ВЦСПС) жетекчилигинде иш жүргүзгөн.

1925-жылы Өзбекстан ленинчил коммунистик жаштар уюму (ӨзЛКСМ) түзүлдү.

Өзбекстандагы дыйкандарды идеялык жактан бириктирип турган уюмдардан бири «Кошчу» уюму болгон. Ал 1920–1933-жылдарда иштеп турган.

1925-жылы 200 000 адамды өзүнө бириктирген бул уюм да акырындык менен большевиктердин кыштактагы зордукчул саясатынын негизги таянычына айландырылган.

Бардык түзүлүштөр (союздар, уюмдар) совет идеологиясын бекемдөөгө жана аны өнүктүрүүгө кызмат кылган.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Дүйнө тарыхынан алган билимдериң негизинде төмөнкү суроого жооп бер:

Бүткүл союздук ленинчил коммунистик жаштар уюму (ВЛКСМ) качан түзүлгөн жана анын чыныгы максаты эмне эле?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1926-жылы 1–12-декабрда Өзбекстан ССРдин курамында Тажикстан Автономдуу Советтик Социалистик Республикасы (Тажикстан АССР) түзүлгөндүгү жөнүндө декларация кабыл алынды.

1929-жылы 16-октябрда Тажикстан АССРдин ордуна Тажикстан ССР түзүлдү жана ал Өзбекстан ССРдин курамынан чыкты.

1936-жылы 5-декабрда Каракалпакстан АССРдин аймагы Өзбекстан ССРдин курамына киргизилди. Бүгүнкү күндө каракалпак эли Өзбекстан Республикасынын курамындагы суверендүү Каракалпакстан Республикасында жашап, куруучулук ишкердиги менен алектенүүдө.

ВКП (б) – Бүткүл союздук коммунисттер (большевиктер) партиясы. КПССтин (Советтер Союзунун коммунистик партиясы) 1925–1952-жылдардагы аты.



## БИЛЕСИҢБИ?

1926-жылы Тажикстан АССРдин аймагы 135 620 км$^2$, калкы 739 503 адам болгон.

Каракалпакстан 1925–1932-жылдарда Казакстандын, 1932–1936-жылдарда РСФСРдин курамында болгон.

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. «Өзбекстан Советтик Социалистик Республикасын түзүү жөнүндө Декларация» боюнча түзүлгөн Өзбекстан ССР кайсы аймактардан турган?
2. Өзбекстан ССРдин борбору эмне себептен баштап Самаркандга көчүрүлүп, андан Ташкентке көчүрүлгөн эле?
3. Өзбекстан Коммунистик партиясынын негизги милдеттери эмнелерден турган?
4. Бүткүл союздук кесиптик уюму жана комсомол жаштар уюмдары эмне максатта түзүлгөн эле?
5. Улуттук-аймактык чек аралануудан кийин Орто Азия республикаларынын картасындагы Өзбекстан ССРдин аймагын азыркы Өзбекстандын картасы менен салыштыр. Окшош жана айырмалуу жактарын эки мамычада салыштыр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# СОВЕТ БИЙЛИГИ ЖҮЗӨГӨ АШЫРГАН РЕФОРМАЛАРДЫН МАЗМУНУ. ИНДУСТРИЯЛАШТЫРУУ САЯСАТЫ ЖАНА АНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**БҮГҮН САБАКТА**

- Кулакка тартуу саясаты.
- Коллективдештирүү.
- Жеке дыйкан чарбаларынын жоюлушу.

**ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН**

1. «Кулактар»–«чоңмуштумдар» деген сөздү уккансыңбы?
2. Советтер элге эмнелерди убада берген эле? Чындыгында алардын кыймылы кандай болгон?
3. 1918-жылга чейин жерге ээлик кылуунун түрү кандай эле?

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Орто Азияда улуттук-аймактык чек араланув өткөрүлгөндөн кийин 1925–1929-жылдарда жер-суу реформасынын экинчи баскычы жүзөгө ашырылды. Реформанын экинчи баскычы биринчисинен айырмаланып, чоң жер ээлөөчүлүктү (расмий документтерде «кулактар» – «чоң муштумдар» деп аталган) таптакыр чектөө жана аларды класс иретинде жоюу маселесин койду.

«Агрардык төңкөрүштүн» стратегиясы жана тактикасы (1925-жыл ноябрь) бекитилди. Бул баскыч «Суу жана сууну мамлекеттештирүү жөнүндөгү» жана «Жер-суу реформасы жөнүндөгү» декреттер менен башталды.

Бул реформа Өзбекстанда жерлердеги шарттарга жана даярдык деңгээлине карай үч баскычта өткөрүлдү.

| Баскычы | Биринчи баскыч | Экинчи баскыч | Үчүнчү баскыч |
|---|---|---|---|
| Аймагы | Фергана, Ташкент, Самарканд вилаяттары | Зарафшан вилаяты (Бухара жана Ортоңку Зарафшан округдары) | Кашкадарыя, Сурхандарыя, Харезм округдары |
| Доору | 1925–1926-жылдар | 1927-жыл | 1928–1929-жылдар |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Жер-суу реформасын өткөрүү жөнүндөгү декрет боюнча Ташкент жана Самарканд вилаяттарында 40–50 десятина жана андан ашуун сугат жерлер мамлекеттик жер фондуна өткөрүлүшү жана дыйкандарга бөлүп берилиши көздө тутулган эле. Жер менен биргеликте бардык жумуш жаныбарлары (өгүз, ат жана б.), дыйканчылык шаймандары да конфискацияланды.

1925–1929-жылдарда өткөрүлгөн реформалардын натыйжасында бардык вилаяттарда 5 000 ге жакын бай чарбалар жоюлду, 23 000 ден ашуун өзүнө ток чарбалардын «ашыкча» жерлери тартып алынды. Ар бир бай жана өзүнө ток чарба үчүн 7–10 десятинага чейин болгон жер анын өзүнө калтырылышы мүмкүн эле. Бирок өзүнө ток дыйкан чарбаларынын ээлери чыныгы дыйкандар болуп, алар жерден иштиктүү пайдаланышкан жана өндүрүштү кеңитүүгө аракеттенишкен.

### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Кандай ойлойсуң, эмне үчүн жер-суу реформалары жана «кулакка тартуу» саясаты 20-жылдарда башталды?

Өзбекстанда бай чарбалар төмөнкү эки топко бөлүнгөн:

1) 40–50 десятина жана андан ашуун сугат жерге ээ бай чарбалар;

2) 10–40 десятинага чейин жери бар өзүнө ток дыйкан чарбалары. Кийинчерээк өзүнө ток дыйкан чарбалары «кулактар» деп аталды.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

**Коллективдештирүүнүн милдеттүү түрдө жүзгө ашырылышы, колхоз жана совхоздордун түзүлүшү.** Жаңы экономикалык саясат себептүү өзүнүн чарбасын ирдентип алган чарбалардын кулакка тартылышы натыйжасында 1930-жылы «Коллективдештирүү жана кулак чарбаларын жоюу жөнүндөгү» токтом кабыл алынды.

Коллективдештирүүнү уюштуруучулар дыйкандардын жыйналыштарында колхозго кирбегендерге суу берилбейт, алар өнөр жай товарлары менен камсыздалбайт, аларга чоң салык салынат жана жашаган жеринен сүргүн кылынат, деп опуза кылышты. Натыйжада көпчүлүк райондордо коллективдештирүү бир нече жуманын ичинде жүзөгө ашырылды. Өзбекстанда алгачкы колхоздор (жамаат чарбалары) жана совхоздор (мамлекеттик чарбалар) түзүлдү.

Республикадагы дыйкан чарбаларынын 75 пайызы жалпылаштырылган секторго, башкача айтканда колхоз жана совхоздорго бирикти. Өзбекстанда айыл чарбаны коллективдештирүү расмий түрдө 1932-жылы аяктады.

Жеке дыйкан чарбаларынын бир бөлүгү колхоздордон сыртта калды, бирок аларга экономикалык жактан басым жасоо дагы да күчөйдү.

Мындай чарбаларга салынган айыл чарба салыктары жогорулатылды, мамлекетке милдеттүү түрдө тапшырылчу продуктунун көлөмү да колхоздорго караганда 50 пайызга чоңойтулду. 1939-жылга келип Өзбекстанда жеке дыйкан чарбалары таптакыр жоюлду.



1929-жылы совет коомунда базар мамилелери чөйрөсү жоюлду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БИЛЕСИҢБИ?

1934–1937-жылдарда Өзбекстанда кулакка тартуу саясатынын кесепетинде көптөгөн бакубат дыйкан чарбалары кулакка тартылган. Совет бийлиги жылдарында кулакка тартылып, сүргүн кылынгандардан тирүү калгандарынын эркин жаран статусун алуу, өз элине кайтуу жараяны оор кечип, ал болжол менен 20 жылдан көбүрөөк убакытты, башкача айтканда 1934–1956-жылдарды өз ичине алат.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Совет өкмөтү бай чарба менен ток чарбанын ортосундагы айырмаларды кандай критерийдин негизинде жараткан?
2. Ток чарбалардын кандай түрдөгү материалдык байлыктары тартып алынган эле?
3. Жер-суу реформасынын натыйжалары эмнелерге алып келди?
4. Үйгө тапшырма: жер-суу реформасынын өткөрүлүшү боюнча жадыбалды толтур.

| Баскычы | Биринчи баскыч | Экинчи баскыч | Үчүнчү баскыч |
|---|---|---|---|
| Аймагы | | | |
| Доору | | | |
| Жараяндары | | | |
| Өзүнө мүнөздүүлүгү | | | |
| Натыйжалары | | | |

5. Тагдыры кулакка тартуу саясаты менен байланышкан жакын туугандарың (ата-бабаларың) жөнүндө эссе жаз.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Өлкөдө айыл чарбаны зордук менен коллективдештирүү жараянында 1928-жылы өнөр жайды индустриялаштыруу да жүзөгө ашырылды. Өзбекстан үчүн өнөр жай курулушун өтө тездетүү аябай зарыл эле. 1927-жылы ӨзССРдин эл чарбачылыгында айыл чарбанын салмагы 62,6 %, өнөр жайдын салмагы 37,4 % ды түзүп, ошону менен бирге, өнөр жай өндүрүшүнүн 90 пайызы айыл чарбасынын чийки затын кайра иштетүүгө негизделген эле.

Экономика чийки затка багытталган болгондуктан, республиканын өнөр жайы бир жактуу гана адистештирилген. Анын үстүнө индустриялаштыруу саясаты кыштактын эсебинен жүзөгө ашырылды. Айыл чарба продуктуларынын сатуу нарктары төмөндөтүлдү. Натыйжада дыйкандар жакырданып, өлкөдө азык-түлүк көйгөйү кескиндешти.

Биринчи беш жылдыктын тушунда (1928-жыл октябрь – 1932-жыл декабрь) Өзбекстанда 289 жаңы өнөр жай ишканасы курулду жана ишке түшүрүлдү. Жеңил өнөр жайдын булгаарычылык, бут кийим тигүү, тигүүчүлүк тармактарынын жана жип-кездеме өндүрүүнүн темптери жогорулап отурду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1928-жылдын күзүнө чейин өлкө эл чарбасынын бир жылдык, беш жылдык пландары киргизилди. Биринчи беш жылдык план 1928-жылы октябрда башталып, 1932-жылы декабрда мөөнөтүнөн 9 ай мурда аяктады.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Индустриялаштыруу Өзбекстанда баштап акырындык менен жүзөгө ашырылды. Мына ошол доордо Орто Азия республикаларында пахтачылык жана машина куруу өнөр жайынын тунгучу болгон Ташкент айыл чарба машина куруу заводу тургузулду.

Ташкент токуучулук жана Чырчык электр химия комбинаттарынын курулушу тез темптер менен алып барылды. Электр станцияларынын кубаттуулугу 482 млн киловаттка жетти. XX кылымдын 30-жылдарында Чырчык-Бозсуу ГЭСтер каскады курулду.

Өзбекстанда өнөр жай ишканаларынын техникалык деңгээли өтө төмөн, инженерлер, техниктер жана заманбап техниканы билген тажрыйбалуу жумушчулар жетишпейт эле. Бирок өнөр жай ишканаларына тажрыйбалуу кызматчылар жана тажрыйбалуу жумушчулар РСФСРдин борбордук шаарларынан алып келинген.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Ойлоп көрүп, тыянак жаса.

Жергиликтүү улуттардан тажрыйбалуу адистерди даярдоонун ордуна Өзбекстанга, негизинен, европалык калк көчүрүп алып келинди. Алар борбор Ташкентке, жаңы курулуп жаткан шаарларга жана облус борборлоруна жайлаштырылып, жакшы маяналуу жумуш, кезексиз үй менен камсыздалды. Университет жана институттарга артыкчылык менен окууга кабыл алынды.

Ал эми кыштактардан келген өзбек кыз-жигиттери шаарда туруктуу жайлаша албай, түрдүү кыйынчылык жана жетишпестиктердин айынан негизинен «кара жумуш» жана үй-тиричилик жаатында эмгектенүүгө аргасыз болду.

Чырчык-Бозсуу ГЭСтер каскады





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Бул доордо эң маанилүү көйгөйлөрдөн бири кадрлар маселеси эле. Анткени мамлекеттик бийлик жана чарбаны башкаруу органдарында улуттук кадрлар өтө аз болуп, иш жүргүзүү да орус тилинде жүргүзүлгөн.

Өзбекстан ССР Эл Комиссарлары Советинин төрагасы Файзулла Хожаев жергиликтүү элдерден кадрларды даярдоо жана аларды жогорку кызматтарга көтөрүүдө кайрат көрсөттү. Анын демилгеси менен ӨзССР БАКтын алдында 1925-жылы мартта Бабан Мавланбековдун төрагалыгында «Мамлекеттик аппаратты жергиликтештирүү Борбордук комиссиясы» түзүлдү. Акмал Икрамов, Рахим Инагамов жана башкалар ага мүчө болушту. Борбордук комиссиянын Самарканд, Зарафшан, Ташкент, Фергана жана башка облустарда да бөлүмдөрү түзүлдү.

Жергиликтештирүү комиссиясынын жетекчилигине Өзбекстандагы окуу жайлары, илимий жана маданий-агартуу (элдин билимин жана аң-сезимин жогорулатуу) уюмдарын, өнөр жай ишканаларын жергиликтештирүүнүн негизги планын иштеп чыгуу жүктөтүлдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1925-жылы ноябрда Самарканд шаарында болуп өткөн Өзбекстан Коммунистик партиясынын II съездинде «Партия, совет, чарбалык, кесиптик уюмдарга жана кооперативдүү уюмдарга жергиликтүү калкты тартуу» маселеси карап чыгылды. Съездде башкаруу жана жетекчилик иштерине жумушчу, дыйкан жана интеллигенттерден жергиликтүү кадрларды даярдоо зарылдыгы уктурулду.

1927-жылы Өзбекстан ССР БАКнин алдындагы «Мамлекеттик аппаратты жергиликтештирүү Борбордук комиссиясынын» аталышы «Мамлекеттик аппарат менен өнөр жайды Өзбектештирүү Борбордук комиссиясы» деп өзгөртүлдү.

Комиссия өзүнүн ишкердигинде өзбек калкы көбүрөөк болгон райондордогу бардык мамлекеттик, жамааттык, кооперативдик мекемелери жана уюмдарында иш жүргүзүүнү өзбек тилинде жүргүзүүгө тийиш эле.

1931-жылы СССР БАКнин «ӨзССР аппаратын өзбектештирүү жөнүндөгү» токтому кабыл алынып, ал боюнча Өзбекстан мамлекеттик аппаратын Өзбектештирүү Борбордук комиссиясынын ишкердиги токтотулду. Борбор тарабынан башка союздук республикаларда болгону өңдүү Өзбекстан ССРде да жергиликтештирүү жараянын токтотулуп, ал «буржуа улутчулдугу» деп жарыяланды

Өзбектештирүү саясатына олуттуу сокку берилип, орусташтыруу жараяны өзүнүн жаңы баскычына кадам койду.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1927-жылы 16–24-ноябрдагы съездде кабыл алынган токтомдо мамлекеттик аппаратты улутташтыруу жана өзбектештирүү жөнүндө минтип айтылган эле:

«Өзбектештирүү түшүнүгү, чынын алганда, Өзбекстан республикасынын аймагындагы мамлекеттик аппаратты жана иш жүргүзүүнү өзбектештирүүнү көздө тутат, бирок майда улуттарга өз эне тилинде кызмат көрсөтүүнү таптакыр четке какпайт, тескерисинче, колдойт. Майда улуттар көпчүлүк жашаган райондордо сот органдары, мектептер өзүнүн иштерин алардын эне тилинде жүргүзүүгө тийиш. Майда улуттарды өлкөнү башкарууга, коомдун турмушуна тартуу керек. Майда улуттардан кадрларды даярдоо маселесине өзгөчө көңүл буруу зарыл».

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. ӨзССР эл чарбасында айыл чарбанын үлүшү жогору болушунун себептери эмнеде?
2. ӨзССРде индустриялаштыруу доорунда жүзөгө ашырылган иштерде, негизинен, кайсы багыттарга көңүл бурулду?
3. «Кадрларды жергиликтештирүү» дегенде эмнени түшүндүң?
4. Өзбекстанда кадрларды жергиликтештирүү саясатынын демилгечилери кимдер эле? Жергиликтештирүү кандай тартипте жүргүзүлдү?
5. Өзбекстанда кадрларды жергиликтештирүү саясатынын натыйжасы жана кесепеттери кандай болду?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨЗБЕКСТАНДА СОВЕТ БИЙЛИГИ ЖҮРГҮЗГӨН МАДАНИЙ САЯСАТ

### БҮГҮН САБАКТА

- Билим берүү жана илим жаатындагы иштер.
- Сабатсыздыкка каршы күрөш.
- Алфавиттин өзгөртүлүшү.
- Кыз-келиндерди боштондукка чыгаруу.

### ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Жадид мектептеринин максат-милдеттери совет идеологиясына туура келеби?
2. *Сабатсыздык* дегенде эмнени түшүнөсүң?

### МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Большевиктер бардык тармактар сыяктуу руханий турмушка да таасирин тийгизди. Алар алгачкы жылдарда совет мектептерин жана техникумдарын ачууга өзгөчө көңүл бурушту. Жадид мектептери жабылды. Эски усул мектептери жана вакф мектептери да жоюлду. Республикада көптөгөн университет жана институттар түзүлдү. Бирок университет жана институттардагы студенттердин, сабак берген мугалимдердин арасында жергиликтүү улуттун өкүлдөрү азчылыкты түзгөн.

1932-жылы 14-октябрда Өзбекстан илимий текшерүү мекемелерине жетекчилик кылуучу Өзбекстан ССР Илимдер комитети түзүлдү.





Ташкент жана Самарканд Мамлекеттик университеттери

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Өзбекстан ССР Советтеринин V курултайында 8 жаштан 15 жашка чейин болгон бардык балдарды милдеттүү жети жылдык билим берүүгө тартуу жана республиканын шаар жана кыштактарында жаңы мектеп имараттарын куруу программасын иштеп чыгуу сунушу киргизилди.

Экинчи беш жылдыктын тушунда бардык жалпы билим берүү мектептериндеги окуучулардын саны тез темптер менен чоңоюп, 931 800 гө жетти, алардын 725 миңге жакыны кыштак мектептеринде окуган. Республиканын мектептеринде окутуу 18 тилде жүргүзүлгөн. Өзбек тилинде окутулган мектептердин саны он жылдын ичинде10 эсе ашкан.

Кыз-келиндердин ортосунда сабатсыздыкты жоюу боюнча көп жерлерде атайын сабаттуулук мектептери ачылды. 1937-жылы 139 000 кыз-келин окуганды жана жазганды үйрөнүп алды.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Билим берүүнүн 18 тилде жүргүзүлүшүнүн негизги себептери эмне эле?
2. Учурда өлкөбүздө билим берүү канча тилде жүргүзүлөт?

## БИЛЕСИҢБИ?

Орто Азияда жогорку билим берүүнүн бешиги, Түркстан элдик университети (азыркы Өзбекстан Улуттук университети) бир канча жогорку окуу жайларга негиз болду, 1940-жылы республикада 30 жогорку, 100 гө жакын орто атайын окуу жайлары иштеп турду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Совет бийлигинин алгачкы он жылдыктарында Өзбекстанда алфавит 3 жолу өзгөртүлдү. Мындай жагдай жергиликтүү калкты сабатсыз кылууга, анын кылымдарды карыткан баалуулуктарын жоюп, совет маданиятынын рухунда тарбиялоого, орусташтыруу саясатын жүзөгө ашырууга багытталган эле.

1929-жылы май айында Самаркандда өткөн Өзбекстан жазуучулары, тилчилери жана жетекчи интеллигенттеринин конференциясында өзбек жазуусун араб графикасынан латин графикасына өткөрүү жөнүндө токтом кабыл алынды, 1-декабра Өзбекстанда араб алфавитинен латин алфавитине өтүлдү.

Бирок көп узабай жазууну кириллицага өткөрүү жөнүндө жаңы токтом кабыл алынды. 1940-жылы 8-майда болгон Өзбекстан ССР Жогорку Советинин III сессиясында латин жазуусунан кириллдин (орус графикасынын) негизиндеги өзбек жазуусуна өтүү жөнүндө токтом кабыл алынды. Өзбекстан менен бирге Орто Азиянын башка республикалары жана Азербайжан да орус графикасына өткөрүлдү.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Дүйнө тарыхы сабактарында алган билимдериңе таянып, кирилл алфавитине качан, кимдер тарабынан негиз салынганын эсте. Бул жазуу Россиянын аймагына кантип кирип келген?

Ислам дини чөлкөмгө кирип келгенден кийин, кылымдар бою өлкөбүздө жаратылган чыгармалар араб алфавитиндеги эски өзбек жазуусунда жазылган эле. Ал эми большевиктер мындай адабияттан баш тартып, совет адабиятын жана пролетардык маданиятты жаратууга умтулду.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Социалдык турмушта кескин карама-каршылыктар өкүм сүргөн бул татаал доордо адабият жана искусство улуттук, адамгерчилик, элдик өңдүү принциптерге берилгендикти сактап калды.

Өзбек жазуучу жана акындарынан Фитрат, Чолпон, Абдулла Кадырий, Садриддин Айний, Хамза жана башкалар өздөрүнүн чыгармалары менен улуттук баалуулуктарды сактоого жана коргоого аракеттенди. Бул доордун адабият майданына Гафур Гулам, Айбек, Хамид Алымжан, Зулфия, Абдулла Каххар, Усман Насыр, Миртемир, Айдын Сабирова, Уйгун, Камил Яшин, Гайратий, Султан Жура, Амин Умарий өңдүү бир топ шыктуу жаш акындар, жазуучулар жана драматургдар кошулду.



**Солдон оңго:** *1-катар*: Гафур Гулам, Уйгун, Камил Яшин, Айбек, Зулфия. *2-катар*: Аскад Мухтар, Мирмухсин, Хамид Сулайман, Мамарасул Бабаев.

Бул доор республикадагы чыгармачылар үчүн түрдүү изилдөөлөр, көз караш жагынан бири-биринен айырмаланган бир топ багыттардын катуу кагылышуулары менен толуп-ташкан, жоготууларга бай жана кээ бирлери үчүн трагедия менен аяктаган, ошону менен бирге жаңы-жаңы таланттар дүйнөгө келген жана бүчүр жазган доор болду.



Аброр Хидоятов Отеллонун образында

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Өзбек улуттук музыкасын өнүктүрүүгө өзбек композиторлорунан Токтосун Жалилов, Юнус Ражабий, Мухтар Ашрафий, Мутаваккил Бурхановдор чоң салым кошушту.

Ажайып режиссёрлор жана актёрлор Маннан Уйгур, Абрар Хидоятов, Сара Эшантураева, Раззак Хамраев, Алым Хужаев, Шукур Бурханов жана башкалар себептүү өзбек театр искусствосу гүлдөп-жайнады. Камил Ярматов, Наби Ганиев, Рахим Пирмухаммедов өңдүү кинематография ишмерлери жетишип чыкты.

Бий искусствосу менен ырчылыкта Халима Насырова, Тамараханум, Мукаррама Тургунбаева, Лутфиханум Сарымсакова, Мухиддин Кары Якубов, Камилжан Атаныязов, Карим Закиров жана башкалар жогорку чебердикке жетишишти.

Өзбек музыка жана вокал искусствосунун өнүгүшүндө 1936-жылы Ташкентте ачылган мамлекеттик консерваториясы чоң роль ойноду.



…тельно в образовательных целях
…UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Совет бийлиги тарабынан Чыгыш аялдарын «боштондукка» чыгаруу, эски жашоо мүнөзүнө чабуул (хужум) жасоо, аялдарга чүмбөт жана паранжыны таштатуу күн тартибине коюлду.

«Хужум» компаниясы 1926-жылдын сентябрында Орто Азия кыз-келиндеринин кеңешинде жарыяланып, аны 1927-жылы 8-марттан баштоого toktom кылынды.

1927-жылы 8-мартта массалык митиңдер башталды. Аларда 100 000 ден ашуун кыз-келиндер паранжыларын отто жагышты. Бирок большевиктер партиясынын өзбек кыз-келиндерин боштондукка чыгарууну тездетүү саясаты терс кесепеттерге алып келди. «Хужум»га каршы болгондор аялдарга карата зулум өткөрө баштashты.

Тилекке каршы, аймактын улуттук баалуулуктары жана өзүнө мүнөздүүлүгү эсепке алынбастыгынын натыйжасында «Хужум» кыймылы өтө активдүү өткөрүлгөн 1927–1928-жылдарда Өзбекстанда 2500 дөн ашуун активдүү кыз-келиндер трагедиялуу курман болушту.

## БИЛЕСИҢБИ?

Совет өкмөтү «Хужум» компаниясын өткөрүүдөн төмөнкү максаттарды көздөгөн эле:

**биринчиден,** өзбек элинин тарыхый куралган улуттук-ахлактык чыгышка мүнөздүү салт жана баалуулуктарын жоюу жана руханиятына сокку берүү;

**экинчиден,** «кыз-келиндерди боштондукка чыгаруунун» шылтоосунда алардан өнөр жай ишканаларында, колхоз жана совхоздордо арзанга иштеген кошумча жумушчу күчү иретинде пайдалануу эле.



Паранжысын таштаган кыз-келиндердин жолугушуусу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН


1930-жылы республика кол өнөрчүлүк кооперациясынын 50 дөн ашуун артелдеринде 5 000 ден көбүрөөк жергиликтүү аялдар иштеген. Алардын көпчүлүгү тигүүчүлүк ишканаларында эмгектенишкен.

Кыз-келиндер ири өнөр жай ишканаларына да тартыла башталды. Мындай жагдай аялдардын ден соолугуна олуттуу зыян жеткирди.

Бул доордо өзбек кыз-келиндери жетекчилик кызматтарда да иштей алуу жөндөмүн көрсөтүштү. 1927-жылы республикадагы райондук аткаруу комитеттери мүчөлөрүнүн 20 пайызы, округ аткаруу комитеттери мүчөлөрүнүн 17 пайызы аялдар эле.

Жахан Абидова ӨзССР Борбордук Аткаруу Комитети Президиуму төрагасынын орунбасары, ал эми Тажихан Шадиева Президиумдун мүчөсү болгон. Кийинчерээк бул белгилүү 2 өзбек аялы совет бийлиги тарабынан куугунтукка алынды.

XX кылымдын 30-жылдарында аялдардын арасынан белгилүү окумуштуу, акын, жазуучу, инженер, дарыгер, искусствонун чеберлери, мугалимдер жетишип чыга баштады. Ошол жылдарда Халима Насырова, Тамарахану м, Сара Эшантураева, Мукаррама Тургунбаева өңдүү өзбек кыздарынын таланты жарк этип көзгө ташталды.



Жахан Абидова
Юлдаш Ахунбабаев менен

Мукаррама Тургунбаева



## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Советтер Түркстанда элге билим берүүнү уюштурууга, өнүктүрүүгө кандай көз караштан мамиле жасашты?
2. Өлкөнүн элге билим берүү системасында болгон каталар, кемчиликтер, кыйынчылыктар жана көйгөйлөр жөнүндө эмне айта аласың?
3. Республиканын жогорку билим берүү системасын калыптандыруу кандай максаттарда жүзөгө ашырылды?
4. Өзбекстанда «Хужум» кыймылын өткөрүүдөн көздөлгөн максат эмне эле?
5. 1920-жылдары республикада өткөрүлгөн «Хужум» кыймылы кыз-келиндердин турмушуна кандай өзгөрүштөрдү алып кирди?
6. Паранжыдан «бошотулган» кыз-келиндер баштап кайсы тармактарга тартылды?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# СОВЕТ БИЙЛИГИНИН ӨЗБЕКСТАНДАГЫ КУУГУНТУКТОО САЯСАТЫ

## БҮГҮН САБАКТА

- СССРде тоталитардык түзүлүштүн орнотулушу жана анын мазмуну.
- Өзбекстанда алгачкы куугунтуктоолордун башталышы.
- Укук жана агартуу системасында куугунтуктоонун күчөтүлүшү.
- 1937–1938-жылдарда мамлекеттик ишмерлер, интеллигенттер, уламалар жана согуштук кызматчылардын куугунтукка алынышы.
- «Шейиттер эстелиги» эстелик комплекси жана «Куугунтуктоонун курмандары эстелиги» музейи.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. «Куугунтуктоо» дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Куугунтуктоонун курмандары жөнүндө эмнелерди билесиң?
3. «Шейиттер эстелиги» эстелик комплекси каерде жайлашкан?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Совет режими өзүнүн бийлигин бышыктап алгандан кийин, анын өзгөчөлүктөрү барган сайын ачык боло баштады. Мындай жагдай, айныкса, улуттук республикалардагы жетекчи кызматчыларга карата жасалган мамилелерде таасын байкалды.

XX кылым 20-жылдарынын экинчи жарымы жана 30-жылдардын башында Өзбекстан ССРде *он сегиздер тобу* (Абдурахим Хажибаев, Инамжан Хидиралиев, Мухтаржан Саиджанов жана б.), *инагамовчулук* (ӨзССР Агартуу эл комиссары Рахим Инагамов жана б.), *касымовчулук* (ӨзССР Жогорку сотунун төрагасы Саъдулла Касымов жана б.), *бадриддиновчулук* (ӨзССР Жогорку сотунун прокурору Шамсутдин Бадриддинов жана б.), *«улуттук союзчулар» жана «улуттук эгеменчилер»* (Мунавваркары Абдурашидхановбашчылыгындагы 87 адам), *«наркомпрос» иши* (ӨзССР Агартуу эл комиссары Маннан Рамзий, анын орунбасары Бату жана б.), *«баатыр кепчилер»* (Кокондо Ашурали Захирий башчылыгындагы 19 адам) жана башка саясий иштер ойлоп табылды. Натыйжада өзбек элинин көптөгөн жеткилең перзенттери куугунтукка алынды.


Ашурали Захирий

Бул доордо коммунистик партиянын саптарын «тазалоо» компаниясынын натыйжасында Өзбекстан Компартиясы мүчөлөрүнүн 25,6 пайызы партиядан чыгарылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Куугунтукка алынган адамдар сүргүн кылынууда

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Улуттук жетекчи кызматчыларды кызматынан четтетип, аларды баштап «идеялык» жактан талкалап жаткан совет режими XX кылымдын 20-жылдарынын акырына келип, аларды чындап эле жоготууга киришти.

Өзбекстан ССР Жогорку сотунун төрагасы Саъдулла Касымов 1929-жылдын март айында кызматынан бошотулуп, камакка алынды. С. Касымов жана анын 6 шериги «басмачыларды» колдоп-кубаттоодо, «контртөңкөрүшчү улутчул уюмдардын» мүчөлөрү менен байланыш жасагандыкта, ислам динин коргоодо күнөөлөнүп, аларга «касымовчулук» жарлыгы асылды. Сот аларды 10 жыл мөөнөткө камак жазасына өкүм кылды. Алардын бүткүл мүлкү мамлекеттин эсебине конфискацияланды.

Көп узабай кезектеги иш – бадриддиновчулук ойлоп табылды. 1932-жылы 5-май–15-июнда Өзбекстан Жогорку сотунун мурдагы прокурору Шамсутдин Бадриддинов жана анын 5 шериги үстүнөн сот жараянын өткөрүлдү. Алар да узак мөөнөттүү камак жазасына өкүм кылынды.

## БИЛЕСИҢБИ?

Совет режими улуттук жетекчи кызматчыларды куугунтуктоо менен бирге агартуу жаатындагы интеллигенттерге да басым жасай баштады.

1929-жылы 5-ноябрда Ташкентте агартуучу Мунавваркары Абдурашидханов башчылыгындагы 38 адам камакка алынды. Көп узабай камакка алынгандардын саны 87 адамга жетти. Аларга «Улуттук Бирдик» жана «Улуттук Эгемендүүлүк» уюмдарынын мүчөлөрү деген күнөө коюлду. Тергөө жараяны кийинчерээк Москвага көчүрүлдү. Мындай жагдай советтердин улуттук-руханий турмушка зордук көрсөтүшүнүн далили эле.

1931-жылы 25-апрелде Москвада болуп өткөн соттун кеңешинде Мунавваркары башчылыгындагы улуттун 15 күйөрманы болгон «Улуттук Эгемендүүлүктүн» мүчөлөрү атып өлтүрүүгө, ал эми калган 72 адам узак мөөнөттүү камак жазасына өкүм кылынды. Өзбек элинин 15 перзенти Москванын айланасында атып салынды. Камактан да дээрлик эч ким Ташкентке кайтып келбеди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Камакка алынган көптөгөн мекендештерибиз массалык түрдө 1938-жылы 4-октябрда өлүмгө тартылган.

ХЭСР аскердик иштер комиссары, өз алдынча Өзбек атчан аскерлер полкунун командири жана комиссары, 19-тоолуу атчан Өзбек дивизиясынын командири кызматтарында иштеген Миркамил Миршарапов совет режими тарабынан Майкопто 1937-жылы 28-октябрда камакка алынды.

Ал Өзбек дивизиясын улутташтыруу жана дивизиянын жардамында Өзбекстанды СССР-дин курамынан бөлүп алуу жана эгемендүү мамлекетти курууга аракеттенүүдө күнөөлөндү. Алгачкы Өзбек дивизиясы таратып жиберилди жана М. Миршарапов башчылыгында 18 өзбек аскер командирлери жана аскерлери 1938-жылы 10-октябрда атып салынды.



Өзбек дивизиясынын командири Миркамил Миршарапов

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Элдин интеллигенттүү катмарына кыргын келтирүүдөн көздөлгөн максат эмне болгон?
2. Эмне үчүн большевиктер түрдүү жалааларды ойлоп табышкан?
3. «Улуттук жетекчи кызматчыларды мансаптарынан четтетип, аларды баштап «идеялык» жактан талкалап жаткан советтердин режими XX кылым 20-жылдарынын акырына келип, аларды иш жүзүндө жок кылууга киришти», – дейилгенде эмнени түшүндүң?

XX кылым өзбек маданиятынын 3 жаркыраган жылдызы – Фитрат, Чолпон жана Абдулла Кадырий бир күндө – 1938-жылы 4-октябрда Ташкент шаарынын айланасында атып салынды.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1937–1938-жылдары ойлоп табылган жалган жалаалар боюнча Өзбекстанда 41 000 ден ашуун адам камакка алынып, алардан 37 000 ден көбүрөөгү жазаланды, ал эми 6 920 адам атууга өкүм кылынды.

Жалаң мамлекеттик жана жамааттык ишмерлер, жазуучу, акын жана окумуштуулардан 5 758 адам камакка алынып, алардан 4 811 и атып салынган эле. Бул маалыматтар республикабыз көлөмүндө кызыл террор канчалык кең көлөмдө ырайымсыз түрдө жүзөгө ашырылганынын далили эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



«Шейиттер эстелиги» эстелик комплекси

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Өзбекстан Республикасы көз карандысыздыкка жетишкенден кийин куугунтукталгандардын көпчүлүгү укуктук жактан акталды. Алардын өлбөс ысымдары калыбына келтирилди. Зөөкүр совет режиминин тушунда Бозсуу каналынын жээгинде – улут баатырларынын көпчүлүгү атып салынган жерде алардын элесине арнап эстелик орнотулду.

2000-жылы 12-майда Ташкент шаары Юнусабад районундагы Бозсуу каналынын боюнда «Шейиттер эстелиги» эстелик комплекси ачылды.

## БИЛЕСИҢБИ?

Өзбекстан ССРде бул доордо көптөгөн медреселер, мечиттер жана мусапырканалар бузуп салынды. Бузулбай калган медресе жана мечиттер чарбалык кампаларга айландырылды, кызыл аскер гарнизондору үчүн казарма иретинде кайра жабдылды, четтен келгендер үчүн турак-жай иретинде берилди жана түрдүү максаттарда пайдаланылды. Маданий-руханий мурасыбыз болгон кол жазма чыгармалар жана башка китептердин чоң бөлүгү жок кылынды.



## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. «Он сегиздер тобу» жана «касымовчулук» өңдүү саясий иштерди ойлоп табуу жана алардын ишкердигине саясий түс берүүдөн көздөлгөн максаттар эмне эле?
2. Эмне себептен XX кылымдын 30-жылдарынын экинчи жарымына келип республиканын жетекчилиги куугунтукка алынды, аларга кандай айыптар коюлган?
3. Алдыңкы өзбек интеллигенттерин куугунтуктоо эмне үчүн керек болду?
4. Тоталитардык түзүлүш администраторлорунун адам укуктары жана эркиндиктери боюнча эки жүздүүлүгүн, айлакердигин сен кандай түшүндүрөсүң?
5. Сен жашаган шаар жана райондо куугунтукталган кимдерди билесиң, алар жөнүндө сүйлөп бер.
6. Куугунтуктоого кабылган саясий ишмерлер жана жазуучулардын ысымдарын өз алдынча мамычаларда иликте.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨЗБЕКСТАН ЭКИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДА

## БҮГҮН САБАКТА

- II дүйнөлүк согушта Өзбекстандын катышуусу.
- Согуш жылдарында Өзбекстан өнөр жай системасында жүргөн өзгөрүштөр.
- Өзбек элинин кең пейилдиги.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. II дүйнөлүк согуш качан башталды?
2. Анда кайсы мамлекеттер катышты?
3. «Германия менен Советтер Союзунун ортосунда өз ара кол салбастык жөнүндөгү» келишим эмне жөнүндө эле? Ага кайсы мамлекеттердин ортосунда кол коюлган?



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Дүйнө тарыхынан алган билимдериң негизинде төмөнкү суроолорго жооп бер.

1. Гитлер «Барбаросса» планын качан тастыктады жана ортодон канча убакыт өткөндөн кийин СССРдин аймагына бастырып кирди?
2. «Үчтөр союзу» качан жана кайсы мамлекеттердин ортосунда түзүлгөн? Анын согушка кандай тиешеси болгон?

## БИЛЕСИҢБИ?

1939-жылдын күзүндө Эстония, Латвия жана Литва менен түзүлгөн өз ара жардам берүү жөнүндөгү келишимдердин негизинде СССР бул өлкөлөргө аскердик базаларын жайлаштырган эле. 1940-жылдын жайында СССР Балтика бою мамлекеттерине кошумча Кызыл Армия кошуундарын алып кирип, совет республикаларын түздү. Румыния СССРге Бессарабия жана Түндүк Буковинаны берүүгө аргасыз болду.

Экинчи дүйнөлүк согуш 1939-жылдын 1-сентябрынан 1945-жылдын 2-сентябрына чейин созулган. Анда дээрлик 1,7 миллиард адам катышкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

СССР 1939-жылы 14-декабрда агрессивдүү өлкө иретинде Улуттар лигасынан чыгарылды, Совет-Финляндия согушу учурундагы жоготуулардын көлөмү Германияда советтик Кызыл Армия күчсүз, деген ойдун калыптанышына алып келди.

## БИЛЕСИҢБИ?

Өзбекстандыктар япон милитаристтери менен болгон согуштарда, ошондой эле, Совет-Финляндия согушунда катышты. Ошонун катарында, кийинчерээк артиллериянын генерал-лейтенанты болгон Файзулла Нархожаев Хасан көлүнүн боюндагы аскердик кыймылдарда, кийинчерээк Советтер Союзунун Баатыры болгон Амирали Саидбеков Совет-Финляндия согушунда катышкан эле.





Файзулла Нархожаев

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында Өзбекстандан 1 миллион 951 миңге жакын адам согушка аттанды. Бул деген, ар үч өзбекстандыктан бири согушта катышканын көрсөтөт.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1941-жылдын 22-июнь күнү гитлерчилер Германиясынын СССРге кол салышы Советтер Союзу деп аталган аймакка бириктирилген элдер үчүн оор сыноолордон турган согушту баштады.

23-июнь күнү Ташкентте көп миң кишилик митинг болуп өттү. Түрдүү ишкана жана мекемелердин жумушчу жана кызматчылары, мугалимдер, студенттер фашизмге каршы күрөшкө, фронтто жана фронт артында душмандын үстүнөн жеңишке жетишүүгө даяр экендигин билдирди.

Согуш өлкөнүн чарбасын, анын турмушун түптөн өзгөртүп жиберди. 1941-жылы 30-июнда Мамлекеттик коргоо комитетинин түзүлүшү менен өлкөдөгү бүткүл бийлик анын колуна өттү. Мамлекеттик коргоо комитетинин токтомдору согуш доору мыйзамдарынын күчүнө ээ эле.



Согуштун алгачкы күндөрүндө кабыл алынган көрсөтмө, токтомдордо фронттун артын коргоо кызыкчылыктарына баш ийдирүү, бардык иштерди аскердик изге салуу, душман ээлеген аймактарда партизандык топторду түзүү зарылдыгы белгиленди.

Фронт жана фронт алды аймактарынан Өзбекстанга 1 миллион 500 миң адам, ошонун катарында, 200 миңден ашуун жетим балдар, завод жана фабрикалар жана алардын мүлктөрү эвакуация кылынды. Ишканалар иш баштай элек шартта эвакуация кылынгандарды акча, кийим-кече жана азык-түлүк продуктулары менен камсыздоого этибар берилди.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Заводдун көчүрүп алып келиниши

Бүгүлбөс эрктин жана эрдиктин үлгүсүн көрсөтүп, өмүрүн Ата мекенибиздин ар тараптан өнүгүшү, бүгүнкү тынч жана бейпил күндөр үчүн жанын курман кылган ата-бабаларыбыздын ыйык элесин эске алып, изги иштерин улантуу, катарыбыздагы карыяларды аздектөө — адамгерчиликтин эң жогорку критерийи жана бизге тынчтык, амандык керек, деп жашаган кең пейил жана айкөл элибизге мүнөздүү эзелки баалуулук.

Шавкат МИРЗИЁЕВ

**ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ**

Эвакуация боюнча Кеңеш кандай милдетти талкуулаган?

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Жетим балдарга кам көрүү жалпы элдик кыймылга айланды. Миңдеген өзбекстандыктар балдарды өздөрүнүн үйлөрүнө алышты. Ташкенттик темирчи Шаахмад Шамахмудов жана анын жубайы Бахри Акрамова түрдүү улуттарга таандык 14 баланы өздөрүнүн тарбиясына алышты. Согуштан оор жарадар болуп кайткан каттакоргондук Хамид Самадов 13, күйөөсүн фронтко жөнөткөн самарканддык Фатима Касымова 10 баланы асырап алды.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ташкенттеги аскердик госпиталь

## БИЛЕСИҢБИ?

Өзбекстанда фронтто жарадар болгон жоокерлерди дарылоо боюнча аскердик госпиталдар тармагы пайда болду. Ошол жылдарда 120 дан ашуун эвакуация госпиталы иштеп турду. Госпиталдарда дарылангандардын негизги бөлүгү кужүрмөн сапка кайтты.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БИЛЕСИҢБИ?

Өзбекстандын калкы согуш жылдарында коргоо фондуна бардыгы болуп 649,9 млн рубль акча, 3 млрд 669 млн 817 миң рубль облигация, 22 млн 374 миң рубль сандагы баалуу буюм, 55 кг дан ашуун баалуу металлдарды тапшырды.

Аялдар укумдан тукумга мурас болуп келген зергерлик буюмдарын да бериште. Бул каражаттардын бир бөлүгүнө бронялуу поезд, самолёт, танктар жасалып, фронтко жиберилди.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Өзбекстан өзүнүн калкын, эвакуация кылынгандарды азык-түлүк продуктулары менен камсыздады, мындай продуктуларды фронтко, курчоодо калган жана бошотулган шаар жана райондорго жиберди. Ошондой эле, согуш талааларына курал, кийим-кече, дары-дармек жана башка зарыл продуктулар токтоосуз жеткирип берилди.

Фронтко жалпы элдин жардамы коргоо фондун түзүүдө да таасын көрүндү. Согуш жылдары Өзбекстандын эли фронтко өзүнүн делегацияларын жоокерлерге белектер менен жиберди. 1941-жылдын декабрында Ташкенттен Москвага азык-түлүк продуктулары жүктөлгөн эшелон жиберилди. Жолдо бомбаланганына карабай эшелон Батыш фронтко жетип барды. Бул жөнүндө белгилүү «Кырк биринчи жылдын алмалары» деген фильм иштелген.

Делегациянын бир тобуна Жогорку Советтин Президиумунун төрагасы Юлдаш Ахунбабаев, экинчи тобуна белгилүү элге билим берүү кызматкери, ошол убакытта фронтто согушуп жаткан үч уулдун атасы Хасан Исламов башчылык кылды.

Өзбекстан элинин делегациясы. 1941-жыл





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Колхозчулар Совет армиясынын жоокерлерине өздөрүнүн каражаттарына курулган танктарды тапшырышууда, 1942-жыл.







Жумушчу аялдар жоокерлер үчүн жөнөтмөлөрдү даярдашууда. Ташкент, 1941-жыл

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Фашизмге каршы күрөштө фронттун артында эрдик менен эмгектенген, эвакуация кылынгандарга мээримин берген көп улуттуу Өзбекстан элинин, жөнөкөй, ошону менен бирге айкөл, эрктүү инсандардын биримдиги маанилүү факторлордон бири болду.

Элдин күчүн жана мүмкүнчүлүктөрүн бириктирүүдө ошол убакытта республикага жетекчилик кылган Усман Юсуповдун кызматы чоң болду. Усман Юсуповду «өлкөнүн ичкерисиндеги маршал» деп аташкан.


Согуштун алгачкы учурларынан эле жамааттарда алдыңкылар кыймылы өнүктү. Күнүгө эки норманы аткарып келе жаткан жумушчулар үч жана андан ашуун норманы бере баштаашты. Күндүк пландар 350–470 пайызга чейин жеткирип аткарылды. «Фронтчосуна эмгектенүүнүн» артындагы миллиондогон мекендештерибиздин эмгеги душманды талкалап, жеңишке жетишүү үчүн зарыл курал жана продуктулар менен камсыздоо жагынан чечүүчү мааниге ээ болду.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Өзбекстан 1941–1945-



## Самолёттор




## Авиамоторлор

## Мина жана снаряддар





## Радио лампалар



## Көчмө ашканалар

Өзбекстандын эли согуш талаасына чоң санда курал-жарак, азык-түлүк, кийим-кече, дары-дармек жана башка зарыл продуктуларды жеткирип берди.

Республикадагы 300 гө жакын ишканада аскердик продуктулар өндүрүлгөн. Ошол доордо фронттук аймактардан Өзбекстанга 151 завод көчүрүп алып келинди жана өтө кыска убакытта ишке түшүрүлдү.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## жылдардын ичинде



## Авиабомбалар



Өзбекстандын калкы мамлекетке 4 миллиондон ашуун тонна пахта, 1 млн 283 миң тонна дан, 200 миң тоннага жакын күрүч, 108 миң тонна картошка, 374 миң тонна мөмө-жемиш, 36 миң тонна кургак мөмө, 57 миң тоннадан ашуун жүзүм, 1,5 млн тоннадан ашуун эт, 5 млн 300 миңге жакын булгаары продуктуларын жеткирип берди.

## Гранаталар



## Санитария поездлери



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Согуштун алгачкы учурларынан эле өнөр жайды аскердик продукт өндүрүүгө ылайыкташтырып кайра ишке түшүрүү чаралары көрүлдү. Натыйжада, 1941-жылдын декабрына келип, республикадагы 230 ишкана коргоо продуктуларын бере баштады.

Фронтко мобилизациялоо шартында жумушчу күчүнүн тартыштыгы барган сайын күчөп отурду. Согушка кеткендердин ордун карыялар, аялдар жана өспүрүмдөр ээледи. Жаштардан жумушчу даярдоодо фабрика-заводдук билим берүү менен кесиптик мектептердин ролу чоң болду. Кийинчерээк, согуштан кайткан майыптар да алар менен бир сапта эмгектеништи.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Өзбек элинин коргоо фондуна кошкон салымын кандай түшүндүрөсүң?
2. Согуштун башталышы менен өлкөнүн ичкерисиндеги абалда кандай өзгөрүштөр жүрдү?
3. QR-коддордо берилген маалыматтар менен таанышып чык. Маалыматтардан инфографика даярда.
4. Айбектин «Күн карайбайт», Өткүр Хашимовдын «Согуштун соңку курманы», Өлмас Умарбековдун «Кыяматтуу карыз», Саид Ахмаддын «Горизонт» чыгармаларынан бирин оку. Согуш жөнүндө кандай маалыматтарга ээ болдуң? Пикирлериңди негизде.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Согуш себептүү айыл чарбасындагы жоготуулар Өзбекстан өңдүү фронт арты аймактары тарабынан капталды. Согуштун алгачкы жылдарында пахтага ажыратылган аянттар кыскартылды жана анын ордуна дан, жер-жемиш эгиндерин өстүрүү жолго коюлду. Айыл чарбасында пайдаланылып жаткан машиналар менен аттардын бир бөлүгү армия үчүн жөнөтүлдү, отун жана минералдык жер семирткичтер жеткирип берүү азайып отурду. Натыйжада кол эмгегине болгон талап ашты.

Айыл чарба продуктуларын көбөйтүү көйгөйүн чечүү үчүн 10 ири жана бир топ чакан ирригация курулуштары пайдаланууга тапшырылды, республикада сугат жер аянттары 345,7 миң гектарга кеңиди.

Жаңы ирригация курулуштары шалы аянттарын кеңейтүүгө да мүмкүнчүлүк берди.

Согуш жылдары иш убактысы чоңдор үчүн 11 саатка чейин, 16 жашка чейин болгон өспүрүмдөргө 10 саатка чейин белгиленди. Кыштак жерлерде 12 жаштан баштап эмгек минимуму киргизилди.



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Самарканд, Фергана, Ташкентте, 1943-жылдан Кашкадарыя облустарында Өзбекстан үчүн жаңы эгин – кант кызылчасына түшүмдүү жерлер ажыратылды. Кант кызылчасын кайра иштетүүчү Зиребулак, Красногвардейск, Кокон жана Жаңыжол кант заводдору курулду. 1945-жылы 1,6 млн центнерден ашуун кызылча мамлекетке тапшырылды, бул бүткүл СССРде өндүрүлгөн канттын чейрек бөлүгүн түздү. Мындан тышкары, күнкарама, зыгыр, жүгөрү, күнжүт өңдүү азык-түлүк продуктуларын, кенап өстүрүү да жолго коюлду.





Книга предоставлена UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ташкентке көчүрүп алып келинип жаткан заводдор



Аялдар эмгек сырларын үйрөнүп жатышат





## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Согуш жылдарында өзбек элинин көчүрүп алып келинген элдерге көрсөткөн мээримдүүлүгү эмнелерде көрүндү?
2. Согуш жылдарында Өзбекстандын айыл чарбасында кандай өзгөрүштөр болду?
3. Үйгө тапшырма. Төмөнкү жадыбалды толтур:

| Коргоо фонду | Өнөр жай | Айыл чарба | Көчүрүп алып келүү |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨЗБЕКСТАНДЫКТАРДЫН ФРОНТТОГУ ЭРДИКТЕРИ ЖАНА КААРМАНДЫКТАРЫ

## БҮГҮН САБАКТА

- Өзбекстандыктардын эрдиги.
- Өзбекстандык генерал Сабыр Рахимов.
- Эскерүү аянты, «Даңк» мамлекеттик музейи орун алган салабаттуу «Жеңиш паркы» эстелик комплексинин курулушу.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Өзбекстан Республикасында 9-май кандай күн иретинде белгиленет?
2. Эмне үчүн бул күн «Эскерүү жана кадырлоо күнү» деп аталган?
3. Элибиздин фронттун артындагы эрдиги жөнүндө кандай чыгармаларды окугансың, же көргөнсүң?

## БИЛЕСИҢБИ?

Ыктыярдуулар, чакыруу жашындагылар да фронтторго жөнөтүлдү. Чындыгында согуш башталган учурда жоокерлер санынын кескин чоңоюшу шартында кийим жана курал жетишпеген, алар даярдык көрбөй согуш талаасына жиберилген эле. Бул болсо согушта чоң жоготууларга себеп болду. Фронттун артындагы чаралар, аскердик окуу машыгуулары, ленд-лиз аркылуу алынган коргоо продуктулары шартты оңдоп барууга мүмкүнчүлүк берди.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Аскердик кызматта болгон миңдеген өзбекстандыктар түрдүү аймактарды коргоодо катышты. Ошонун катарында, Брест чебин коргоодо Авазмат Ниязматов курман болду.

1941-жылдын жайында Самаркандда түзүлгөн мотордоштурулган дивизия Елняга жакын жерде согушка кирди. Аткычтар дивизиясы иретинде түзүлүп, Москванын айланасындагы согуштарда катышты. Анын негизги бөлүгү октябрь айында Вязма шаарынын айланасында курчоодо калып курман болду.


Өзбекстанда 9 өз алдынча аткычтар бригадасы, 5 кавалерия дивизиясы түзүлдү. Бригадалар менен дивизиялардын курамы жергиликтүү улуттардын өкүлдөрүнө таандык 40 жаштан чоң болбогон дени соо жана күчтүү адамдар менен толукталды.

1942-жылы жана 1943-жылдын баштарында 90 жана 94-өз алдынча аткычтар бригадалары Москваны коргоодо жана Сталинград согуштарында катышты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Сабыр Юнусов



Икрам Жалилов



Кочкор Турдиев

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Москванын босоголорун коргогон 316-аткычтар дивизиясынын курамында Ташкент жөө аскерлер окуу жайынын курсанттары да бар эле.

Өзбекстандыктардан 1753 киши «Москваны коргоо үчүн» медалы менен сыйланды. Алардын арасында Сабыр Юнусов, Икрам Жалилов жана башкалар бар эле.

Өзбекстандык жоокерлер Ленинград, Киев, Одесса, Севастополь жана башка шаарларды коргоодо да марттыктын үлгүлөрүн көрсөтүштү. Ошонун катарында, 1941-жылы 15-октябрда Харьков облусундагы Трудолюбовка кыштагы үчүн согушта 47-аткычтар дивизиясынын аткычы Кочкор Турдиев душманга каршы чабуул уюштурууда эрдик көрсөттү. 1942-жылы 27-мартта ага СССР Жогорку Совети Президиумунун буйругу менен өзбектерден биринчи болуп Советтер Союзунун Баатыры наамы берилди.

## БИЛЕСИҢБИ?

Зебо Ганиева Москва үчүн согуштарда медайым, миномётчу жана пулемётчу иретинде катышты. Соң кыска мөөнөттө ал снайперликти үйрөнүп алат жана Ленинград багытындагы согуштардан биринде оор жараланат. Буга чейин З. Ганиева 129 фашистти жок кылган эле.



Зебо Ганиева



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Генерал-майор Сабыр Рахимов полковник Руденко жана генералдын адъютанты Л. Юсупов менен аракеттер планын түзүшүүдө

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Сталинград согушу Экинчи дүйнөлүк согушта түпкү бурулуш жасады. Кавказ үчүн согуштарда Сабыр Рахимовдын командирлигиндеги 395-аткычтар дивизиясы өзүн көрсөттү жана ага 1943-жылдын 19-мартында генерал-майор наамы берилди. Сталинград согуштарында Сабыржон Ахунжанов, Абдулла Аюпов өңдүү миңдеген өзбекстандыктар катышты. Алардын арасында Сталинграддагы «Павлов үйүн» коргогон Камол Тургунов да бар эле. Бардыгы болуп 2 738 өзбекстандык «Сталинградды коргоо үчүн» медалы менен сыйланды. Кавказ үчүн согуштардын жыйынтыктоочу баскычында Самиг Абдуллаев душмандын соккулары астында 3 миңге жакын минаны зыянсыздандырды жана көрсөткөн эрдиги үчүн Советтер Союзунун Баатыры наамына татыктуу болду.



Абдулла Аюпов



Камол Тургунов



Сабыржон Ахунжанов



Самиг Абдуллаев

## БИЛЕСИҢБИ?

Дон дарыясынын оң жээгиндеги Клетский кыштагына жакын жердеги дөңсөөлөрдөн бири үчүн болгон согушта Михаил Кабрибов башчылыгындагы 11 киши 300 душманды жок кылууга жетишти. Бул жерге «Чыгыштык он бир баатырдын дөңсөөсү» наамы берилди. Алардан 8 и өзбекстандыктар эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Курск согушунда Ахмаджон Шукуров, Валдемар Шаландин, Каюмжон Каримов өңдүү миңдеген өзбекстандыктар катышты. Түпкү бурулуш антигитлерчилер коалициясын бышыктады жана Улуу Британия менен АКШ акыры кошуундарын Францияга алып кирүү аркылуу Европада экинчи фронтту ачууга токтом кылды.

Өзбекстандыктар Днепр дарыясын кечип өтүүдөгү согуштарда алдыңкы саптарда болду. Боис Эргашев, Кудрат Суюнов өңдүү көптөгөн өзбекстандыктар Советтер Союзунун Баатыры болушту. Советтер Союзунун Баатыры Абдулла Курбановдун разведкадан душман күчтөрүнүн жайлашуусу жөнүндө маанилүү маалыматтарды алып келиши чечүүчү кужүрмөн операциянын башталышына кызмат кылды.

1944-жылдын жайында Белоруссиянын фашисттерден бошотулушунда Шады Шаимов (өлүмүнөн кийин Советтер Союзунун Баатыры берилген), Эсан Жавбориев өңдүү миңдеген өзбекстандыктар эрдик көрсөтүшкөн. Партизандардын арасында да Ганытай Ташниязов, Лукман Ораков өңдүү өзбекстандыктар көпчүлүктү түзгөн. Ал эми разведкачы партизан Мамадали Тапвалдиев Советтер Союзунун Баатыры наамына татыктуу болду.



Боис Эргашев



Кудрат Суюнов



Абдулла Курбанов



Мамадали Тапвалдиев



Эсан Жавбориев

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1944-жылы Советтер Союзу өзүнүн аймагын толук бошотту, совет кошуундары Чыгыш Европага кирип келди. 6-июнда экинчи фронт ачылды. Өзбекстандыктар Польша, Румыния, Болгария, Югославия, Чехословакия, Венгрия, Австрия өлкөлөрүн бошотууда катышты. Туткунга түшүп, андан качкан өзбекстандыктар да Европадагы Каршылык көрсөтүү кыймылында активдүү катышышты.

## БИЛЕСИҢБИ?

Италиядагы Каршылык көрсөтүү кыймылынын катышуучусу Ахмаджан Мамажоновго баатыр статусундагы «Мекенчил» күбөлүгү берилди. Франциядагы кыймылдын катышуучулары Хашим Исмаилов, Тажибай Зияев ордендер менен сыйланышкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН


1945-жылы 25-мартта Польшанын Данциг (азыркы Гданск) шаары үчүн болгон согушта генерал-майор С. Рахимов оор жарадар болду жана эртеси күнү кайтыш кылды. Ага 1965-жылы Советтер Союзунун Баатыры наамы берилди. Ошондой эле, Польшаны бошотууда Ахмаджон Курбанов, Амирали Саидбеков да баатырларча курман болду.

1945-жылы 16-апрелде башталган Берлин операциясында өзбекстандыктар эрдиктин үлгүлөрүн көрсөтүштү. Одер дарыясын Баатыр Бабаев биринчилерден болуп кечип өттү. 1945-жылы 23-апрелде Берлин асманында байкоочу-учкуч Плис Нурпеисов курман болду.

Берлин операциясы 8-май күнү Германиянын сөзсүз багынышы менен аяктады. Ошол күнү фашисттер Германиясынын капитуляциясы жөнүндөгү Актка кол коюлду. Бул Акт менен Жеңиш Туусун Берлинден Москвага 9-майдын таңында алып келген учкучтардын катарында өзбек Абдусамат Тайметов да бар эле. 9-май СССРде «Жеңиш майрамы» деп жарыяланды.



Ахмаджон Курбанов



Амирали Саидбеков



Баатыр Бабаев



Плис Нурпеисов

## БИЛЕСИҢБИ?

1945-жылдын 23-апрель күнү Тажиали Бабаев Берлиндеги Силез вокзалына биринчи болуп кирди жана тууну тикти.

30-апрелде Гитлер Германиясынын башкы символу болгон Рейхстаг күмбөзүнө биринчи болуп туу тиккен 150-аткычтар дивизиясынын курамында өзбектерден Каримжон Исаков, Гулам Султанов бар эле.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Өзбек учкучтарынан Абдусаттар Эшанкулов Советтер Союзунун Баатыры наамына татыктуу болду. Фронттун түрдүү жерлеринде Мукаддам Ашрапова, ага-ини Исхак жана Хабибулла Камиловдор өңдүү көптөгөн аскердик дарыгерлер миңдеген жоокерлердин өмүрүн сактап калышты. Ал эми медайым Рыхсихан Моминова Эл аралык Кызыл Крест Комитетинин Флоренц Найтингейль медалына татыктуу болду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Экинчи дүйнөлүк согушта Германиянын өнөктөшү болгон Японияга каршы согуш 1945-жылы 9-августка өтөр түнү совет кошуундарынын Ыраакы Чыгыштагы чабуулу менен башталды. Согуштарда Монголия армиясынын кошуундары да катышты. Кыска мөөнөттө Түндүк-Чыгыш Кытай менен Түндүк Кореянын аймактары бошотулду, совет кошуундары Түштүк Сахалин жана Курилл аралдарын ээледи.

Квантун армиясын талкалоодо Адолат Якубов, Пидамат Рисматов, Усман Данияров, Фатхулла Полатов жана башка көптөгөн өзбекстандык жоокерлер катышты.

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында **200 миңден ашуун өзбекстандык аскер жана офицер** күжүрмөн орден жана медалдар менен сыйланды. Алардан **301 и Советтер Союзунун Баатыры** наамына, **70 и үч даражадагы «Даңк» ордени**не татыктуу болду.




## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Мындан тышкары, XX кылымдын 30-жылдарында башка аймактарга кулак катары сүргүн кылынган өзбектер да согушка жөнөтүлдү. Куугунтукталгандардын перзенттери, камактагылар арыздары боюнча айып батальондоруна жибериле башталды. Камактан айып батальонуна жиберилгендерден Инаят Наврозбаев кийинчерээк Советтер Союзунун Баатыры наамына татыктуу болду.



Инаят Наврозбаев

Көптөгөн өзбекстандыктар жарадар болуп, аскердик сапка кайта алышпаса да, эмгек фронтунда күрөштү улантышты.



НАГРАДНОЙ ЛИСТ



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Бул токтомубуздун негизинде Өзбекстан элинин согуш талааларында жана фронттун артында көрсөткөн теңсиз эрдигин жана кайратын тарых барактарында калтыруу, жаш муунубузду Мекенге сүйүү жана берилгендик рухунда тарбиялоо максаты жатат».
Шавкат Мирзиёевдин «Жеңиш багын» ачуу аземиндеги сөзүнөн

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Согушта 538 миңден ашуун өзбекстандык курман болду, ал эми 158 миңден ашуусу дарексиз жоголду. Бул фронтко жиберилген ар үч өзбекстандыктын бири кайтпай калганынан күбөлүк берет...

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Текстти оку «теңсиз эрдиги жана кайраты» сөздөрүнө мисалдарды келтир.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Улуу Жеңиштин даңктуу 75 жылдыгында Өзбекстан элинин фашизмдин үстүнөн ээ болгон жеңишке кошкон салымына арналган китеп-альбом биринчи жолу басылды.

2020-жылы «Даңк» мамлекеттик музейи орун алган салабаттуу «Жеңиш багы» эстелик комплекси курулду.

Бул бакта ошол күнү өткөрүлгөн салтанаттуу аземде Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев сөз алып, элибиздин Экинчи дүйнөлүк согушта ээ болгон жеңишке кошкон салымына тиешелүү жаңы тарыхый маалыматтарды жарыялады.

1995-жылы согуштан кайтпай калган мекендештерибиз жөнүндө маалыматтар чагылдырылган 34 томдук (кийинчерээк дагы кошумча 2 том басылган) Эстелик китеби жана согуш жылдарындагы Өзбекстанга арналган жалпылама том басмадан чыкты.

Алардын ысымдары 1999-жылы Ташкент шаарында курулган Эстелик аянты айвандарынын текчелерине орнотулган темир китептерден жай алды. Каракалпакстан Республикасы, вилаяттар жана район борборлорунда да Эстелик аянттары курулду.

1999-жылдан баштап Жеңиш майрамы «Эскерүү жана кадырлоо күнү» иретинде белгилене башталды.

Элибиздин көрсөткөн эрдигин жана кайратын эсепке алган түрдө Өзбекстанда жыл сайын согуш катышуучуларына 9-майдан алдын бир жолку акчалай сыйлык берилет.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Жеңишке беш перзентин бооруна кайра баса албаган Зулфия Закирова өңдүү энелерибиздин эрдиги, туруктуулугу аркылуу жетиштик. Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев белгилегендей, Жеңиш багынын борборунда «Туруктуулуктун гимни» деп аталган эң чоң эстелик Өзбекстандын бардык энелерине коюлган айкел болуп, Ата мекендин символу иретинде тургузулду.



«Туруктуулуктун гимни» эстелигиндеги энелерге арналган айкел

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Бактын аймагында туткундун оор азаптарына карабай Мекенине берилген, баалуулуктарын сыйлаган март уулдарга арналган Амерсфорт концлагериндеги 101 өзбек туткунунун инсталляциясы тургузулган.

Чындыганда да, согуш жылдарында чоң ата-чоң энелерибиздин эрдигин жана кайратын түбөлүктөштүрүү боюнча жүзөгө ашырылып жаткан иштердин негизинде баатыр элибизге татыктуу сый көрсөтүү сыяктуу чоң ниеттер чагылдырылган.

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Согуштун алгачкы күндөрүндө, Москва үчүн согуштарда фашист баскынчыларына каршы согуштарда өзбекстандык жоокерлер көрсөткөн эрдиктер жөнүндө сүйлөп бер.
2. Согушта түпкү бурулуш жасоого өзбекстандык жоокерлер кандай салым кошушту?
3. Сабыр Рахимовдун эрдигин билесиңби?
4. «Эскерүү жана кадырлоо күнү» мурда кандай аталган? Бул күн жөнүндө эмнелерди билесиң?
5. Амерсфорт концлагериндеги 101 өзбек туткуну эрдигинин негизинде кандай баалуулук жатат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Кошумча окуу үчүн

# ГВАРДИЯЧЫ ГЕНЕРАЛ-МАЙОР САБЫР РАХИМОВДУН СӨӨГҮН ЖЕРГЕ БЕРҮҮ

Ташкент, 27-май. Ташкенттин эмгекчилери өзбек элинин чыгаан уулу, мекенибиздин боштондугу жана көз карандысыздыгы үчүн душманга каршы күрөштө баатырларча курман болгон гвардиячы генерал-майор Сабыр Рахимов менен соңку жолу коштошту.

Биринчи өзбек генералы Рахимовдун сөөгү салынган куту Өзбекстан Жогорку Советинин залына коюлду. Эки күндүн ичинде генералдын сөөгү салынган кутунун алдында он миңден ашуун эмгекчи болду.

Аза митингинде Өзбекстан Эл Комиссарлары Советинин төрагасы АБдурахманов, Орто Азия аскердик округу кошуундарынын командачысы генерал-майор Липатов жана республикада эмгек сиңирген мугалим Хасан ата Исламовдор сөзгө чыгышты.

Өзбекстан КП(б) Борбордук Комитетинин катчысы жолдош У. Юсуповдун сөзүнөн кийин генерал Рахимовдун сөөгү салынган куту төрт кырдуу бүтүн мрамор таштын ичине коюлду.

Өзбекстандын эмгекчилери өздөрүнүн баатыр уулунун элесин жүрөгүндө түбөлүктүү сактайт. Биринчи өзбек генералы Сабыр Рахимовго Ташкентте айкел тургузулат («Кызыл аскер чындыгы» газетасы, 1945-жыл 30-май, 35-сан).

**БИЛЕСИҢБИ?**

«Жеңиш багында» өзбекстандык жоокерлердин өчпөс элесине багыштап, «Түбөлүктүү эрдик» монументи тургузулду. Анын борборундагы баатыр – согуш жылдарында Өзбекстандан гана эмес, жалпы Орто Азия элдеринен чыккан жалгыз генерал Сабыр Рахимов.



«Жеңиш багындагы» «Түбөлүктүү эрдик» монументи



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨЗБЕКСТАНДЫН ИЛИМИ ЖАНА МАДАНИЯТЫ ЖЕҢИШ ҮЧҮН КЫЗМАТТА

## БҮГҮН САБАКТА

→ Өзбекстандын илим, адабият жана искусство өкүлдөрүнүн фашизмге каршы күрөшкө кошкон салымдары.


→ Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында диний мамилелер.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында орус, белорус, украин жана башка эвакуация кылынган адабият өкүлдөрүнүн чыгармачылыгы кандай жүрдү?
2. Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында кайсы окумуштуунун төрөлгөнүнүн 500 жылдыгы белгиленди?



Абдулла Каххар



Хамид Алымжан



Гафур Гулам



Миртемир

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Согуштун алгачкы күндөрүнөн эле Өзбекстандын жазуучу, обончу, режиссёр жана сүрөтчүлөрү өздөрүнүн чыгармалары менен элдин жеңишке жетишүүгө ишеничин бекемдөөгө кызмат кылышты.

Айбектин «Жоого өлүм!», Хамид Алымжандын «Колуңа курал ал!» ырлары кишини Мекенди коргоого үгүттөчү чакырык болуп жаңырды.

Гафур Гулам, Максуд Шайхзаада, Абдулла Каххар, Миртемир, Амин Умарий, Айдын, Зулфия, Мирмухсин, Хамид Гулам, Тураб Төланын кужүрмөн рухтагы чыгармалары да басма сөздүн беттеринде токтоосуз жарыяланып турду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Фронт алды аймактарынан эвакуация кылынган Алексей Толстой, Корней Чуковский, Анна Ахматова, Янка Купала, Якуб Колас, Светлана Сомова өңдүү орус, украин, белорус жазуучу жана акындары менен адабий шериктештик иштери жүргүзүлдү.

Ошонун катарында, «Биз жеңебиз!» альманахы жана «Өзбекстандын акындары – фронтко» антологиясы басмадан чыкты.

1944-жылы өзбек романчылыгынын ири үлгүлөрүнөн бири болгон академик акын Айбектин «Навоий» романы басылды.

Айбек «Фронтту бойлой» деген прозадагы согушнаамасын жазды, Өзбекстан эл сүрөтчүсү Орал Тансыкбаев «Согуштун жолдорунда» деген түркүм чыгармаларын жаратты.


Корней Чуковский


Янка Купала

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Фронтто уюштурулган өзбек тилиндеги газеталарда Жалолхан Азизханов, Мырзакалон Исмаилий, Адхам Рахмат, Назармат, Мели Жора, Ибрахим Рахим өңдүү жазуучу жана акындар иш алып барышты.

Шухрат, Шараф Рашидов, Вали Гафуров өңдүү адабияттын өкүлдөрү согуш талааларында душманга каршы күрөшүштү.

Обиджон Абдурахманов, Султан Жура, Бурхан Турсунов өңдүү көптөгөн жазуучу жана акындар согуш талааларынан кайтпай калды.

30-жылдарда куугунтукка алынган белгилүү өзбек акыны Усман Насыр 1944-жылы Кемеродогу лагерде кайтыш кылды.


Усман Насыр

Согуш Алишер Навоий төрөлгөнүнүн 500 жылдыгы белгилене турган жылы башталды. Ошого карабай, 1941-жылы декабрда курчоодо калган Ленинград шаарында жайлашкан Эрмитаж музейинде илимий форум өткөрүлдү.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

QR-коддо берилген Гафур Гуламдын «Сен жетим эмессиң» ырын кунт коюп тыңша. Анда көтөрүлгөн идея менен өтүлгөн темалардагы маалыматтарды жалпылаштырып презентация даярда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## БИЛЕСИҢБИ?

Мухтар Ашрафий 1942-жылы жараткан жана фашизмге каршы күрөшкө багыштаган «Баатырдык симфониясы» үчүн мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болду. Композитор сыйлык акчасын самолёт жана танк колонналарын куруу фондуна тапшырды.





«Баатырдык симфониясы» 1945-жылы сентябрда АКШда аткарылды жана бир жылдын ичинде Американын радио берүү компаниясы чыгарма жазылган пластинканы массалык түрдө чыгарды.



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Согуш жылдарында Өзбекстандын искусство чеберлери 30 дан ашуун концерт бригадаларынын курамында фронттогу жоокерлерге 35 миңден ашуун жана Орто Азия Аскердик округунун госпиталдарына, аскердик бөлүктөрүнө 20 миң концерт беришти.

Фронт бригадаларынын курамында Тамара-ханум, Халима Насырова, Сара Эшантураева, Мукаррама Тургунбаева, Мухиддин Кары-Якубов, Аброр Хидоятов, Алым Хожаев, Гавхар Рахимова, Карим Закиров өңдүү искусствонун чеберлери бар эле.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1941-жылдын ноябрына чейин Өзбекстанга Украина, Белоруссия жана Россиядан 22 илимий изилдөө институту, 16 жогорку окуу жайы, 2 китепкана эвакуация кылынды.



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1943-жылы 4-ноябрда Өзбекстан ССР Илимдер академиясы түзүлдү. Ага белгилүү өзбек математик окумуштуусу Ташмухаммад Кары-Ниязий (1897–1970) биринчи президент болуп шайланды. Академиянын адистери тарабынан Фархад ГЭСинин долбоору иштеп чыгылды. 1945-жылга келип, Илимдер академиясы ири илимий борборго айланды, анын курамында 20 илимий изилдөө институту, 2 лаборатория жана 1 тажрыйба станциясы бар эле.



Ташмухаммад Кары-Ниязий



Өзбекстан ССР Илимдер академиясынын имараты



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында Германияга жана анын өнөктөштөрүнө каршы «Антифашисттик мамлекеттер уюмун» түзүү учурунда Батыш мамлекеттери Совет өкмөтүнүн алдына бир топ демократиялык талаптарды койду. Талаптар аткарылган жагдайда гана Совет өкмөтү менен аскердик саясий уюмду түзүүгө макул болушаарын билдиришти. Алардан бири динчилдерге жана динге каршы саясатты түптөн өзгөртүү талабы эле.


Батыш мамлекеттеринин талабы жана калкты согушка мобилизациялоонун зарылчылыгы өкмөттү динге жана диний уюмдарга карата саясатты убактылуу болсо да өзгөртүүгө аргасыз кылды. Өлкөдө коммунисттердин идеологиясы орнотулган болушуна карабай, калктын негизги бөлүгүн динчилдер түзгөн. Диний саясатты өзгөртпөй туруп, аларды Германияга каршы күрөшкө тартуу кыйын эле. Ошол факторлор себептүү коммунисттер өкмөтү үчүн диний маселе кескиндешти жана диний саясат убактылуу өзгөртүлдү.

Динге жана диний уюмдарга карата саясаттын убактылуу өзгөртүлгөндүгү төмөнкүлөрдө таасын көрүндү:

1. Динчилдердин артынан түшүү жана динге каршы үгүттөө убактылуу токтотулду. Айрым дин ишмерлери камактан бошотулду. Динге каршы активдүү үгүт алыб барган «Кужүрмөн кудайсыздар уюму» жоюлду жана «Безбожник» («Кудайсыз») журналы жабылды;

2. Мамлекеттин көзөмөлү астында диний уюмдар кайра түзүлдү жана алардын ишкердиги кеңейтилди.

1943-жылы Ички иштер министрлигинин алдында орус православдык чиркөөсү иштеринин өкүлчүлүгү, 1944-жылы бардык диндер үчүн жооптуу «Дин иштери боюнча өкүлчүлүк» түзүлдү. Бүткүл Россия боюнча чиркөө жана ибадатканалар Синодго (православдык чиркөөнүн башкаруу органына) кайтарылды.





UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Эшан Бабахан

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1943-жылы 20-октябрда Ташкент шаарында мусулман өкүлдөрүнүн курултайы болуп өттү. Анда Орто Азия жана Казакстан мусулмандары диний башкармасынын түзүлүшү негизги маселе иретинде коюлду. Президиум түзүү комитетин уюштуруп, Эшан Бабахан башчылыгында «Орто Азия жана Казакстан мусулмандары диний башкармасынын» түзүлүшү жөнүндө токтом кабыл алды. Эшан Бабахан 1943-жылы Орто Азия жана Казакстан мусулмандары диний башкармасынын муфтийи кылып шайланды.

Согуштагы шарт өзгөрүп, советтер бийлигинин сакталып калышы анык болуп калгандан кийин, өкмөт динге карата саясатын кайра өзгөрттү. 1944-жылдын сентябрында коммунисттер партиясынын борбордук комитети кайра динге каршы эски чараларды колдой баштады.

## БИЛЕСИҢБИ?

1944-жылы Эшан Бабахан ибн Абдулмажидхан башчылыгындагы өкүлдөр биринчи жолу Саудия Аравиясына ажы сапарына жол тартышты. Сапар учурунда алар Иран, Ирак, Ливан жана Египетте да болуп, алгачкы жолу чет өлкөдөгү динчилдер менен мамиледе болуу, жеке байланыштарды орнотуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. 1945 жана 1946-жылдарда башка топтор да ажы сапарларын жүзөгө ашырышты. Ошону менен кайра белгилүү мөөнөткө чейин совет мусулмандарынын ажы сапарына барышы токтоп калды.

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Өзбекстан Илимдер академиясынын түзүлүшү жөнүндө сүйлөп бер.
2. Өзбекстанга Батыштан кандай илимий мекемелер көчүрүп алып келинди?
3. Жогорку билим берүү жаатында жагдай кандай эле?
4. Согуш жылдарында чыгарма жазган жазуучу жана акындардан кимдерди билесиң? Ошол жылдарда кандай чыгармалар жаратылды?
5. Үйгө тапшырма. Төмөнкү жадыбалды толтур.

| Өзбек жазуучулары | Көчүп келген жазуучулар | Өзбек окумуштуулары | Көчүп келген окумуштуулар |
|---|---|---|---|
| | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨЗБЕКСТАН ЭЛ ЧАРБАСЫНЫН СОГУШТАН КИЙИНКИ ЖЫЛДАРДАГЫ ӨНҮГҮШҮ

**БҮГҮН САБАКТА**

- Өзбекстан эл чарбасынын тынч өнүгүү жолуна өтүшү.
- Согуштан кийинки куугунтуктоо саясаты.

**ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН**

1. Колхоздоштуруу саясатынан көздөлгөн максат эмне эле?
2. 1933–39-жылдардагы куугунтуктоо саясатында негизинен кимдер куугунтукка алынган эле?



**МААЛЫМАТ ҮЧҮН**

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында калкынын 10 пайызына жакынын жоготкон (курман болгон же дарексиз жоголгон), экономикасынын 60 пайызын согуш сарптарына багыттаган Өзбекстан Республикасы боюн түздөөгө үлгүрбөй туруп, эми пахта «фронтунда» кайрат көрсөтүшүнө туура келген.

Москванын пахтачылыкты өнүктүрүү боюнча Өзбекстандын алдына өтө жогору планды коюшу натыйжасында 1949 жана 1950-жылдарда пландын тапшырмалары аткарылбай калды.

Төртүнчү беш жылдыкта (1948–1952) пахтачылыкка бөлүнгөн аянт 148 миң гектарга көбөйдү, республиканын табигый жана адам ресурстарын ырайымсыз иштетүүнүн эсебине пахтанын жалпы түшүмү ошол доордо кескин жогорулады. Пахта эгилген аянттар колхозчулардын менчик жер мүлктөрүнүн жана үй чарбаларынын эсебинен кескин кеңейтилди.

1950-жылы советтердин саясий жетекчилиги тарабынан колхоздорду ирдештирүү жана аларды адистер менен камсыздоо саясаты башталды. Бул саясат экономикалык гана эмес,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ошондой эле саясий-идеологиялык максаттарды да көздөгөн эле. Иштеп жаткан чакан колхоздордун ордуна дагы да ирирээк колхоздор түзүлдү. Совет өкмөтү жерлердеги партия органдары аркылуу колхоздордун ишкердиги үстүнөн катуу көзөмөл орнотту. Мындай жагдай Өзбекстанда колхоз курулушу жараянынын саясатташтырылганынан күбөлүк берет.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. 1949 жана 1950-жылдарда Москванын пахтачылыкты өнүктүрүү боюнча Өзбекстандын алдына койгон планы эмне үчүн аткарылбады? Себептерин көрсөт.
2. Совет өкмөтүнүн жерлердеги партия органдары аркылуу колхоздордун ишкердиги үстүнөн катуу көзөмөл орнотушунан максаты эмне эле?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Согуштан кийинки жылдарда Өзбекстанда чийки зат жетиштирүү тармагы тез темптер менен өнүктүрүлдү. Нефть, көмүр, электр энергиясын, минералдык жер семирткичтерди, болот өндүрүүнү тез темптерде жогорулатып баруу экономиканын чийки затка багытталгандыгын дагы да бекемдеди.

Бул доордо советтердин куугунтуктоо саясаты улантылып, бул жараян илим жана маданият өкүлдөрүнө каршы өткөрүлгөн кампанияларда көрүндү. Борбордун көрсөтмөсү менен республиканын саясий жетекчилиги илим-билим, адабият жана искусствонун айрым өкүлдөрүн «феодалдык өтмүштү идеалдаштырууда жана андагы айрым ишмерлердин өзбек элинин тарыхындагы ролуна «марксисттик эмес» мамиле жасоо аркылуу баа бергендикте» күнөөлөгөн эле.

Өзбекстан ССР коммунистик партиясы борбордук комитетинин 1952-жыл февралдагы Х пленумунун токтомдорунда бир топ өзбек окумуштуулары жана маданият ишмерлеринин иши катуу сынга алынды, элдик оозеки чыгармаларга өтө терс баа берилди. Ал эми «Алпамыш» эл дастанын таптакыр түркөйлүктө айыпташты. Көп өтпөй «феодалдык өтмүштү идеалдаштыргандыктары» үчүн Айбек, Максуд Шайхзаада, Шукрулла, Хамид Сулайманов жана башкалар куугунтукка алынды.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Дүйнө тарыхынан алган билимдериңе таянып төмөнкү суроолорго жооп бер.

1. Эмне үчүн республикаларда нан менен азык-түлүктүн наркы жогорулап кетти?
2. Ошол жылдарда айыл чарба жаатында кандай саясат жүргүзүлгөн?
3. Шукрулланын «Кепенсиз көмүлгөндөр» деген чыгармасында 50-жылдардын советтик куугунтуктоо саясаты чагылдырылган.

1960-жылдардын башында шаарларда нан да жетишпеген. 1962-жыл 1-июндан өкмөт эт жана майдын наркын убактылуу жогорулатууга аргасыз болду. Жагдай адамдардын, эң мурда, жумушчулардын арасында нааразылыкты келтирип чыгарды. 1963-жылдан баштап өкмөт четтен дан сатып ала баштады.





## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Бул доордо Өзбекстанда түрдүү өнөр жай ишканалары курулган. Мырза чөл, Сурхан-Шерабад, Каршы чөлдөрүнүн өздөштүрүлүшү менен эгин аянттары кеңейтилген.

Советтер Союзунун башкаруусуна ким келишине карабастан, андагы социалдык-саясий, экономикалык турмуштун негиздери кийинки жылдарда өзгөрбөгөн. 1970-жылдарда «СССРде өнүккөн социалистик коом» курулгандыгы жарыяланган болгону менен, иш жүзүндө совет бийлигинин кол астында жашап жаткан элдердин турмуш деңгээли дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүнүкүнөн кыйла артта калды.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1970–1980-жылдардын ортолорундагы доор Өзбекстандын дыйканчылыгы үчүн өтө оор келди. Пахта аянттарынын кеңейип отурушу Өзбекстандын экологиясынын бузулушуна себеп болду.

XX кылымдын 60-жылдарынан сугат эгин аянттарынын кеңейтилиши натыйжасында Арал деңизине Амударыя менен Сырдарыядан куюлган суунун саны жыл сайын азайып отурду. Натыйжада Арал деңизинде суунун деңгээли тез темптерде төмөндөп, ал кургай баштады. Деңиз суусунун шордошуусу жогорулап, балык жана башка суу жаныбарлары кескин азайып кетти. Арал деңизинин кургап барышы Борбордук Азия чөлкөмүнүн жана кошуна мамлекеттердин экологиясына ойго келбеген деңээлде терс таасир көрсөттү.



Мырза чөлдүн өздөштүрүлүшү



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. «Өзбекстандын экономикасынын бир жактуу өнүктүрүлүшү» дегенде эмнени түшүндүң?
2. Өнөр жай ишканалары кандай максаттарда кайра жабдылды?
3. Кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнө эмнелер тоскоол болду? Сенин оюңча, жеке тартиптеги кол өнөрчүлүктүн тыюу салынышына эмне себеп болгон болушу мүмкүн?

## БИЛЕСИҢБИ?

1959-жылы 15-мартта Өзбекстан Компартиясы Борбордук Комитетинин биринчи катчысы кызматына Шараф Рашидов (1917–1983) шайланды. Ал бул кызматта өмүрүнүн акырына чейин натыйжалуу ишкердик көрсөттү.

Шараф Рашидов белгилүү мамлекеттик, саясий, коомдук ишмер жана белгилүү жазуучу болгон. 1917-жылы 8-ноябрда Жызакта туулган. 1950–1959-жылдарда Өзбекстан ССР Жогорку Совети Президиумунун төрагасы кызматында шыктуу уюштуруучу жана чебер жетекчи иретинде жакшы из калтырды. Ш. Рашидовдун жетекчилигинде Өзбекстан экономиканын жана маданияттын өнүгүшүндө белгилүү ийгиликтерге ээ болду. Пахтачылыкты өнүктүрүү, жаңы жерлерди өздөштүрүү, 1966-жылдагы жер титирөөдөн кийин Ташкентти кайра калыбына келтирүү ишине ал көп күч-кайратын сарптады. Ташкент метрополитенинин курулушу анын демилгеси менен башталган. Метрополитендин биринчи бекети (9-бекет) 1977-жылы ноябрда ишке түшүрүлдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1977-жылы 7-октябрда кабыл алынган СССРдин жаңы Конституциясы улуттук республикалардын укугун расмий түрдө чектеди жана Борборго кең ыйгарым укуктарды берди. 1978-жылы ӨзССР да өзүнүн Конституциясын кабыл алды. Конституцияда белгиленген эрежелер кагазда гана болуп, иш жүзүндө ошол доордо бийлик партиясынын идеялары кубатталып, бардык уюмдарда негизги жетекчилик кызматтары коммунисттер партиясынын колунда эле.

Өзбекстанда да бүткүл Союзда болгону өңдүү республиканын Жогорку Совети эч кайсы маселени партиянын Комитеттеринен уруксат албай туруп чече албаган.

Комсомол жана башка уюмдар партия органдарынын көрсөтмөлөрүн аткарууга аргасыз болгон. Буйрукту аткарбаган жетекчилер кызматтарынан бошотулган. Совет бийлигинин тушунда партиянын номенклатурасы (партия органдары менен келишип дайындалган кызматтар) деп аталган тартип-эреже болгон.

Эреже боюнча, жооптуу кызматтарга партиянын мүчөлөрү гана, башкача айтканда коммунисттер дайындалган. Ошону менен бирге, түрдүү деңгээлдеги Советтер, комсомол жана жамаат уюмдарынын жетекчилери коммунистик партия жетекчилиги (Борбордук Комитет, облус, шаар жана район партия Комитеттери)нин курамына киргизилген. Ошентип, партия органдары ошол уюмдар менен кошулуп, аларды өзүнө моюн сундуруп алган.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Экологиялык көйгөйлөрдүн келип чыгышы жөнүндө презентация даярда. Презентацияда төмөнкүлөргө көңүл бур:

- пахта талааларынын кеңейиши жана анын кесепети;
- экологиянын бузулушуна таасири тийген факторлор;
- Арал көйгөйүнүн келип чыгышына Өзбекстан жетекчилигинин мамилеси;
- БУУнун 72-сессиясында Арал менен байланыштуу көйгөйдүн көтөрүлүшү жана эл аралык уюмдардын мамилеси.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

XX кылымдын 60–80-жылдарында Өзбекстанда жергиликтүү калктан тышкары түрдүү чөлкөмдөрдөн көчүп келген орус, татар, украин, корейс жана башка элдер — жалпы эсепте 127 улут жана элет жашаган. 1970–1980-жылдарда республикада орусташтыруу саясаты дагы да күчөйдү. Бул саясат өзбек адабий тилинин өнүгүү жараянына терс таасирин тийгизди. Бирок ошол доордо бул «жалпы совет элинин калыптанышындагы мыйзамдык жараян» иретинде кабыл алынды.

Өзбекстанда заманбап кен-металлургия өнөр жайына негиз салынышы анын индустриалдык көрүнүшүн өзгөртүп жиберди. Көптөгөн жаңы шаарлар жана селолор (шаарчалар) курулду. Айныкса, союзга моюн сунган жана «жабык шаарлар» деп аталган Навоий, Зарафшан жана Үчкудук өңдүү шаарларга башка чөлкөмдөрдөн жумушчу күчү өтө тез алып келинди. Жабык шаарлар жергиликтүү бийликке баш ийбеген. Ал жерлерде жашырын ишканалар жайлашкан болуп, алар Борборго гана эсеп берген.






«Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE»

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



XX кылымдын 70–80-жылдарында республикада жыл сайын болжол менен 50 тонна айланасында таза алтын куймасы даярдалган. Ошол учурда алтындын кору боюнча өлкөбүз дүйнөдө жетинчи орунду ээлеген.

Дүйнөдө эң ири Мурунтоо алтын кени 1961-жылы ишке түшүрүлүп, алгачкы таза куйма алтын (999,9 пробалуу) 1963-жылы даярдалган.

## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Кен-металлургия өнөр жайына өлкөнүн тышкарысынан кадр жана жумушчу күчүн тартуудан көздөлгөн максат эмне эле?
2. Эмне үчүн Навоий, Зарафшан жана Үчкудук өңдүү шаарлар «жабык шаарлар» деп аталган?
3. Совет коомунун саясий системасына кайсы уюмдар кирген? Алардын ишкердигинде кандай маселелерде тоскоолдор болгон?
4. 1978-жылкы Конституциянын Өзбекстандын социалдык-саясий турмушуна таасири кандай болду?
5. Жамаат уюмдары укуктарынын чектелиши кандай кесепеттерге алып келди?
6. Ойлоп көрүп, тыянак жаса жана пикир билдир:

Өзбекстандын жер асты байлыктарынан кымбат баалуу ресурстарды соруп алган Союздун ишканалары алынган кирешенин болгону 1 пайызын жергиликтүү бюджетке өткөргөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1980–1990-ЖЫЛДАРДА ӨЗБЕКСТАН

## БҮГҮН САБАКТА

- Пахта жеке бийлигинин жана социалдык көйгөйлөрдүн күчөшү.
- «Пахта иши» жана анын республикадагы социалдык жагдайга таасири.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Дүйнө тарыхынан алган билимдериң негизинде төмөнкү суроолорго жооп бер:

1. 1980-жылдарга келип СССР мамлекетинин экономикалык өнүгүшүндө кандай көйгөйлөр пайда болду? Алардын Өзбекстанга таасири болдубу? Эмне үчүн?
2. Экономикалык көйгөйлөр кандай саясий көйгөйлөргө себеп болду?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1980-жылдарга келип совет империясы курмакчы болгон «социалистик» түзүлүштүн начардыгы көрүнүп калды. Бирок жалгыз саясий бийлик жана оордошуп бара жаткан жагдай үчүн жооптуу күч – коммунисттер бул чындыкты мойнуна алышы мүмкүн эмес эле. Ошондуктан мурдагы Советтер Союзунун жетекчиси Юрий Андропов бардык көйгөй жана жоготууларда «айыптууларды» табуу жана аларды «совет элине» көрсөтүүгө бел байланды. Мындай «айыптуулар» бат эле Москва, Краснодар облустарында жана Өзбекстан ССРде «табылды». Бир топ адамдарга кызмат ордунан пайдалануу, мамлекеттик мүлктү өздөштүрүү, чоң санда пара алуу айыптары коюлду.





## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Совет бийлигинин, эң мурда, социалдык-экономикалык, андан кийин саясий негизине «ооган согушунун» таасири болгонбу? Эмне үчүн? Пикириңди негизде.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## БИЛЕСИҢБИ?

«Интернационалдык жардам» көрсөтүү шылтоосу менен тынч Ооганстанга бастырып кирүү өтө кымбатка түштү: ал жерде туруктуу сакталган жүз миң жоокерди азык-түлүк, кийим-кече, курал-жарак жана башка зарыл нерселер менен камсыздоо үчүн он жылда 100 000 000 000 рублдан ашуун каражат сарпталды. Өтө жаманы, бул адамзатка каршы согушта 14 500 дөн ашуун совет жоокери, ошонун катарында, 1515 өзбекстандык жоокер курман болду, 100 000 ден ашуун адам оор жараланды же үйүнө майып болуп кайтты.

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

1984-жылы 23-июнда Өзбекстан Компартиясы Борбордук Комитетинин XVI пленумунун токтомдору менен Борбор тарабынан Өзбекстанда «пахта иши» деп аталган саясий куугунтуктоолор башталды.

СССР Башкы прокурорунун алдында өзгөчө маанилүү иштер боюнча атайын тергөөлөр тобу түзүлүп, алардын биринчиси 1983-жылдын баштарында Өзбекстанга жиберилген эле. Ошол атайын тергөө топторунун негизгилеринен бири Т. Х. Гдлян менен Н. В. Иванов жетекчилигинде 1983-жылы апрелде түзүлгөн эле. Алар кийинчерээк Борбордон республикага келген «десантчыларга» таянып, Өзбекстанда кезектеги куугунтуктоону жүзөгө ашырышты.



1985–1990-жылдарда Өзбекстанда «пахта иши» деген жалаа боюнча бардыгы 40 000 адам тергөө кылынды, алардын көпчүлүгү тергөө изоляторлорунда прокурордун санкциясысыз отурду, ал эми 5 000 адам жалган жалаа менен кылмыш жоопкерчилигине тартылды. Тергөө жараянында адам укуктары тепселип, туткундарга күч колдонулуп, рухий басым жасалды. Алардын үй-бүлө мүчөлөрү жана тууган-уруктары да камакка ташталды. Кадрларды алмаштыруу саясаты аянычтуу түс алды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. 1980-жылдардагы куугунтуктоо саясаты мурдагы доордо болгон куугунтуктоодон эмнеси менен айырмаланат?
2. QR-коддо берилген текстти 145-бетинен 165-бетине чейин оку жана ошол доордогу жараяндарга пикир билдир.

## БИЛЕСИҢБИ?

Москванын чыныгы максатын жакшы билген Ш. Рашидов кезектеги «саясий тазалоолордун» мизин колунан келгенинче кайтарууга аракеттенген болсо да, аны таптакыр жоюуга күчү жетпеди. Ага жана өзбек улутуна жасала баштаган ар тараптуу оор жана токтоосуз басым өзүнүн ишин жасады – 1983-жылы 31-октябрда ал жүрөк оорусунан кайтыш кылды.



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Совет режиминин «пахта ишинин» кесепетинде Өзбекстанда миңдеген адамдар бейкүнөө жазаланды. Эл чарбасынын тармактарында кошуп жазуу, паракордук жана коррупцияга байланыштуу кылмыштар СССРдин дээрлик бардык аймактарында жүрүп турган болсо да, «тажрыйба аянты» иретинде Өзбекстан тандалды жана кылмыш иштерине тиешелүү адамдардан тышкары көптөгөн адамдар айыпсыз жазага тартылды. Коммунистик идеологиянын куугунтуктоо саясаты муну менен чектелип калбай, пахта ишин өзбектер ишине айландырууга аракеттенди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## БИЛЕСИҢБИ?

1970–1980-жылдардын ичинде мамлекеттин бюджетинен каражат бөлүү 11 пайыздан 8 пайызга кыскарды, окуу имараттарынын тартыштыгы сезилип калды.

1987-жылы республика жалпы билим берүү мектептеринин 5 596 сында (72,1 %) окуу эки сменада уюштурулган болсо, 1989-жылы Ташкент шаарында 30, Каракалпакстан Республикасында 25 мектеп ал тургай үч сменада иштешине туура келген. Республика боюнча бардыгы болуп 150 миң окуучу үч сменада окууга аргасыз болду.

Советтер мамлекети жана бийликтеги партия орусташтыруу саясатын жалпы билим берүү мектептери аркылуу да улантып, орус маданиятын, тарыхын жана адабиятын мектептерде дагы да тереңирээк окутууга басым жасады. Мисалы, өзбек тилинде билим алган мектептердин ар бир классына орус тилин жана адабиятын үйрөнүү үчүн 3 390 саат берилген болсо, орус тилинде окутулган мектептер үчүн өзбек тилин жана адабиятын үйрөнүүгө 560 саат же дээрлик 6 эсе аз саат берилди.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Орусташтыруу саясаты менен бир убакытта жаштарга атеистик тарбия берүү да күчөтүлдү. Ислам дини «бузгунчу идеялардан турат», деп далилдөөгө аракет жасалды. Бардык жогорку педагогикалык окуу жайларында ар түрдүү атеистик ийримдер, клубдар түзүлдү.

1980-жылдарга келип «Советтер Союзу» деп аталган ири империянын кулашы анык болуп калгандан кийин, өкмөт кайра динчилдерге чабуул баштады. Бул жолу күрөштүн мизи негизинен мамлекеттик орган жана мекемелерде жоопту у кызматтарда иштеп жаткан партия мүчөлөрүнө багытталды. Алар ата-энеси же тууган-туушканы кайтыш кылса, жаназага баргандыгы үчүн басым астына алынды. 1986-жылы КПСС XXVII съездинин «Атеистик тарбия жана аны өркүндөтүүнүн чаралары жөнүндөгү» токтомун аткаруу боюнча «Жаштар жана атеистик тарбия», «Лениндин принциптери атеистик тарбияда», «Дин – бул опиум», «Илимий коммунизм коммунистик тарбиянын ажырагыс бөлүгү» өңдүү доклад жана тегерек стол маектери түзүлдү.

«Дин – бул опиум» деген идея кайра калыбына келди. Диний, ошондой эле, араб алфавитинде жазылган бардык түрдөгү китептер «реакциялык» деп жарыяланды. Үйүнөн ушундай китеп табылган жана намаз окуп, орозо кармаган партия кызматчыларынын артынан түшүү улантылды.

Динге каршы күрөш шылтоосу менен элибиздин байыркы үрп-адаттары, баалуулуктары жексен кылынды. Миңдеген жылдар бою белгиленип келе жаткан Ноорузга диний майрам иретинде таптакыр тыюу салынды.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Өлкөнүн саясий турмушунда 1982–1985-жылдарда болуп өткөн өзгөрүштөр Өзбекстанды да четтеп өтпөдү.

КПСС БК Апрель (1985) пленуму совет коому турмушунун бардык тармактарын терең реформалоо жолун жарыялады. Кайра куруунун негизги курамдык бөлүктөрү деп социалдык турмушту демократташтыруу жана жергиликтүү экономикалык реформа өткөрүү белгиленди.

Кайра куруунун биринчи баскычы (1985–1986-жылдар) административдик уюштуруу чараларын салттык усулдарда жүргүзүү менен түшүндүрүлөт. Бул баскычта илимий-техника өнүгүшүнүн утуктарын өндүрүштө колдоонун негизинде коомдо жергиликтүү экономикалык өркүндөөнү тездетүү жана анын негизинде адам факторун активдештирүү каралган эле.

Кайра куруунун экинчи баскычы (1987–1989-жылдар) коомдун бардык тармактарын комплекстүү түрдө реформалоону күн тартибине койду. Ошонун катарында, 1987-жылы январда жана 1988-жылы июнда бул милдеттер дагы да такташтырылды жана анын негизги максаты совет коомун толук демократташтыруудан турушу баса белгиленди.

Кайра куруу ашкерелик, демократия жана пикирлер ар түрдүүлүгүн белгилүү мааниде күчөтүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Бирок өлкөдө жергиликтүү демократиялык өзгөрүштөрдү жүзөгө ашырууга, башталган реформаларды акырына жеткирүүгө болбоду.



## БИЛЕСИҢБИ?

Өлкөдө болгон кайра куруу коомдун социалдык жана саясий түзүлүшүндө бир топ өзгөрүштөрдү келтирип чыгарды. КПССтин совет коомуундагы жетекчилик аброюна зыян жетти, шайлоо системасын өзгөртүү жөнүндө мыйзам кабыл алынды.

Кайра куруу акыр-аягында саясий жактан куру сөзгө айланып, жергиликтүү демократиялык өзгөрүштөрдү жүзөгө ашыруу жана башталган реформаларды акырына жеткирүү мүмкүнчүлүгүн бербей жеңилип калды. М. С. Горбачёвдун идеясынын негизинде кайра курууну жүзөгө ашырууга болбойт эле. Анткени социализм чөйрөсүндөгү мүлк мамилелери, социалдык тармактагы саясат, улуттук жана диний саясат, жеке партиялуу жетекчилик жана зөөкүрлөрчө башкаруу усулу эч качан демократия жана ашкерелик менен келише албаган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Борбор тизгинди колдон бербестик үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү ишке салып жаткан бир шартта 1989-жылдын май-июнь айларында Кувасайда жаштардын ортосунда болгон ээн баштык өрөөндө улуттар аралык кагылышууну (месхети түрктөрү менен жергиликтүү жаштардын ортосунда) келтирип чыгарды. Ал Фергана өрөөнүнө жана Ташкент облусуна таралып, кооптуу түс алды.

1989-жылы 7–8-июнда Кокон шаарында жергиликтүү калк катышкан тынч демонстрация аскердик бөлүктүн аскерлери тарабынан окко тутулушу натыйжасында 50 дөн ашуун демонстрант курман болду. Расмий маалыматтарга караганда, 1989-жылы 3–12-июнда Фергана облусунда болгон улуттар аралык кагылышуунун жана демонстранттардын аскерлер тарабынан окко тутулушу натыйжасында 103 киши курман болгон, 1011 киши жаракаттанган жана 757 үйгө өрт коюлуп, ойрондолгон.

Фергана трагедияларынан кийин Өзбекстандын жаңы саясий жетекчилиги бул маселеде принципиалдуу позицияны ээледи.



## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. Текстти оку. Тексттин негизинде колониалдык доордо динге карата болгон саясатка баа бер.

«1984-жылы Өзбекстан Коммунистик партиясы борбордук комитетинин XVI пленумунда партия мүчөлөрүнүн жакындарын көмүүдө, жаназаларында катышуусу «саясий жактан зыяндуу, социалдык жактан кооптуу», деп бааланды.

2. Пайда болгон көйгөйлөр билим берүүгө кандай таасир көрсөттү?
3. Т. Х. Гдлян жана Н. В. Иванов жетекчилигинде 1983-жылы апрелде түзүлгөн атайын тергөөчүлөр тобунун максаты эмне эле?
4. «Кайра куруу» саясаты дегенде эмнени түшүнөсүң?
5. Фергана трагедиясынын башка аймактарга таралышына эмнелер себеп болгон?
6. Фергана трагедиясына себеп эмне, анын кесепеттерин билесиңби?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Кошумча окуу үчүн

## ШАРАФ РАШИДОВ



1941-жылы башталган согуш көпчүлүк катары Ш. Рашидовдун да турмуштук пландарын өзгөртүп салды. Ошол жылы ноябрда Фрунзе (азыркы Бишкек) жөө аскерлер окуу жайын тездетилген программанын негизинде аяктагандан кийин кенже политрук (Советтер Армиясында өздүк курамдын саясий даярдыгы менен алектенген командир) Ш. Рашидов Калинин фронтуна жөнөтүлдү. Ага жакын болгон адамдардын айтышынча, ал өзүнүн согуш доорундагы турмушу жөнүндө көп сүйлөгөндү жактырбаган.



…1966-жыл 26-апрелдин таңы. Саат 5 тен 23 минут өткөндө Ташкентте Рихтер шкаласы боюнча 8–9 балл менен жер титиреди. Жердин катуу титиреши 10–12 секундга созулду. Жагдай 10 квадрат километр аянттагы үйлөрдүн ойрон болушуна алып келди. Жер титирөө горизанталдуу эмес, вертикалдуу болгондуктан, кыйроолор жана курмандар салыштырмалуу аз эле. 8 киши курман болду, жүздөгөн адамдар жаракат алды. 2 миллион квадрат метрден ашуун турак-жайлар, 236 административдик үйлөр, 700 гө жакын соода жана жалпы тамактануу объекттери, 26 коммуналдык ишкана, 181 окуу жайы, 36 маданият органдары, 185 медициналык жана 245 өнөр жай ишканаларынын имараттары бузулду. 78 миң үй-бүлө же 300 миң киши баш маанексиз калды. Жыл бою 7 баллга чейин болгон жер титирөөлөр кайталанып, дайыма адамдардын тынчын алып турду. Жер титирөөнүн эртеси күнү Ташкентке КПСС Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Л. Брежнев жана СССР Министрлер Советинин төрагасы А. Косыгин жетип келди. Ш. Рашидов борбордогу жагдай боюнча маалымат бергенден кийин, адистердин катышуусунда Ташкентти кайра калыбына келтирүү боюнча токтом кабыл алынды.

Ш. Эргашевдин
«Эркти самайт көңүл» китебинен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨЗБЕКСТАНДА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ АКТИВДҮҮЛҮКТҮН ЖАНА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫКТЫ КАРАЙ УМТУЛУУНУН КҮЧӨШҮ

## БҮГҮН САБАКТА

- Өзбек тилине мамлекеттик тил статусунун берилиши.
- Өзбекстан ССР саясий жетекчилигиндеги жаңы өзгөрүштөр.
- Көз карандысыздык Декларациясы жана анын мааниси.
- Өзбекстан Республикасынын көз карандысыздыгынын жарыяланышы.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

- Дүйнө тарыхы менен байланыштыр.1990-жылдарга келип дүйнөнүн саясий картасында кандай өзгөрүштөр болду? Мунун себеби эмне эле?

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Советтер Союзунун жетекчилиги, айныкса, атайын кызматтар улуттук республикаларды, ошонун катарында, Өзбекстанды кол астында кармап туруу үчүн бар күчүн ишке салды. Мисалы, Фергана, Кокон, Кувасай, Гүлстан, Паркент, Бөкөдө улуттар аралык чырларды чыгаруу аркылуу адамдардын көңүлүн алагды кылуу, аларды бастыруу аркылуу улуттук-боштондук кыймылын токтотууга катуу бел байлашты.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

Бул өтө кооптуу жана оор доордо – 1989-жылы 23-июнда Өзбекстан ССРдин жетекчилигине Ислам Каримовдун келиши мамлекеттин көз карандысыздыгын калыбына келтирүү жараянына республикадагы алдыңкы жана эркин пикирлөөчү башкаруучуларды да тартуу мүмкүнчүлүгүн туудурду. Эмнеге дегенде, партия, аткаруу жана өкүлчүлүк органдарында, аскерлештирилген түзүлүштөрдө Өзбекстанды эркин көрүү, өз алдынча өнүгүү жолуна толугу менен өтүү көз карашы менен жанган адамдар аз эмес эле.

Көз карандысыздыкты карай максатка ылайык аракет өзүнүн натыйжасын бере баштады. 1990-жылы 24-мартта Өзбекстан ССРдин Жогорку Совети Ислам Каримовду Өзбекстан ССРдин президенти кызматына шайлады.

Ошол жылдын 20-июнунда Көз карандысыздык Декларациясы кабыл алынды. Бул тарыхый документтин кабыл алынышы мамлекеттик көз карандысыздыгыбызды калыбына келтирүүнү карай коюлган салмактуу кадам болду.

1989-жылы 21-октябрда республика Жогорку Советинин XI сессиясы «Өзбекстан ССРдин мамлекеттик тили жөнүндөгү» Мыйзамды кабыл алып, өзбек тилине мамлекеттик тил статусун берди.






Бул өңдүү кескин жана алдыңкы өзгөрүштөр башка республикаларда да боло баштаган шарттарда Москвадагы империячыл күчтөр 1991-жылы 19-августта мамлекеттик төңкөрүш уюштуруу аркылуу СССРди сактап калууга аракеттенип көрдү. Бирок бул кыймыл-аракеттер үч күндөн узабай токтоду. Өзбекстанда көз карандысыздыкты карай аракеттер мындан да күчөдү.

Өзбекстан ССР Президентинин 25-августтагы буйругу менен республика Ички иштер министрлиги жана мамлекеттик коопсуздук комитети Өзбекстан ССРдин мыйзамдык карамагына алынды, СССР Ички иштер министрлигинин ички кошуундары түздөн-түз Өзбекстан ССРдин Президентине баш ийдирилди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Акыр-аягында, өзбек элинин канчалаган мууну эңсеп күткөн күн келди. 1991-жылдын 31-августунда Өзбекстан ССР Жогорку Советинин он экинчи чакырык кезектен тышкары 6-сессиясында Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө Жогорку Кеңештин декларациясы жана Өзбекстан Республикасынын «Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик көз карандысыздыгынын негиздери жөнүндө» Мыйзамы кабыл алынды.

Ошентип, 1991-жылы 31-августта өзбек эли бир кылымдан ашуун көз карандылык доорунан кийин өзүнүн улуттук мамлекетчилигин калыбына келтирүү боюнча тилегине жетишти. Дүйнөнүн саясий картасында өтө байыркы мамлекетчилик салттарына ээ Өзбекстан Республикасы пайда болду.

Мындай сейрек окуя аз дегенде 3 500 жылдык өтмүшкө ээ өзбек элинин жана мамлекетчилигинин тарыхына алтын тамгалар менен жазылды.

Эгемендүүлүк элибиздин XX кылымда жетишкен эң улуу жетишкендиги, ата-бабаларыбыз төккөн ыйык кандын натыйжасы болуп эсептелет.



## САБАКТАН ТЫЯНАК ЧЫГАРЫП

1. 1989-жылы 23-июндан Өзбекстандын Союздагы ордунда кандай өзгөрүштөр болду?
2. Көз карандысыздык Декларациясы кандай укуктук мааниге ээ документ болгон?
3. «Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик көз карандысыздыгынын негиздери жөнүндөгү» Мыйзам кандай максаттарды өз ичине алды?
4. QR-коддо берилген декларацияны оку. Анын мазмунун сүйлөп бер. Эгемендүү Өзбекстан Республикасынын Конституциясы кабыл алынганга чейин бул документ кандай статуска ээ болгондугун ойлоп көр. Пикириңди 3-суроодо берилген мыйзам менен негизде.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Терминдердин түшүндүрмөсү

**Автономия** *(грекче – мыйзам)* – кандайдыр аймактын мыйзам менен чек араланган мамлекеттик бийлигин өз алдынча жүзөгө ашыруу укугу.

**Агартуу** *(арабча)* – адамдардын билимин жана аң-сезимин байытууга каратылган билим берүү, тарбия.

**Басма сөз** *(арабча – басма чыгармалар)* – газета, журнал жана китептер комплекси.

**«Басмачылык»** – Түркстанда 1918—1925-жылдары кең эл массасы өкүлдөрүнүн баскынчы кызыл армияга каршы алып барган куралдуу кыймылына совет өкмөтүнүн тушунда берилген наам.

**Бий соттору** – уруунун каада-салттарына таянып иш көрүүчү сот.

**Большевик** *(орусча большой, больше – чоң; көп)* – Россия социал-демократиялык жумушчу партиясынын 1903-жылдагы II съездинде партия мүчөлөрү көпчүлүгүнүн негизинде түзүлгөн тобу большевиктер, ал эми азы меньшевиктерге бөлүндү.

**Бюро** *(фр. деванкана, кеңсе)* – кээ бир мекеме, уюмда жетекчилик ишин алып баруу максатында шайлана турган же түзүлө турган коллегиалдык орган.

**Вассал** – бир мамлекеттин башка бир мамлекетке моюн сунуу тартиби.

**Вице-президент** *(лат. вице — ордуна – «орунбасар», «жардамчы»)* . Вице-президент – президенттин орунбасары.

**Волость** – уезддин курамына кирген бир нече кыштак же аулдардан турган аймактык бөлүнмө.

**Гимназия** – айрым предметтерге адистештирилген жана алар боюнча терең билим бере турган окуу мекемеси.

**Декларация** — өкмөттүн, кандайдыр уюмдун маанилүү бир документти, мыйзамды, окуяны көпчүлүккө жеткирүүчү баяндамасы.

**Делегат** *(латинче – жиберген)* – кандайдыр уюм, жамаат тарабынан ыйгарым укук менен шайлап же дайындап жиберилген өкүл.

**Десятина** *(орусча десять – он)* – метрикалык система кабыл алынганга чейин Россияда колдонулган, 1,09 гектарга тең жер аянтынын өлчөмү.

**Дума** *(орусча – ойлоо, пикирлөө)* – Россия империясынын мыйзам чыгаруучу бийлиги, шаар думасы – шаардын өзүн өзү башкаруу органы.

**Жадид** *(арабча)* – «жаңы» деген маанини билдирет.

**Жебечи** *(жева, жибе – курал-жарак)* – курал-жарак жасаган кол өнөрчү же куралкананын башчысы.

**Исправник** – уезд полициясынын башчысы.

**Кадеттер** – «конституциялык демократтар» бирикмесинин башкы тамгаларынан алынган. Россияда 1905-жылы түзүлгөн, конституциялык-демократиялык партия деп аталган партиянын мүчөлөрү.

**Казы соттору** – шариат эрежелеринин негизинде иш көргөн соттор.

**Касаначилик** – үйдө жалданып эмгектене турган кол өнөрчүлүк.

**Коллективдештирүү** – чакан дыйкан чарбаларынан массалык түрдө ири коллективдүү чарбаларды (колхоздорду) түзүү.

**Концентрациялык лагерь** *(лат. – кандайдыр нерсенин топтолушу)* – бир жерге топтоо, чогултуу. Концентрациялык лагерь – бул саясий камалгандар сакталуучу атайын лагерь.

**Консервативдүү** *(латинче)* – эски түзүлүштүн жактоочулары, реформа жана өзгөрүштөргө каршы тургандар.

**Консервативдүү** *(арабча – өтө берилген)* – динге катуу берилген, анын эрежелерине сөзсүз баш ийүүчү.

**Корбашы** – орто кылымдарда Орто Азия хандыктарынын курал-жарак кампасы (кору) үчүн жооптуу адам жана курал-жарак, түрдүү жарактар жана замбирек жасоо ишканаларынын (коркананын) башчысы, Түркстан өлкөсүндө Октябрь төңкөрүшүнө чейинки доордо жергиликтүү полициянын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

башчысы, кийинчерээк Түркстанда советтер режимине каршы эгемендүүлүк кыймылы жетекчилеринин наамы.

**«Кошчу»** – кош айдаган адам, дыйкан. «Кошчу» – дыйкандарды идеялык жактан бириктирип турган уюм.

**«Кулактар»** *(орус. кулачество — чоң муштум)* — колониалдык советтер режиминин бакубат жана орто абалдагы дыйкандарды кыштак буржуазиясы иретинде жоюу саясаты.

**Манифест** *(латинче)* – өкмөттүн маанилүү окуя себептүү элге жасаган жазма кайрылуусу, мыйзамдын күчүнө тең документ.

**Монокультура** – которуштуруп эгүүгө баш ийбеген түрдө талаада бир түрдүү гана эгинди үзгүлтүксүз өстүрүү.

**Национализация** *(англ. – улут, эл)* – айрым адам же бирикмелердин менчик мүлкү болгон жер, өндүрүш ишканалары, транспорт жана башкаларды мамлекеттин карамагына алуу.

**Оппозиция** *(араб. – тескери, карама-каршы)* – карама-каршы пикирде болгон, каршы чыгуучу, каршы.

**Падышалык Россия** *(Царская Россия)* – орус тилинде падыша сөзү «царь» деп айтылат.

**Паранжы** – көпчүлүк мусулман аялдар жат эркектерге ачык көрүнбөстүк үчүн башына жамынып алган, өлчөмү кең жана узун тон көрүнүшүндөгү, жасалма жеңдүү жамынгыч (аялдын бети чүмбөт менен жабылат).

**Партия** (араб. фирка – топ) – максаты, идеясы, көз карашынын бирдейлиги жагынан бириккен адамдардын тобу.

**Полиция** *(немисче – административдик)* – жамаат коопсуздугун камсыздоочу уюм.

**Протекторат** *(латинче – демөөр)* – колониалдык өлкөнүн көз карандылыгынын бир түрү. Мындай өлкө ички саясатта бир топ көз карандысыз болсо да, тышкы саясаты баскынчы мамлекеттин колуна өтөт. Экинчи жактан, көптөгөн баскынчы мамлекеттер экономикалык жактан начар мамлекеттерге «демөөрчү» көрүнүшүндө ээлик кылышы.

**Пуд** – 16,38 кг га барабар оордук чен бирдиги.

**Радикалдык** *(латинче – түптөн)* – кескин жана катуу чараларды жактоочу.

**Референдум** *(лат. – кабар берилүүгө тийиш болгон нерсе)* – мамлекеттик мааниге ээ олуттуу маселелер боюнча өткөрүлө турган, кээде мыйзам кабыл алуу үчүн негиз болуп кызмат кылган жалпы элдик суроо, добуш берүү жолу менен элдин пикирин билүү.

**Төрө** – жогорку катмарга таандык киши. Хива хандыгында хандын туугандарына жана жакындарына берилген наам.

**Тузем** – жергиликтүү калктын баскынчылар тарабынан аталышы.

**Убактылуу** – убактылуу, белгилүү мөөнөткө түзүлгөн өкмөт

**Участка приставы** – калк жашаган пункттун көзөмөлчүсү.

**Уезд** – районго тете административдик-аймактык бөлүнмө.

**Федерация** *(латинче – уюм болуп бекемдөө)* – мамлекеттердин өз саясий көз карандысыздыгын белгилүү көлөмдө чектөө жолу менен жалгыз уюмга биригиши.

**Фронт** – согуш башталышы менен куралдуу күчтөр курала турган оперативдик-стратегиялык бирикме, ошондой эле, аскердик аракаттер майданында кошуундар алдыңкы бөлүнмөлөрүнүн жайылышы жана душман менен кагылышуу сызыгы.

**Чүмбөт** – аттын куйрук кылынан токулган, паранжынын астынан бетке тосулуучу тор парда.

**Эсерлер** [С (эс) – социалдык, Р (эр) – революциялык] – социал-революционерлердин кыскача аталышы. Алар советтердин ичинде дыйкандардын кызыкчылыгын коргогон топ эсептелген.

**Эвакуация** *(лат. – бошотуу, жеке коюу)* – адамдарды, уюм жана ишканаларды, көркөм жана башка баалуулуктарды согуш, табигый кырсык өндүүлөрдүн коопунан сактоо максатында бир жерден башка жерге көчүрүү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Мазмуну

Киришүү ....................3
Россия империясынын баскыны алдында Бухара амирлигиндеги, Кокон жана Хива хандыктарындагы социалдык-саясий жана экономикалык жагдай ....................6
Россия империясынын Орто Азияга жортуулу жана Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүлүшү ....................19
Бухара амирлиги менен Хива хандыгынын Россия империясынын вассалына айланышы ....................26
Түркстан өлкөсүндө саясий-административдик башкаруу системасы ....................33
Түркстанда Россия империясына каршы улуттук-боштондук кыймылдары ....................39
Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышы жана анын Түркстанга таасири ....................46
Түркстанда 1916-жылкы козголоңдун башталышы ....................49
XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын баштарында Бухара амирлиги ....................53
XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын баштарында Хива хандыгы ....................58
XIX кылым экинчи жарымы – XX кылымдын баштарында каракалпактардын маданияты ....................62
Түркстанда жадидчилик кыймылы ....................66
Жадидчилик кыймылынын өкүлдөрү жана алардын ишкердиги ....................71
Түркстанда илим-билим жана маданият ....................80
Түркстан өлкөсү 1917-жылдын февраль-октябры аралагында ....................90
Жаш бухаралыктардын ишкердиги жана Бухара амирлигинин жоюлушу ....................93
Хива Хандыгынын жоюлушу ....................99
Түркстан автономиясы ....................102
Түркстан өлкөсүндө совет бийлигинин башкаруу системасынын орнотулушу ....................105
Түркстан АССР, БЭСР жана ХЭСРде советтер бийлигине каршы куралдуу кыймылдар ....................109
Орто Азияда аймактык чек араланую ....................116
Өзбекстан ССРдин түзүлүшү ....................121
Совет бийлиги жүзөгө ашырган реформалардын мазмуну. Индустриялаштыруу саясаты жана анын натыйжалары ....................126
Өзбекстанда совет бийлиги жүргүзгөн маданий саясат ....................133
Совет бийлигинин Өзбекстандагы куугунтуктоо саясаты ....................139
Өзбекстан Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында ....................143
Өзбекстан 1941–1945-жылдардын ичинде ....................151
Өзбекстандыктардын фронттогу эрдиктери жана каармандыктары ....................155
Гвардиячы генерал-майор Сабыр Рахимовдун сөөгүн жерге берүү ....................163
Өзбекстандын илими жана маданияты жеңиш үчүн кызматта ....................164
Өзбекстан эл чарбасынын согуштан кийинки жылдардагы өнүгүшү ....................170
1980–1990-жылдарда Өзбекстан ....................177
Шараф Рашидов ....................184
Өзбекстанда социалдык-саясий активдүүлүктүн жана көз карандысыздыкты карай умтулуунун күчөшү ....................185
Терминдердин түшүндүрмөсү ....................187



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**O‘quv nashri**

Tillaboyev Soyibjon Bakijonovich, Kenjayev Dilshod Mutalibovich,
Мустафayeva Nodira Abdullayevna, Akbar Zamonov Turg‘inovich,
Sagdullayev Kozimxon, Po‘latova Sevara Akmalovna,
Nargiza Ismatova Каmaritdinovna, Rahimdjonov Durbek Abidjanovich,
Irziyev Bahrom Shaymamatovich, Abdullayev Jamshid Djamilovich,
Qudratova Nilufar Shuhrat qizi

# O‘ZBEKISTON TARIXI

## (XIX ASR IKKINCHI YARMIDAN – XX ASR OXIRIGACHA)

Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining
10-sinf darsligi

(Qirg‘iz tilida)

Котормочу А. Зулпихаров
Редактору М. Абдыманапова
Техникалык редактору М. Олимбекова
Сүрөтчү Ж. Азимов
Компьютерде беттеген Ж. Азимов
Корректору Р. Матбобоева

2022-жылы 00-сентябрда басууга уруксат берилди. Форматы
60x84$^{1}/_{8}$. «Arial» гарнитурасы, офсет усулунда басылды.
Басма табагы 24,0. Шарттуу басма табагы 22,32.
Нускасы 000. Буюртма 000.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| Т/н | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлери негизинде толтурулат.**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин алгачкы жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, көчпөгөн, беттеринде жазуу жана чийүүлөр жок. |
| Канааттандырарлуу | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, четтери жешилген, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу ремонттолгон. Көчкөн барактары кайра ремонттолгон, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттандырарлуу эмес | Мукабага чийилген, ал жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлуу эмес ремонттолгон. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, чийип, боёп салынган. Калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE